**Ж. Бейшебаева**

# БАЛА БАКЧАЛАРДА БАЛДАРДЫ ОКУТУУДА ЖАНА ТАРБИЯЛООДО УЛУТТУК ПЕДАГОГИКАЛЫК ОЮНДАРДЫ КОЛДОНУУ

(*методикалык сунуштама*)

Нарын шаары

## РЕДАКЦИЯЛЫК КЕҢЕШ

Жаныгулов К.И. – жооптуу редактор
Молдарынова А.К. (жооптуу секретарь) – НМУнун алдындагы мугалимдердин билимин жогорулатуу жана адистерди кайра даярдоо Борборундагы кыргыз тили жана адабияты кабинетинин башчысы.
Ботоканова С.С. Борбордук методисти
Сыдыкова Г.Т. (терүүгө даярдаган) Борбордун программисти.



Бейшебаева Жанымгүл.
Бала бакчаларда балдарды окутууда жана тарбиялоодо улуттук педагогикалык оюндарды колдонуу: Метод. сунуштама - Б.: 2007.-136 б.

ISBN 978-9967-24-006-3


Бул жыйнакта № 15 автордук «Бактылуу балалык» бала бакчасынын ысы Бейшебаева Жанымгүлдүн улуттук оюндарды камтыган ымачылык иши жалпы бала бакчаларда тарбиялануучуларга билим берүүдө нуу үчүн сунушталды.


5000000-07
978-9967-24-006-3

УДК 373
ББК 74.1



© Нарын мамлекеттик университети

# БЕЙШЕБАЕВА ЖАНЫМГҮЛ

*Нарын шаарындагы №15 автордук «Бактылуу балалык» бала бакчасынын жетекчиси.*

Бейшебаева Жанымгүл 1954-жылы 1-январда Кочкор районуна караштуу Чолпон совхозунун Аракөл айылында туулган.

1971-жылы В.В.Маяковский атындагы кыз-келиндер институтуна кирип, 1975-жылы ийгиликтүү аяктайт.

Алгачкы эмгек жолун ушул эле жылы Кочкор айылында №1 бала бакчада тарбиячылык кесип менен баштайт. Андан соң Нарын шаарына келип 1976-жылдан баштап №36\7 П\Я УИТУ «ведомстволук» бала бакчасында, 1982-жылга чейин тарбиячы, ушул эле жылы бала бакча башчысы болуп эмгектенет.

1987-жылы конкурска катышып жаңы ачылган 280 орундуу типтүү «Бактылуу балалык» балабакчасына методист болуп которулат да, 1992-жылы ушул эле бала бакчада «Автордук бала бакча» деген наам берилгенден баштап «илимий иштер боюнча усулчу» деген кызматка которулат.

2005-жылы бала бакчанын башчысынын орун басарлыгына дайындалат.

2006-жылы конкурстун негизинде ушул эле бала бакчанын башчылыгына даындалган.
Бала бакчага көптөгөн жаңылануууну, «Ыйман» жана «Жаратылыш», англис, орус тилдерин киргизет. Балдардын жаш өзгөчөлүгүнө жараша «Ыйман» жана «Жаратылыш» сабактары үчүн 36 сааттык окутуу программасын иштеп, «Элдик педагогиканын казнасы» деген тема боюнча улуттук каада-салттарды, оюндарды кайрадан жаш өзгөчөлүгүнө жараша классификациялап чыкты.

Бейшебаева Жанымгүл билимдүү адис, өз ишин дайыма так жана тыкан аткарат. Мүнөзү чечкиндүү, уюштургуч, коомдук жумуштардын активдүү катышуучусу. Бир нече сыйлыктардын: ОблОНОнун, МНОнун ардак грамоталарынын, «Эл агартуу» отличниги наамынын ээси.

# Бала бакчаларда балдарды окутууда жана тарбиялоодо улуттук педагогикалык оюндарды колдонуу.

## *Кириш сөз.*

Улуттук педагогика качан пайда болгон? Кыргыз эли өзү көчмөндүү калк болгон, өзүнө жараша жашоосуна ылайык маданияты, үрп-адаты, каада-салты, оюн-зооктору болгон. Улуттук педагогика улут пайда болгон мезгилде кошо жаралган. Адамдардын психикасына жаратылыш чоң таасирин тийгизет. Курчап турган айлана-чөйрө, бир улут менен экинчи улуттун жакындашуусу, бир-бирине жасаган мамилеси аркалуу кээ бир учурларда бир улут менен экинчи улуттун каада-салты, үрп-адаты, оюн-зоокторy жакындашып окшошуп турат. Бирок элдик педагогика менен улуттук педагогиканын ортосунда айырмачылык бар.. Мисалы: Элдик педагогика — бул жалпы элдик педагогика, бардык жашаган адамдарга тиешелүү. Ал эми улуттук педагогика - бул бир гана улутка тиешелүү.

Бүгүнкү күнгө чейин биздин мамлекет советтик педагогиканы окутуп үйрөтүп келген. Улуттук педагогиканын асыл жактары эске алынган эмес, ал тургай тыйуу да салынып келген. Улуттук педагогиканын балдарды тарбиялоодо, аларды ыймандуулукка, боорукердикке тартууда мааниси чоң. Мисалы: Илгери айыл аксакалдары эле бирөөнүн баласы тентек кылса, же көчөдөн терс кылык-жоруктарын көрсө тыйып койчу, акыл-кеңешин айтып уяткарып койучу. Кыргыз эли эч убакта балдарын уруп-сабап тарбиялаган эмес, алар үчүн көтөрүңкү үн, же болбосо акырая карап коюу гана жетиштүү болгон. Кыргыз элинде жумуштун көпчүлүгү күч эмгеги менен жасалгандыктан балдар үчүн бош убакыт болгон эмес, алар өздөрүнүн жаш өзгөчөлүгүнө жараша дайыма эмгектенип турушкан. Аз да болсо бир нерсе жасоого аракеттенишкен. Көп балалуу үй-бүлөлөрдө улуусунун жасаганын дайыма кичүүсү туурап жасоого аракеттенген.

Ошондуктан улуттук педагогикада мындай ыкмаларды пайдалануу бала-бакчаларда чоң натыйжаларды берет. Мисалы: Бул үчүн аралаш топторду, же үй-бүлөлүк топту түзүү керек.

Улуттук педагогиканын булактары болуп төмөнкүлөр эсептелинет :

*а) элдик оозеки чыгармачылык; бала төрөлгөн күндөн баштап ага арналып бешик ырынын ырдалышы, жомоктор, аңгемелер, бат айтмалар, макал-ылакаптар.*

*б) улуттук оюндар; кыймылдуу оюндар, манжа оюндары ж. б.*

*в) эмгектин ар түрдүүлүгү; оюн түрүндө, тапшыруу түрүндө.*

*г) элдик педагогдор; чоң ата, чоң эне, ата-энелер, улуу муундар, айыл аксакалдары.*

*д) элдик кол өнөрчүлүк; прикладдык искусство.*

*е) элдик ар кандай көз караштар; майрамдар, салттар, үрп-адаттар.*

Улуттук педагогиканын негизги багыты болуп үй-бүлө ортосундагы маданият байланышы, ыймандуулук жактан тарбиялоо, эмгекке тарбиялоо, эстетикалык жактан тарбиялоо, экологиялык тарбия берүү, укук тарбиясы, дене-тарбиясы кирет. Үй-бүлөдөгү тарбия балдарга кай жагынан болбосун чоң таасир берет. Мисалы: ата-энесинин, өзүнөн улуу бир туугандарынын жасагандарын жасоого, алардын оң жана терс жактарын тууроого аракеттенишет. Ошондуктан балага үй-бүлө өзү үлгү болуусу керек, ал эми укук тарбиясы болсо улуусун, кичүүсү угуу, анын айткандарын эч токтоосуз аткаруусу, ар бир үй-бүлө мүчөсү өз милдеттерин бөлүштүрүүсү сыяктуулар, (тескери жактарына токтолуу, мисалы: калың төлөө).

Экологиялык тарбия болсо «Ичип жаткан кудугуңа түкүрбө», «Көчүп жүргөндө журтун тазалап кетүү», «Эшиктин алдына күл төкпөө» ж.б. дагы көптөгөн эрежелер колдонулган.

Биздин бала бакчадагы эмгек жамааты ушул элдик педагогиканын асылдуулугун, баалуулугун, балдарга тийгизген таасиринин күчтүүлүгүн эске алуу менен 1992-1993-окуу жылынан баштап атайын бала бакчага «Ыйман сабагы» киргизилген. Бул окуу жылынын башталышында 3 кварталга бөлүп болжолдуу окуу планын түзүп чыгып, тарбиячы

мугалимдер балдарга болжолдуу план менен сабак өтүп көрүштү. (болжолдуу окуу планы тиркелет).

Окуу жылы аяктаган мезгилде «Ыйман» сабагына өтүү системасындагы берилген темалардын балдарга жеткиликтүүлүгү жана балдардын жаш өзгөчөлүгүнө туура келбей турган жактарын педагогикалык кеңешмеде кеңири талкууга алынды. Мисалы: «Кудай көрүп койду», «Куран» -деген темаларды балдар азырынча түшүнбөстүгүн эске алып, окуу планынан алынды. Сабактын темасы, максаты, колдонулган материалдар жана сабактын жүрүшү берилет. Сабактын көпчүлүк бөлүгү оюн түрүндө өтүлөт. Ошондуктан кыргыз элинин улуттук оюндарын төмөндөгүдөй классификацияга бөлүндү.

*1. Балдардын эске тутуу жөндөмдүүлүгүн өстүрүүчү оюндар:*

| Оюндун аттары | Кайсы жаштагы балдарга берилет |
|---|---|
| 1. Упай | 4-5-6 жаш |
| 2. Учту-учту | 3-4-5-6 жаш |
| 3. Шакек жашырмай | 5-6 жаш |
| 4. Бузулган телефон | 4-5-6 жаш |

*2. Жүрүш-турушун башкаруу оюндары:*

| Оюндун аттары | Жаш өзгөчөлүгү |
|---|---|
| 1. Көз таңмай | 3-4-5-6 жаш |
| 2. Токту сурамай | 3-4-5 жаш |
| 3. Хан таламай | 3-4 жаш |
| 4. Үчүнчүсү ашык | 3-4-5-6 жаш ж.б. |

*3. Манжа оюндары:*

| | |
|---|---|
| 1. Беш манжа | 3-4-5-6 жаш |
| 2. Топ таш | 5-6 жаш |
| 3. Ачакей-жумакей | 5-6 жаш |
| 4. Бешик оюну | 3-4-5-6 жаш |

### *4.Экологиялык маанидеги оюндар:*

| | |
|---|---|
| 1. Айлан-көчөк | 4-5 жаш |
| 2. Ак терек-көк терек | 3-4-5-6 жаш |
| 3. Жаш үкү | 3-4-5-6 жаш |
| 4. Жашынмак | 4-5-6 жаш |

### *5.Дене-тарбиялык ыкмаларын өнүктүрүүчү оюндар:*

| | |
|---|---|
| 1. Күрөш | 4-5-6 жаш |
| 2. Аркан тартмай | 3-4-5-6 жаш |
| 3. Селкинчек | 4-5-6 жаш |
| 4. Мышык-чычкан | 3-4-5-6 жаш |

### *6.Кол эмгегин өнүктүрүүчү оюндар:*
### (курулуш, кийим бычуу, тигүү ж.б.)

| | |
|---|---|
| 1. Чий куурчак (куурчак оюндары) | 5-6 жаш |
| 2. Үй оюну | 3-4-5-6 жаш |
| 3. Жип кыркмай | 5-6 жаш |

Жогорудагы аты аталган оюндардын классификациясы балдардын жаш өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен балдардын жаштарына жараша оюндарды өздөштүрүү мүмкүнчүлүгүнө жараша оюндун эрежелери, максаттары толугу менен методикалык жактан изилденип, иштетилип чыгарылды. (Оюндар тиркелет).

Кыргыз элинин улуттук оюндары балдарды адептүүлүккө жана эмгекке тарбиялоонун каражаты катары баланын аң-сезими менен анын жүрүш-турушун уюштурууда да маанилүү. Улуттук көп оюндардын ичинен манжа оюнуна токтололу. Бул оюн балдардын логикалык ойлоосун, кабыл алуусун, сезүүсүн өнүктүрөт. Оюн балдарды бири-бирине жакындаштырат, сөздүк запастарын арттырат, жыйынтыктап айтканда баланын сүйлөөсүн өнүктүрүүгө жардам берет.

Баарыдан мурда оюн бөбөктөргө жайдары жакшы маанай менен ойноого алып келүүсү тийиш, балдарды оюнга кызыктырып, жакшы натыйжа бергидей кылып бош убактыларында уюштурулууга тийиш.

Тарбиячы оюнду кайсы мезгилде кандай жерде ойнолоорун тандап алуусу керек. Пландаштырууда оюндун аталышы кайсы мезгилде колдоноорун, оюндун максатын, ага колдонулуучу материалдарын, оюндун жүрүшүн толук жазуусу керек.

Мисалы: манжа оюнунун бир нече түрүн ар кайсы топтогу балдарга ар кандай жолдор менен ойнотсо болот.

1. «Беш манжа» оюну. Кенже тобу үчүн.

Дидактикалык максаты: карама-каршы маанилүү:

«Көп» жана «Аз» деген сөздөрдүн маанисин түшүнүүсүн бекемдөө. Балдардын көңүл буруусуна, ой жүгүртө билүүсүнө тарбиялоо.

Оюндун жүрүшү: Балдар тарбиячыны тегеректеп отурушат. Тарбиячы балдарга сол колунун беш манжасын жана оң колунун бир манжасын көрсөтүп, кайсынысы көп, кайсынысы аз деп сурайт, эгерде балдар ажырата албаса тегерекчеге же шакекчеге тартылган мышыктарды беш манжага кийип, ал эми оң колдун бир манжасына бир күчүктүн сүрөтү тартылган шакекчени кийип алса балдарга кызыгууну туудурат.

Материалдары: Шакекчелерге тартылган сүрөттөр.

Ушул эле сабакты ортоңку топтун балдарына «чоң-кичине», «узун-кыска» деген сөздөрдүн маанисин түшүндүрүү менен колдонсо болот.

2. «Беш бир тууган оюну». Улуу топтор үчүн.

Дидактикалык максаты: Балдарды көз болжол менен колдун манжаларынын чоңдуктары боюнча прапорциялык катыштарын аныктай билүүгө, алардын аттарынын аталышын үйрөтүү.

Оюндун жүрүшү: Балдар тегеректеп отурушат, айырмалап тааныш үчүн шакекче аркылуу түстүү түр менен боёп койсо болот. «Биздин бала бакчага жаңы 5 бир тууган конокко келиптир. Булар адашып кетпес үчүн узун-кыска, орточо болуп ээрчишип алышыптыр. Балдар биз булар менен

таанышып алалычы, аттары ким болду экен. Ий, менин кичинекейим, сенин атың ким? - Чыпалак. Сен эң чоңусуң го, а сеникичи? - мен Ортонмун. Ошентип ар бир манжанын аттары аталат. Бул аттарды эстеп калуу үчүн балдар бир нече жолу «Сен жат, сен тур» - деп ачып-жумакей оюнун ойношот.

3. «Беш бир тууган оюну». Даярдоо тобу үчүн;

Дидактикалык максаты: Балдар айтылган жомоктун маанисинин терендигин түшүнүүсүнө, алардын сөз байлыгын активдештирүүгө, ак ниеттүүлүк сезимге тарбиялоо.

Манжа оюнунун биринчи түрү.

1. «5 манжа оюну».

Оюндун мазмуну. Балдар ар кандай позицияга отурушат. Ыйман сабагынын 2-бөлүгү болуп өтүлөт. Балдар силер азыр 5 манжанын эмне үчүн узун-кыска же чачыранды жайгашып калгандыгын билгинер келеби? Бул өтө эле кызык окуя.

«Илгери беш бир тууган болгон экен. Бир күнү алар сүйлөшүп отуруп эң улуусу «келгиле ууру кылалы» - дейт Бармак, «кылса кылалы» - дейт соөмөй, «кудайды кантебиз» - дейт Ортон, «кудайды кантмек элек» - дейт Аты жок, «сойсо соёлу сорпосуна тоёлу» - дейт Чыпалак. Балдар ар бир манжаны бирден кармап, ачып-жумуп жогорку сөздөрдү кайталайт. Сөздөр балдарга түшүнүктүү болгондон кийин тарбиячы жомогун улантат. Ошентип кудай беш бир туугандын сөзүн угуп калып буларга жаза берген дейт. Башчы ууру Бармакты 4 бир туугандан бөлүп салган. Ак ниеттүүлүгү үчүн Ортонду калган бир туугандарына башчы кылып койгон. Сөөмөй менен Аты жокту тигинден кыскараак кылган же кичирээк, ал эми «сойсо соёлу, сорпосуна тоёлу» - деген Чыпалакты алсыз кылып кичирейтип койгон».

Ушинтип жомок аркылуу балдарды мейкиндикте кабыл алуусуна көнүктүрөбүз.

2. «Ачакей-жумакей» оюну.

Дидактикалык максаты: Балдарды 10 го чейинки сандарды саноого жана эсептей билүүгө үйрөтүү. Балдардын көзүн жумуп мейкиндикти элестете билүүгө көнүктүрүү.

Оюндун мазмуну: Оюнга 2 бала кезек менен катышат. Кезек менен чүкө өкчөшөт. «Айкүр» турса эки манжасын жумат, «таа» турса бир манжасын жумат. Ошентип сол колунун

манжаларын бир сыйра жумуп, бир сыйра ачат. Ошондо ким биринчи колдорунун манжаларын жумуп- ачса10 упай топтоп алып утушка ээ болот. Утулган бала колу менен көзүн жабат, утканы чертет да колдун манжаларын бирден көргөзөт. Экинчи бала жашырган манжаларын табат. Эгер тапса оюн кезеги өнөгүнө өтөт, таппаса оюн улантыла берет.
Материалдар: Ар бир топко бирден кооз түстө боёлгон чүкө.

Эскертүү: Бул оюн жогорку жана мектепке даярдалуучу топтун балдарына ылайык.

3. «Хан-вазир» оюну.

Дидактикалык максаты : Балдардын сөзүн өстүрүүгө, алардын өзүнө берилген тапшырманы аткарууда чынчылдыкка, калыс болууга, балдарды эсептей билүүгө үйрөтүү.

Оюндун мазмуну: Оюнга 4-5 бала катышат. Кезеги менен чүкө өкчөлөт. Эгер «Айкүр» турса ал бала «хан» болот, «таа» турса «вазир», «чик» турса - «ууру», «бөк» турса - «койчу» болот. Оюндун эрежеси боюнча койчу коюн уурдап кеткендиги үчүн ханга даттанат. Хан уурудан «шапалак» алуу үчүн жаза берет. Вазир уурудан хан айткан сан боюнча шапалак алат.

Материалдар : Кооз чүкө.

Эрежеси: Бир колдун билегинен 2-колдун 2-3 манжасы менен чаап шап алат.

Эскертүү: Кенже тобунан баштап оюнду жөнөкөйлөштүрүп ойнотсо болот.

4. «Тез, жай» оюн.

Дидактикалык максаты: Балдардын «Тез», «Жай» деген түшүнүктү туура түшүнүп, сүйлөгөндө туура пайдалана билүүсүн бекемдөө. Мейкиндикте болгон элестөөсүн бекемдөө. Балдарга «оң, сол» деген сөздөрдү түшүндүрүү. Колдун манжалары менен кыймыл - аракетин өнүктүрүү.

Оюндун мазмуну: Тарбиячы балдарга колунун 4 манжасын көрсөтөт да, «оң кол, сол кол» деген түшүнүктөрдү берет. Андан соң оюндун шарты менен тааныштырат. Оюндун шарты : Оң колунун сөөмөйү менен сол колунун бармагын тийиштирет. Ошентип кайчылаштыруу жолу тез жана жай кыймылдатып балдар адашпай манжаларын тийгизүү керек.

Эскертүү: Жогорку топтун балдарынан баштаса болот. Даярдоо тобунун балдарына жазуу сабагында физминутка катары пайдаланса болот.

5. «Көлдү ээлөө»

Дидактикалык максаты: Балдарды ойлонууга, көңүл бурууга тарбиялоо. Балдардын колу менен өз алдынча ойнолорун камсыз кылуу. Алардын байкагыч, сезгичтигин калыптандыруу.

Оюндун мазмуну: Тарбиячы балдарга оюндун эрежеси тууралуу түшүндүрөт. Оң колдун муштуму түйүлөт да сол колдун манжалары ага тийип турат, өтө ылдамдык менен сол кол, оң кол менен алмашылат.

Материалдар: Кол.

6. «Кайчылап кесүү».

Дидактикалык максаты: балдардын борбордук нерв системасы аркылуу жөндөмдүүлүгүн арттыруу.

Оюндун мазмуну: Тарбиячы балдарга оюндун эрежесин тааныштырат. Оң колдун 4 манжасын эки-экиден бириктирип түгөйлөштүрүп, экиден ажыратпастан кайчылап кесүү керек. Тарбиячы балдардын оюнуна көзөмөл кылат. Оюн балдардын бош убактыларында же болбосо ИЗО сабагына пайдаланса болот.

7.«Салаадан өткөрүү».

Дидактикалык максаты: Балдардын колдун мейкиндиктеги ордун билип, чектелген тегиздиктеги ордун аныктай билүүсүн бекемдөө, алардын нерв системасын башкаруу.

Оюндун мазмуну: Тарбиячы балдарга оюндун эрежесин түшүндүрөт. Оюн бардык балдар менен ойнолсо да болот. Сол колунун манжаларынын салааларын ачып туруп, столдун үстүнө же бир тегиздиктин үстүнө коёт. Оң колу менен кандайдыр бир предметти алып туруп өтө тездик менен ар бир салаалардын арасынан өткөзөт. Оюн 5-6 жаштагы балдар үчүн.

Материалдар : карандаш ж.б.

Эскертүү: Эреже боюнча бычак менен жазалган.

1. «Топ - таш» .

(Оюндун эрежелери мурун иштелип чыккан).

2. «Бешик» оюну.
3. «Упай оюну».

Бул балдардын ишти так аткаруусуна өбөлгө түзөт. Бала канчалык шашма болсо ошончолук оюндун эрежесин так аткара албайт.

4. Оюндар

Мындан тышкары колдун манжалары аркылуу ар кандай сюжеттерди түзүү. Мисалы: боз үй, аккан суу, көпүрө жана ар кандай жаныбарлардын, куштардын элесин берүү, көлөкө түшүрүү. Бул болсо балдардын элестөөсүн, кыялдануусун өстүрөт. Мындай оюндарды жогорку топтун балдарынан баштаса болот.

5. Оюндар

Манжаларды жашыруу. Бул оюн балдардын байкагычтыгын, сезгичтигин, арттырат. Бул оюнду 2-кенже тобунан баштап ойнотсо болот. Ушуга окшогон манжа оюндарын балдардын күнүмдүк ойнолуучу оюну катары балдардын турмушуна киргизип аларга нравалык, эстетикалык багыт берүү керек.

Мындан тышкары балдарга ИЗО сабагын өтүүдө ар кайсы манжалары менен ар кандай коздуктагы декоративдик сүрөттөрдү түшүрүүгө үйрөтөбүз.

Мисалы: Наристе тайпаларында бир эле манжа менен жаныбардын изин берсе, ал эми жогорку топтордо болсо 5 манжасын 5 түрлүү боёкко салып алып гүлдүн элесин түшүрөт.

Жыйынтык. Жогоруда аталып өткөн оюндун түрлөрү бакчабызда колдонулуп келе жатат. Балдар мындай оюндарга абдан кызыгуу менен катышат. Себеби бул оюндар үчүн атайын режимдин кереги жок, балдар каалаган бош убактыларында өз эрки менен ойношот. Бул балдарды көнүмүш жадоодон четтетет. Себеби, балдардын мындай оюндары өзүнүн айлана-чөйрөсүндөгү балдар менен ойноосу жана оюнга чоң адамдын катышкандыгы балдарга чоң ырахат алып келет.

# 3 жаштан 7 жашка чейинки балдарга «Ыйман» сабагын окутуунун болжолдуу программасы.

**1-квартал. Сентябрь.**

*1-сабак.* Тема: «Ыйман» деген эмне?

а). Ыйман тууралуу макал-ылакап айтып, анын маанисин чечмелөө.

б). «Ыйман» - деген сөздүн маанисин түшүндүрүү.

в). Ыр окуу.

Мисалы: Тыйын ээлеп жүрөк, оюн, санаасын,
Унут кылып ата-эне баласын.
Барган сайын кары-жаштан оолактап,
Ыйман, ыйман кайда качып барасың,
Кайрылбастан кайда шашып барасың.

г). Үйгө тапшырма: «Үй оюну» (Чий куурчактар менен).

Сабактын максаты: «Ыйман» деген сөздүн маанисин чечмелеп түшүндүрүү, балдарды ыймандуу, боорукер, кайрымдуу болууга үйрөтүү. Окулган ырдын маанисине оюн аркылуу кеңири түшүнүк берүү.

Сабактын жабдылышы: Элдик оозеки чыгармалардан пайдалануу жана макал-ылакаптардан айтуу.

*2-сабак.* Тема: «Адептүүлүк, адепсиздик».

а) Түркмөн эл жомогун көркөм айтып берүү.

б) Оюн- сценка «Нагыз уул».

в) Макал — ылакаптардан айтуу жана маанисин чечмелөө.

г) Үйгө тапшырма. «Хан - вазир» оюнун үйрөнүү.

Сабактын максаты: Жомок аркылуу адептүүлүк менен адепсиздиктин кандай айырмачылыгы болоорун балдардын аң сезимине жеткирүү, кыргыз элинин улуттук оюнун балдарга үйрөтүү менен алардын ойлоосун өстүрүү.

Сабактын жабдылышы: Китеп «Наристе», Бөбөктөр үчүн хрестоматия, түстүү боелгон чүкөлөр.

*3- сабак.* Тема: «Дан»

а) Кыргыз эл жомогу «Дан »

б) Дан жөнүндө макал- ылакаптар.

в) Үйгө тапшырма. «Бузулган телефон» оюнун үйрөнүү.

Сабактын максаты: Балдарга дан жөнүндө кеңири түшүнүк берүү, буудай, арпа, жүгөрү дан өсүмдүктөрү экендигин түшүндүрүү жана аларды адептүүлүккө, тартиптүүлүккө, нанды барктай билүүгө үйрөтүү.

Сабактын жабдылышы: Сүрөт плакаттар, «Байчечекей» журналы.

*4- сабак.* Тема: «Ким көп билет?» Сабак — конкурс.

а). Улуттук оюндардын аталышы, эрежеси.

б) Тегерек столдо маектешүү.

Сабактын жабдылышы: Магнитофон. Манастын 1-китеби. Үй-бүлө бурчу.

Сабактын максаты: «Бата» - деген сөздүн маанисин чечмелеп түшүндүрүү, ал кайсы мезгилдерде кимдерге берилээрин айтып берип, кассетада жазылган ырдын маанисин балдарга түшүндүрүү менен кыргыздын унутта калып бара жаткан салттары менен тааныштыруу.

*5-сабак.* Тема: «Кыздарга кырк үйдөн тыйуу» (Элдик макалдан).

а) кыздарга тиешелүү илгертен келе жаткан үрп-адатын, каада-салтын куурчак театры аркылуу көргөзүү.

б) макал-ылакаптарды чечмелөө.

в) үйгө тапшырма. «Бешик оюну».

Сабактын максаты: Кыргыз элинин кыздарга тиешелүү болгон кыял-жоруктары (уяң, назик, илбериңки) менен тааныштыруу. Макалдын маанисин чечмелеп түшүндүрүү.

Сабактын жабдылышы: Куурчак театрына керектүү атрибуттар, бешик оюну үчүн түрлүү жиптер.

*6-сабак.* Тема: «Карынын сөзүн капка сал». (Элдик макалдан).

а). «Манас» эпосундагы Бакай карыянын үгүт-насыят ырларынан үзүндүнү көркөм окуу.

б). балдарга дастандардан үзүндү жаттаттыруу.

в) үйгө тапшырма «Ачакей-жумакей» оюнун үйрөнүп келүү.

Сабактын максаты: Карыя кишилердин, улуу адамдардын акыл-насааттары жаштарга келечекте чоң жардам берерлигин түшүндүрүү, улууларды угууга, урматтоого көндүрүү. «Манас» эпосундагы Бакайдын образын балдарга элестүү сүрөттөө менен, улууга урмат, сый көрсөтүүгө үйрөтүү.

Сабактын жабдылышы: Манастын 1-2 китебинен үзүндүлөр, сүрөттөр.

*7-сабак.* Тема: «Куран» жөнүндөгү түшүнүк.

а). «Орозо айт, Курман айт» жөнүндө балдарга түшүнүк берүү.

б). «Жарамазан» ырынан үзүндү жаттаттыруу.

в). Үйгө тапшырма «Үй-бүлө» оюну. (Айтыңыз маарек болсун).

Сабактын максаты: Балдарга «Куран» деген сөз эмне, ал кимдер үчүн окуларын, орозо айт, курман айт, - кандай мүнөздө өтүлөөрүн түшүндүрүү. Салт болуп келген орозо айтында айтылуучу «Жарамазан» ырын так, көркөм айтууга үйрөтүү.

Сабактын жабдылышы: Китеп «Кыргыздар».

*8-сабак».* Тема: «Толубайдай сынчы бол, Токтогулдай ырчы бол».

(Элдик макалдан).

а). «Толубай сынчы» чыгармасынан көркөм окуу.

б). Тегерек столдо маектешүү.

в). Үйгө тапшырма. «Айтыш» оюну.

Сабактын максаты: Балдарды акылман ишкер адамдардын ысмы менен тааныштыруу, аларды коздукту сезе билүүгө, байкагычтыкка, сезгичтикке тарбиялоо. Чыгарманы көркөмдөп айта билүүгө үйрөтүү.

53926

Сабактын жабдылышы: Китеп «Биздин адабият» 6-кл.

*9-сабак.* Тема: «Жүрүш-туруш» адеби.
а). Улукмандын акыл-кеңештеринен айтуу.
б). Кыскача аңгемелешүү.
в). Пластинкадан санат-насыят ырларынан угузуу.
г). Үйгө тапшырма: «Шакек салмай» оюну.

Сабактын максаты: Коомдук жайдарда, үйдө, короодо, айыл ичинде кандай жүрүү керектигин балдарга айтып түшүндүрүү. Адептүү, тартиптүү осүш үчүн улуу адамдардын, ата-энелердин тилин алууга үндөө.

Сабактын жабдылышы: Макал-ылакаптардан, элдик оозеки чыгармалардан үзүндү.

**2-квартал. Декабрь.**

*1-сабак.* Тема: «Ырыс алды - ынтымак». (Элдик макалдан).

а). «Ырыс алды-ынтымак» деген кыргыз эл жомогун айтып берүү.
б). Жомоктун маанисин чечмелөө.
в). Макал-ылакаптардан жаттатуу.
г). Үйгө тапшырма: «Ак терек, көк терек» оюну.

Сабактын жабдылышы: «Наристе» китеби. Бөбөктөр үчүн хрестоматия. Тегерек стол, жер төшөктөр, сценка оюну үчүн бир боо кыска тал же чырпык.

*2-сабак.* Тема: «Сен дасторкондун кашындасың».

а). «Конок күтүү» салты жөнүндө балдар менен аңгемелешүү.
б). Конок күтүү каадасындагы элдик үрп-адаттар менен тааныштыруу.

Мисалы: Улуулата отуруу, улуулата тамактан ооз тийүү, колго суу куйуу ж.б.

в) Оюн-сценка «Конокко келдик».
г) Үйгө тапшырма. «Беш манжа» оюну.

Сабактын максаты: Конокко баруу, конок күтүү салты, үрп-адаты менен балдарды тааныштыруу. Улуу адамдарды, жоро-жолдошторун сыйлоого, урматтоого көндүрүү.

Сабактын жабдылышы: Китеп «Бала салты, эне адеби».

*3-сабак.* Тема: «Сенин атың ким? Ал кандайча коюлган?

а). Ат коюу жол жобосу боюнча балдарга түшүнүк берүү.

б). Тайпадагы балдардын аттарынын маанисин чечмелөө.

в). Үйгө тапшырма «Ат коймой» оюну.

Сабактын максаты: Ар бир баланын өз аты эмне деген маанини түшүндүрөөрү жөнүндө маектешүү, аларды бирин-бири сыйлоого үйрөтүү. Оюндун эрежесин так аткарууга, эске тутуусун калыптандырууга тарбиялоо.

*4-сабак.* Тема: «Кыргыздын сый тамактары».

а). Улуттук тамактын аттарын атоого үйрөтүү.

Мисалы: Боорсок, каттама, чучук, куйрук боор, кесме, куурдак, жаркоп, чалап, айран, сүзмө, курут, кошкон май, ж.б.

б). Тамактардын даярдалышы тууралуу оозеки түшүнүк берүү.

в). Үйгө тапшырма «Бузулган телефон» оюну.

Сабактын максаты: Улуттук тамактардын аттарын туура атоого, тамактар кандайча даярдалаарын, ар кыл тамак кандай учурларда берилээри жөнүндө балдарга түшүнүк берүү.

Сабактын жабдылышы: Китеп «Кыргыз даамы», сүрөттөр, макал-ылакаптар.

**Январь**

*1-сабак.* Тема: «Тазалык-бул адептүүлүк».

а). Улукмандын кеңештерин эске салуу.

б). Тазалык тууралуу үгүт-насыят ырларынан жаттатуу.

в). Таза жүрүүнүн эрежелери менен тааныштыруу.

Мисалы: Тырмак өстүрбөө, дайыма жүз аарчы пайдаланууга үйрөтүү ж.б.

г). Үйгө тапшырма «Көз таңмай» оюну.

Сабактын максаты: Тазалык тууралуу айтылган макал-ылакаптардын маанисин түшүндүрүү, балдарды таза жүрүүгө, өзүн тыкан алып жүрүүгө үйрөтүү.

Сабактын жабдылышы: Элдик оозеки чыгармалардан үзүндү окуу.

*2-сабак.* Тема: «Ар нерсенин өз аты бар».

а). Үй жаныбарлары менен жапайы айбандардын балдарынын аталышы жөнүндө түшүнүк берүү.

Мисалы: Төөнүкү — тайлак, уйдуку — музоо, жылкыныкы — кулун, койдуку — козу, эчкиники — улак, аюунуку - мамалак, карышкырдыкы-бөлтүрүк, түлкүнүкү — бачики, суурдуку-чөндөлөй ж.б.

б). Оюн-сценка. «Үнүнөн жазбай тааны».

в). Үйгө тапшырма «Алтын шакек» оюну.

Сабактын максаты: Балдарга үй жаныбарлары менен жапайы жаныбарлардын балдарынын аттарын үйрөтүү жана жаныбарларды сүйүүгө тарбиялоо.

Сабактын жабдылышы: Сүрөт-плакаттар, табышмактар, коолук, шакекче.

*3-сабак.* Тема: «Жан-жаныбар биздин досубуз».

а) «Эмне үчүн чабалекейдин куйругу эки ача?» деген уламыштан айтып берүү.

б). Жаныбарлар тууралуу табышмактарды таптыруу.

в). Үйгө тапшырма: «Айлан -көчөк, ит - кочок» оюну.

Сабактын максаты: Балдарды элдик оозеки чыгармалардагы уламыштар менен тааныштырып, эмне себептен чабалекей адамдар менен дос болгондугунун маанисин түшүндүрүү. Жомоктордогу каармандардын оң жана терс жактарын айра билүүгө көнүктүрүү жана сүйлөөсүн өстүрүү.

Сабактын жабдылышы: Китеп «Казак эл жомогу». Сүрөттөр, жумшак оюнчуктар.

*4-сабак.* Тема: «Ким көп билет? » Сабак-конкурс.

а). макал-ылакаптарды, жаңылмачтарды, табышмактарды айттыруу.

б) . жеңген топко сыйлык берүү.

Сабактын максаты: Балдарды сезгичтикке, тапкычтыкка, туура сүйлөөгө көнүктүрүү. Өтүлгөн материалдар аркылуу кыргыздын каада-салтын өзү менен кошо алып жүрүүгө тарбиялоо.

Сабактын жабдылышы: Газета-журналдардан топтолгон материалдар, сүрөттөр, сыйлык үчүн жылдызчалар.

**Февраль.** 1. Улукман осуяттарынан.

а). Балдарга ылайыктуу осуят кептерден окуп, анын маанисин чечмелөө.

М: Таңдайды такылдатпа, кирдин суусун баспа, өзүңдөн улууга азил айтпа, этегиң менен мурдуңду аарчыба ж.б.

б). Магнитофон. «Терме ырларынан уктуруу».

в). Үйгө тапшырма. «Топ таш» оюнун үйрөнүп келүү.

Сабактын максаты: Үгүт-насыят сөздөрдөн көркөм окуп берип, сөздүн маанисин балага түшүндүрүү, намыстуу, уяттуу, жоопту жигит жана кыз болуп өсүшүнө камкордук көрүү.

Сабактын жабдылышы: Китеп «Шарият».

2. Улуттук кийимдер.

а). кыз-келиндердин жана эркектердин жасалгасы жөнүндө сүрөт аркылуу түшүнүк берүү.

б). Адабий чыгармадан же эпостон көркөм монолог окуп берүү.

в). Үйгө тапшырма: «Упай оюнун үйрөнүп келүү».

Сабактын максаты: Кыргыздын илгертен бапестеп кийип келген баш кийимдери: элечек, шөкүлө, калпак, тебетей.

Жон кийимдери: кош этек көйнөк, белдемчи, кемсел, чепкен, ичик ж.б. жөнүндө сүрөт аркылуу атын атоо менен көргөзүп балдарга тааныштыруу.

Кийимге болгон кызыгуусун арттыруу. Көркөм чыгармалардан үзүндү жаттатуу менен эске тутуусун калыптандыруу.

Сабактын жабдылышы: Боз үй, сүрөттөр.

1. Улуттук буюмдар

а). улуттук буюмдардын аттарынын аталышы жөнүндө түшүнүк берүү.

б). сюжеттүү-ролдуу оюн «Жайлоодо мейман күтүү».
в). Үйгө тапшырма «Хан-вазир» оюнун үйрөнүп келүү.

Сабактын максаты: Илгертен колдонуп келе жаткан улуттук буюмдардын аталышын туура атоого, алардын кайсы мезгилде эмнеге пайдалана тургандыгы тууралуу түшүндүрүү, оюн аркылуу ошол буюмдарды пайдалана билүүгө көнүктүрүү.

Сабактын жабдылышы: Боз үй жабдылышы, сүрөттөр.

2. Комуз жөнүндө баян.

а). Комуздун чыгыш тарыхын көркөмдөп айтып берүү.
б). Комуздун түзүлүшү менен таанышытыруу.
в). Магнитофондон күүлөрдөн уктуруу.
г). Үйгө тапшырма. «Учту-учту» оюнун үйрөнүп келүү.

Сабактын максаты: Элдик оозеки чыгарма аркылуу комуздун чыгыш тарыхы жөнүндө баяндап айтып берүү менен балдардын комузга болгон кызыгуусун арттыруу, комуздун коштоосундагы күүнү уга билүүгө тарбиялоо.

Сабактын жабдылышы: Комуз, элдик легенда.

**3-квартал. Март.**

1. «Ата-энем бар болсун, оозу мурду жок болсун». (Элдик макалдан).

а). «Атам-энем бар болсун, оозу мурду жок болсун» - деген макалдан маанисин аңгеме аркылуу балдарга түшүндүрүү.
б). «Кайсынысы туура же туура эмес» дидактикалык оюнду сүрөт аркылуу ойнотуу.

Сабактын максаты: Макалдын маанисин балдар менен суроо-жооп иретинде аңгемелешип, айтылган сөздүн маанисин түшүндүрүү, ата-энесин сыйлоого, урматтоого үйрөтүү, ата-энеси алдыга коюлган тамактан биринчи ооз тиймейинче балдар күтүп туруу керектигин түшүндүрүү.

Сабактын жабдылышы: Дидактикалык оюндар үчүн сүрөттөр.

2. «Ким көп билет?» Сабак конкурс.

а). Энелер жана кыздар тууралуу билген макал-ылакаптарынан жарыштырып айттыруу.

б). Кыргыздын баатыр кыздары: Каныкей, Жаңыл-Мырза, Кыз Сайкал жөнүндө балдарга түшүнүк берүү.

в). Оюн-сценка «Баланы бешикке бөлөө».

Сабактын максаты: Балдарга макал-ылакап, табышмактарды так айтууга көнүктүрүү. Элдик дастандар аркылуу кыргыздын баатыр кыздары менен тааныштыруу. Балдарды эли-жерин сүйгөн баатыр болууга тарбиялоо. Оюн аркылуу кыргыздын жакшынакай ырым-жырымдарын үйрөтүү.

Жабдылышы: Сүроттөр, куурчактар, кичинекей бешик жасалгасы менен.

3. «Нооруз».

а). «Нооруз» жаңы жыл майрамы жөнүндө балдарга аңгеме айтып берүү.

б). «Нооруз» майрамын өткөрүү эрежеси менен тааныштыруу.

в) ар кандай оюн шооктор.

Сабактын максаты: «Нооруз» майрамы мусулман Адамдардын жаңы жылды тосуу аземи экендигин түшүндүрүү, жер жарылып чөп чыгып калган кезде көжө кайнатып ичишип, бир бирине жакшылык каалагандыгы тууралуу кеңири түшүндүрмө берүү. Майрамга карата ыр айттырып бий бийлетип балдардын көңүлүн ачуу.

Жабдылышы: Сүрөттөр, ар кандай тех. каражаттар.

**Апрель**

1. Улукмандын осуяттарынан.

Сабактын максаты: Илгерки муундардан калган осуят кептерден айтып берүү. М: Нандын күкүмүн жерге түшүрбө, караңгыда сууга барба, кичиге далынды салба деген сыяктуу сөздөрдүн маанисин балдарга түшүндүрүү, аларды ыймандуулукка багыттоо.

Жабдылышы: Газета, журналдардан кесилип алынган материалдар.

2. МАНАС.

а) «Манас» эпосу тууралуу түшүнүк берүү.

б) «Манас» эпосунан үзүндүнү жаттатуу.

в) «Манас» айтуу ыкмасын үйрөтүү.
Сабактын максаты: «Манас» эпосу тууралуу түшүнүк берүү, Манастын төрөлүшү, атынын коюлушу, бала чагы жөнүндө көркөм айтып берүү менен балдардын Манас айтууга болгон шыгын арттыруу, Манас айтуудагы ыкмалар менен таанышты рып, сөз байлыгын өстүрүү.
Жабдылышы: Баатырлардын кийимин кийген куурчактар, Манастын 1-китеби Сагымбай Орозбак уулунун варианты боюнча.

3. «Табият биздин үйүбүз».

а). Каалаган бир чыгармадан тех.каражаттын жардамы менен диафильм көргөзүп ал жөнүндө маектешүү.

б). Жан-жаныбарлар жөнүндө ыр же табышмактарды айтуу.

в). Канаттуулар үчүн уя жасоо.

Сабактын максаты: Диафильм көргөзүү аркылуу, өз мекенин сүйүүгө, аны коргоого үйрөтүү. Макал-ылакап, табышмактарды айттыруу менен балдарды сүйлөмдү толук, көркөм айтууга жатыктыруу.

Жабдылышы: Тех. каражаттар, доска, мык, балка ж.б.

4. Манастын эр жетилгени.

Сабактын максаты: «Манас» эпосу менен тааныштырууну улантуу, балдарга Манастын эли жерин коргоп жоого аттанганы тууралуу көркөм айтып берүү менен балдардын чыгармага болгон кызыгуусун арттыруу, үзүндүлөрдү жаттатуу менен балдардын сөз байлыгын арттыруу.

Жабдылышы: Жайлоонун образы, сүрөттөр.

**Май.**

1-сабак. «Семетей».

а). Семетей эпосу тууралуу балдарга түшүнүк берүү.

б). Семетей эпосунан үзүндүнү жаттаттыруу.

в). Айтыш. (Эки баланын айтышуусу).

Сабактын максаты: «Талааларда эмне өсөт?» - деген дидактикалык оюн аркылуу балдарды тапкычтыкка,

байкагычтыкка, билгичтикке, мейкиндикти ылдам кабыл ала билүүгө үйрөтүү.

Жабдылышы: Бактын жана огороддун тартылган сүрөттөрү, жашылча жана жер-жемиштердин сүрөттөрү.

*2-сабак. «Табият биздин үйүбүз».*

Сабактын максаты: «Талаада эмне өсөт» - деген дидактикалык оюн аркылуу балдарды тапкычтыкка, байкагычтыкка, билгичтикке, мейкиндикти ылдам кабыл ала билүүгө үйрөтүү.

Жабдылышы: Бактын жана огороддун тартылган сүрөттөрү, жашылча жана жемиштердин сүрөттөрү.
Сабактын уюштурулуусу: Оюн-викторина жана пантамимо «Дасторкон даярдоо».

3-сабак. Менин шаарым.

а). Жашаган жеринин жаратылышы менен тааныштыруу.

б). Көргөн билгендери тууралуу диспут уюштуруу.

Сабактын максаты: Балдарга экскурссия уюштуруу менен өзүнүн жашап турган шаарындагы көчөлөр, ишканалардын (мекемелердин) театрдын аттары менен тааныштыруу, балдарды өз шаарын сүйүүгө, шаардын жакшы жасалгалары менен сыймыктанууга көндүрүү.

*4-сабак «Атаң барда эл тааны».*

а). «Атаң барда эл тааны, акылың барда жер тааны» - деген макалдын маанисин түшүндүрүү.

б). Балдар менен саякат уюштуруу. Атасы менен ким каякка барды?

Сабактын максаты: Балдарды ата-энеси менен бирге барып көргөн жерлерин элестетип сүрөттөп айтып берүүгө көнүктүрүү, алардын ойлоосун, эске тутуусун калыптандыруу. Көргөндөрүн көркөмдөп толук сүйлөм менен айтып берүүгө үйрөтүү.

Жабдылышы: сүрөттөр.

# 4 жаштагы балдар үчүн «Жаратылыш» (экология) сабагын окутуунун болжолдуу программасы.

(Кыскача түшүнүк).

Бала бакчанын программасында балдарды жаратылышты сүйүүгө, анын байлыктарын кылдат пайдаланууга жана аларды коргоого тарбиялоо зарылдыгы белгиленген. Ошого байланыштуу тарбиячы жаратылышты коргоо боюнча тиешелүү материалдарды топтоп, балдарга айлана-чөйрөнү булгануудан коргоосу, жаратылыштагы жан-жаныбарлар, бак-дарактардын жабыр тартуудан сактоосу жөнүндө, аларга кам көрүү анын инсандык парзы болууга тийиштигин түшүндүрүү. Жаш бөбөктөргө экологиялык багыттагы билим, тарбия берүү иши жаратылыш сабагында гана окутулбастан, ал айрым кездерде оюнда, көңүл ачууда, сейилдөөдө жана майрамдык кечелерде да берилүүгө тийиш.

Жаратылыштын ар түрдүү көрүнүшү балдардын көңүлүн эрксизден буруп, кызыкчылыгын арттырып, оюнга, эмгекке, көркөм ишмердүүлүккө шыктандырары шексиз. Ошондой болбосо да, бардык эле балдар жаратылыш менен өз ара аралашууда туура түшүнүккө ээ боло албайт, жандуу жана жансыз жаратылыштын ортосундагы өз ара байланышты байкай коюшпайт, ошондуктан тарбиячынын жетектеп атайын билим берүүсү зарыл. Ошондуктан тарбиячы экологиялык багытта жазылган ырларды, көркөм сөздөрдү, жомокторду, уламыштарды, макал-ылакаптарды, табышмактарды, жаңылмачтарды көп пайдалануусу зарыл.

Базар экономикасына өтүүдөгү баш аламандык адамдардын жалпы эле экологиялык маданиятынын төмөн экендигин далилдеп жатат, айрыкча көчөдөгү, базардагы, аялдамадагы таштандылар, гүл бакчалардын саргайып, куурап турушу, айыл-кыштак четиндеги жашыл токойлордун отун болуп жагылышы, чычырканак, карагаттардын сындырылып талкаланышы жаш бөбөктөрдүн экологиялык жактан сабаттуу жана маданияттуу болуп өсүшүнө терс таасирин тийгизбей

койбойт. Ошондуктан бала бакчага 1993-1994-окуу жылынан баштап, балдардын жаш өзгөчөлүгүн эске алуу менен ортоңку топтун балдарынан баштап мектепке даярдоо тобуна чейинки балдар үчүн түзүлгөн сабактын расписаниясына атайын «Жаратылыш» сабагын киргизилген. Ошондон бери жаш бөбөктөргө экологиялык багытта билим берилип келүүдө. Быйылкы 1998-1999-окуу жылына көп жылдык иш тажрыйбаларды чогултуу менен атайын бала бакчанын тарбиячылары үчүн жаратылыш сабагы боюнча бир жылдык болжолдуу иш планы түзүлдү. Сабактардын болжолдуу планына программалык талапка ылайык балдардын жаш өзгөчөлүгү эске алынды. Сунушталган материалдар балдардын эркин, эске сактоосун, көрүү, угуу, коңул буруу, жоопкерчилик, ишмердик, чыгармачыл жактан калыптандыруу максатын көздөйт. Баланы туура, так, көркөм сүйлөөгө үйрөтүү менен экологиялык билим деңгээлин жогорулатат. Бул сабактын үлгүсү катары гана берилди, ар бир чыгармачыл топ өздөрү алымча-кошумча киргизүү менен иш алып баруусу талапка ылайык.

### Төрт жашар балдарды жаратылыш менен тааныштыруу боюнча өтүлүүчү сабактын үлгүлөрү.

**Сентябрь айы.**

*Биринчи сабак. Тема: Топтогу бөлмөлөргө экскурсия жүргүзүү.*

Программанын мазмуну: Балдарды өзү жайгашкан бөлмөлөрдөгү жаратылыш бурчтары менен тааныштыруу, анда өсүп жаткан гүлдөрдүн түрлөрүн, аттарын атоо менен аларды багып кандайча сугаруу керектиги тууралуу балдарга кеңири түшүнүк берүү. Балдарды өзүнүн бөлмөсүндөгү гүлдөрдүн коозлугуна суктануу менен бир-биринен айырмалай билүүгө үйрөтүү, аларды сындырбастан сактай билүүгө үндөө.

Методикалык ыкмалары:

1. Ишенимдүү аңгемелешүү
2. Бөлмөдөгү гүлдөрдүн аттарын атоо менен кайталаттыруу

3. Гүлдөрдү сугаруу жөнүндө түшүндүрмө берүү
4. Ыр окуу
5. Дидактикалык оюн.

Жабдылышы: Жаратылыш бурчу. Челектерде өстүрүлгөн түркүн түстүү гүлдөр, суу куюлган чака, лейка, таякча, жумшак чүпүрөктөр.

Сабактын жүрүшү: Тарбиячы: - Балдар биз быйыл бир жашка чоңойдук.
Эми силер төрткө чыктыңар, көп нерселерди билишиңер керек, демек мени жакшылап угуп, суроолорго жооп берүүгө үйрөнүшүбүз зарыл.
-Биз кайсы жерде отурабыз?
Балдар: Бөлмөдө.
-Туура, биз өзүбүздүн бөлмөбүздүн жаратылыш бурчунда турабыз, жакшылап карап көргүлөчү, силер эмнелерди көрүп турасыңар?
Балдар: (Көргөндөрүн атап чыгышат).
-Туура балдар силер көп гүлдөрдүн түрүн көрүп турасыңар, булардын дагы силердикиндей аттары бар. Жакшылап карагылачы, азыр мен силерге бул гүлдөрдүн атын атайм, а силер эстеп калгыла. (Бөлмөдө өсүп турган гүлдөрдүн атын атоо менен, бир нече жолу балдарга кайталатат. М: Герань, Фикус, Декабрист, Роза, Бегония, Традесканция ж.б.).
-Бери мага жакын келгилечи, карагылачы бул гүлдөрдүн ар биринин чоңдугу, сабагы, жалбырактары, гүлдөрү такыр бир-бирине окшошпойт . Фикус болсо бактарга окшошуп сабагы жоон, өзү бийик, жалбырактары чоң, ал эми Традесканция жалбырактары майда, кичинекей — деп балдарга ар бир гүлдүн айырмасын түшүндүрүп кетет.
-Балдар азыр эми силерге ыр окуп берейин, угуп тургулачы:

Бөлмөбүздө дайыма,
Гүлдөр өсөт жайкалып.
Көз кумарын кандырган,
Коздугун айталык.

-Ыр жактыбы, балдар? Балдардын жообу.
-Тарбиячы: Азыр оюн ойноп алалы. «Эмне өзгөрдү» деген дидактикалык оюн. Азыр силер ары карап тургула, мен «болду»

дегенде бери карап, эмне өзгөрүлгөнүн табасыңар. (Гүлдөрдүн арасынан бирөөсүн катып коёт). Азаматсыңар балдар, бүгүн силер менен гүл бакчада саякат кылуу абдан көңүлдүү өттү, силер көптөгөн гүлдөрдүн аттарын эстеп калдыңар окшойт, эми бул гүлдөрдү сугарып койбойлубу, ал үчүн силер гүлдөрдү бир сыйра карап көргүлөчү, кайсы гүлдүн топурагы агыш болуп көрүнүп, кол менен топурагын кармап көргөндө кургак болсо сугаруу керек, ал эми топурак каралжын болуп, кармаганда нымдуу болсо сугаруунун кереги жок.

-Балдар, бүгүнкү дежурный балдар акырындык менен гүлдөрдү сугара берсин, а силер болсо оюн бурчунда ойноп тургула.

*Экинчи сабак. Тема: «Менин шаарым».*

Программанын мазмуну: Балдарга өздөрү жашаган шаары жөнүндө сүрөттөр аркылуу кеңири түшүнүк берүү, шаардагы өзү жашаган көчөлөрдүн аттарын үйрөнүүгө, маданий жактан тейлөө үчүн эмнелер курулгандыгы тууралуу аңгемелешүү менен эли жерин барктай билүүгө тарбиялоо.

Сабактын жабдылышы: Китеп «Нарын санжырасы» түзгөн Р.Асылбаев.
Бишкек «Мурас» - 97 . Сүрөт — плакаттар.
Методикалык ыкмалар:

1. Ишенимдүү аңгемелешүү. Сүрөттөр аркылуу суроо-жооп иретинде аңгемелешүү, ыр окуу, түшүндүрүү. Дидактикалык оюн «Буларды ата».
(сүрөттөр боюнча).

Сабактын жүрүшү: Тарбиячы: Балдар бүгүн силер менин көзүмө аябай кубанычтуу көрүнүп турасыңар, анда эмесе бир-бирибизге чукул туруп көздөрүбүз менен учурашып алалычы. Эми тегерек тартып стулдарыбызга отуралы, мен силерге сүрөттөрдү көргөзүп көрөйүн, силер анда тартылгандарды кайсы жерден көргөнүңөрдү эстеп көргүлөчү. (Сүрөттөргө тартылган Нарын шаарындагы маданий жайларды: театр, парк, стадион, ден-соолук чыңдоо комплекси (ФОК), мечит, кыргыз-түрк лицейи, НМУ, Салкын-Төр эс алуу жайы, базар ж.б.). Акырындык менен балдарга биринин артынан бирин көргөзүп

суроо — жооп ирээтинде балдарга сүрөттөгү тармактар кайсы жерде кандай кызмат көрсөтөөрү жөнүндө кеңири түшүнүктөрдү берет. Андан соң силер жашаган көчөлөрдө эмне бар, силердин көчөңөрдүн аталышын билесиңерби, Нарын шаары силерге эмнеси менен жагат деген суроолор менен балдардын билгендерин угуп көрүп; аларга толуктоо киргизет. Азыр балдар мен силерге Нарын шаары жөнүндө С.Мамбетакунов агайыңардын «Нарыным» - деген ырын окуп берейин, силер кунт коюп угуп тургула.

Асманын булут каптаган,
Аскасын кийик таптаган.
Агымы катуу суусу бар,
Айланып учкан куусу бар.
Айтылуу Нарын жергесин,
Акыйкат болоор мактаган.

Аркар, кулжа, бугу, илбирс, суусар,
Аска-зоонду мекендейт алгыр куштар.
Өсүп келет күн сайын наристелер,
Уул-кыздары Нарынымдын кыраан шумкар.

Ырды көркөм окуу менен мазмунун кошо түшүндүрө кетем.
Балдар азыр биз силер менен дидактикалык оюн ойнойбуз, силер азыр көзүңөрдү жумуп тургула, мен силерге сүрөттү көргөзгөндө силер чоңойгондо бул имараттын ичинде ким болосуңар, ошол жөнүндө айтып бергиле. (М: М.Рыскулов атындагы театрды көрсөтөт, балдар артист болобуз — дейт, ал эми стадиондун сүрөтүн көргөзсө, футболист болобуз — дейт ж.б.). Оюн бүткөндөн кийин сабакты балдарды мактоо менен, үйдөгү ата-энелери, бир туугандарынан өзү жашаган үйдүн толук адресин үйрөнүп келгиле деп, сабагын жыйынтыктайт.

*Үчүнчү сабак. Тема: Бала бакчанын айланасына саякат жүргүзүү.*

Программанын мазмуну: Балдарды өзүбүздүн бала бакчанын айланасында өскөн бак-дарактардын түрү менен тааныштыруу жана жалбырактарынын бири-биринен айырмасын ажырата

билүүгө үйрөтүү. Балдарды жаш чырпыктарды сындырбоого, себепсиз жалбырактарын үзбөөгө, бактарга конуп турган канаттуу куштарга тийбөөгө үйрөтүү менен балдардын сөз байлыгын өстүрүп, грамматикалык жактан туура сүйлөөгө көнүктүрүү.

Методикалык ыкмалары:

1. Ишенимдүү аңгемелешүү.
2. Бала бакчанын айланасындагы бак-дарактарды карoo менен алардын аттарын атоо, колдору менен кармап көрүп жалбырактарын бири-бирине салыштыруу.
3. Дидактикалык оюн: «Бул жалбырак кайсы бактыкы?»
4. Жаратылыш жөнүндө табышмак айтып, жандырмагын табуу.

Сабактын жүрүшү: Тарбиячы : -Балдар азыр кайсы мезгил?

Балдардын жообу: Күз

Туура айтасыңар, азыр күз мезгили. Күз мезгили силерге эмнеси менен жагат?

Балдардын жообу.

Балдар бүгүн аба ырайы абдан жакшы болуп турат, чайыттай болуп асманыбыз ачык. Күн салкын, жүргүлө эшикке чыгып, бала бакчабыздын айланасына сейилдеп келели. Биздин бала бакчабыздын ичиндеги эле бак-дарактарга көңүлүңөрдү бургулачы, эмне деген бой тиреген бактар өсүп жатат, азыр мага жакын келгилечи, мына бул көчө бойлото тигилген бактар «Мырза терек» - деп аталат. (Балдарды улам бир бактын жанына ээрчитип келип, алардын аттары менен тааныштырат.

М: Ак кайың, мырза терек, Бай терек, Көк терек, Сирень, Тал, Кара жыгач, Четин, Клен). Балдар бактардын бизге кандай пайдасы бар, билесиңерби? Бактар бизге коп пайда берет, биринчиден күн өтө ысыкта көлөкө болуп берет. Экинчиден канаттуу куштар бактуу жерге көп келип, өздөрүнүн уяларын салышат, үчүнчүдөн бак-дарактар чоңоюп карагай болгон кезде алардан заводдордо кагаз иштетилип чыгарылат.

Эми балдар биз силер менен оюн ойноп алалы, азыр баарыңар тең жерде түшүп жаткан жалбырактардан көп кылып колуңарга чогултуп келгилечи. (Балдар ар кайсы бактын

жалбырактарынан букет чогултушат). Балдарга тапшырма берем, кана кайсы жалбырак кайсы бактыкы, окшоштуруп жанына койгула. (Балдар бутактагы жалбырактарына салыштырып окшошун табышат).
Эми мен силерге табышмактарды айтам, а силер болсо жандырмагын тапкыла.

М: 1. Кышында токойдон адашып кеттик, чет жакта таш үй, жыгач үй турат, кайсынысына киресиңер? (Жыгач үйгө, себеби жылуу болот).
Элекке же түбү тешик идишке кантип сууну төкпөй алып барса болот?

(тондуруп).

2.Бедерленип жер бети,
Жашылданат келбети.
Чымын, чиркей көпөлөк,
Учуп жүрөт көкөлөп.
Жүрү балдар баралык,
Калкан кармап алалык.

Балдар бул кайсы убак ? (Жай).
Азаматсыңар, балдар силер бүгүн мага аябай жактыңар, биз силер менен көп нерселерди үйрөндүк, эми балдар келгиле «Ак терек, көк терек» - деген оюнду ойнойлу деп, оюнга уюштуруу менен сабагын жыйынтыктайт.

*Төртүнчү сабак.*

*Тема: Күзгү токой. Сүрөт боюнча аңгемелешүү.*

Программанын мазмуну: Балдарга күз мезгили жөнүндө кеңири түшүнүктөрдү берүүнү улантуу. Күз мезгилиндеги өзгөчөлүктөрдү «Күз күрөш, жаз жарыш» - деген макалдын маанисин түшүндүрүү менен балдарды жаратылышты сүйүүгө тарбиялоо.

Сабактын жабдылышы: Күз мезгилин чагылдырган сүрөттөр, токойдо өскөн жер-жемиштердин сүрөттөру.

Методикалык ыкмалары: Сабак жөнүндө түшүндүрүү, күз жөнүндө билгендерин айттыруу, сүрөттөгү өзгөчөлүктөрдү

сүрөттөп айтып берүү, күз мезгили жөнүндөгү ырлары, табышмактарды, ТРИЗдин элементи боюнча суроо-жооптор, дидактикалык оюн «Булар кайда өсөт?»

Сабактын жүрүшү: Тарбиячы: -Балдар, азыр кайсы мезгил? Эмне үчүн күз деп ойлойсуңар?

Балдардын жообу.

Туура бак-дарактардын жалбырактары саргарып калды, күндүн илеби да кайтып калды. Эртели кеч биз жылуу кийим кийип калдык.

Эми балдар, мен силерге «Күзгү токой» деп аталган сүрөттөрдү көргөзөм. Силер жакшылап карап туруп, сүрөттө эмнелер тартылгандыгы жөнүндө мага толугу менен айтып бергилечи.

(Балдар көргөндөрүн айтышат, аларга —Эмне үчүн?, Дагы эмнелерди көрүп турасыңар? Тоңкулдак эмне кылып жатат? Кандай мөмөлүү бактарды көрүп жатасыңар? — деген суроолор менен сүрөттөгү тартылган нерселердин бардыгына толуктап жооп берүүгө үндөйт). М: Карагат, чычырканактан эмнелер жасалат? -Варенье.

Суроо-жооп иретинде сүрөттөрдү карап чыккан соң , балдарга Э.Ибраевдин «Карагат» - деген ырын окуп берем.

«Бардык дагы токойго,
Бадал ичин аралап.
Шагы ийилген мөлтүрөп,
Тердик белем карагат.

***

Бир сабагын сындырса,
Толо түшөт тутамы.
Сындырбагың кайырып,
Бир дагы тал, бутагын.

***

Тазаладык пыр-сырын,
Көлөкөгө отуруп,
Кайттык үйгө олжолуу,

Себеттерге толтуруп.

Табышмак :

Жолборстун кийип чапанын,
Күзүндө жерде жатамын.
Чапаным ичи кыпкызыл,
Агарып турса капамын.
Чаңкасаң суусун кандырып,
Жарпымды минтип жазамын.

(Дарбыз).

-Кана, балдар күз жөнүндө киминер ыр же табышмак айта аласыңар?
Балдардын жообу.
-Эми балдар ойлонуп жооп бергилечи.
-Эмне үчүн баканын өңү чаар? (Жерден айырмаланыш үчүн).
-Эмне үчүн жирафтын моюну узун? (Бактагы жалбыракка жетиш үчүн).
Бакта алмурут өсүп турат, бирок жей албайбыз, эмне үчүн?- деген суроо-табышмактар аркылуу балдардын фантазиясын өнүктүрүүгө аракет жазо керек. Андан соң туура эмес тартылган эки сүрөттү балдарга көргөзөм, бир сүрөттө алма, алмурут жерде өсүп турат, ал эми коон, дарбыз бакта.
Балдар сүрөттүн каталарын өздөрү табышат.

**Октябрь айы.**

*Бешинчи сабак. Тема: Үй жаныбарлары. Дидактикалык оюн «Сыйкырдуу баштык».*

Программанын мазмуну: Балдарды оюн аркылуу үй жаныбарлары менен тааныштырууну улантуу, аларга болгон кызыгуусун арттыруу менен турмушта кандай пайдалуу экендиги жөнүндө балдарга кеңири түшүнүк берүү, жаныбарларга дайыма камкордук көрө билүүгө, аларды сүйүүгө тарбиялоо.
Сабактын жабдылышы: кооз баштык, баштыктын ичинде оюнчук: уй, кой, ат, ит, мышык, короз, тоок.
Методикалык ыкмалары:

1. Ишенимдүү сүйлөшүүлөр
2. Дидактикалык оюн
3. Сыйкырдуу баштык

4. Жаныбарларды тамактандыруу
5. ТРИЗдин элементи боюнча пантомимо.

Сабактын жүрүшү: Тарбиячы: -Балдар силер билесиңерби бизге бүгүн абдан кубанычтуу күн, себеби бизге Айжандын чоң энеси коноккo келиптир, келгиле чоң апа менен учурашып алалы.
Балдар менен чогуу — Саламатсызбы, оорубай жүрөсүзбү, жакшы келдиңизби?

-Чоң эненин жообу.

Тарбиячы: -Балдар чоң эненин колунда аябай кооз баштыгы бар экен, бизге жакшы белектерди алып келген окшойт, баарыбыз чогулуп көрбөйлүбү.

-Чоң эне: Балдарым, силерди бала бакчадан көп нерселерди окуп үйрөнөт деп укканыман, ушул баштыктын ичине үй жаныбарларын салып келдим. Силер аларды кандай тааныйт болдуңар экен, ошону көрүп билейинчи — деп атайын келдим.

Тарбиячы: -Кана, балдар чоң эненин сөзүнө түшүндүңөрбү, эмесе мага чукул келип, уй мүйүз тартып отургулачы. Азамат, сен келип баштыкты сыртынан кармап көрчү, эмнелер бар экен? Эмне бар экенин билбей койдуңбу, анда эмесе мен акырын колумду салып көрөйүнчү.
Ий-ий колумду тиштеп алды, бул эмне балдар?
Балдардын жообу:

-Туура таптыңар балдар, ит эмне жумуш кылат, эмне ичет, иттин кичинекей баласын эмне дейт?
-Балдардын жообу: (ар ким өз билгенин айтат).
-Дагы эмне бар болду экен, ай-ий жүнү жумшак, тойгондон кийин бетин шилекейи менен жууган ким эле балдар?
Балдардын жообу : -Мышык.
-Мышык кандай үн чыгарат, эмне менен тамактанат, үйгө кандай пайдасы бар?
-Балдардын жообу. (билбегендерин өзүм толуктап турам).
-Эми кайсы жаныбар чыгаар экен, аа билдим, балдар силер жайлоого барганда чоң атаңар эмнеге өнөрчү эле?
-Балдардын жообу: Ат.

-Туура таптыңар, ат кантип кишенейт, эмне менен тамактанат, эмне пайдасы бар?
Балдардын жообу:
-Балдар, тарбагай мүйүзү бар, бизге көп сүт берген кайсы жаныбар эле?
Балдардын жообу: Уй.
-Уй. Уйдун баласын эмне дейт? Уй кантип мөөрөйт? Уйга эмне беребиз? (Балдарга толуктоо киргизүү менен уй жөнүндө аңгемелешүү жүргүзөм).
-Баштыктын түбүндө дагы бир нерсе жүрөт, бул эмне болду экен, а таптым, эртең менен эрте тамдын кырына чыгып алып, канатын каккылап, кыйкырган ким?
(Балдар табат, таппаса өзүм айтам, бул короз).
-Короздун тооктон айырмасы кайсы? Короз кантип кыйкырат, алар эмне менен тамактанат, кандай пайдасы бар? ж.б.
Тарбиячы: _Чоң эне биздин балдар сизге жактыбы, көп нерсе билет бекен?
-Эми балдар жакшылап ойлонуп көргүлөчү, мен силерге бир нече табышмак актып көрөйүн.
М: Жумуртка эмне болот? (жөжө, тоок). Козу чоңойсо эмне болот? (Кой). Бул ким, мурун эмне болгон, кийин ким болот? (мурун музоо болгон, азыр торпок, кийин уй болот) ж.б.
Тарбиячы :
-Балдар келгиле эми чоң эне алып келген айбанаттарга тамак берели. Капа кимиси эмне менен тамактанат, тарелкаларда салынган тамактарын бөлүштүрүп бергиле. (Балдар ар ким өзү каалаган жаныбарларга тамагын берет, мунун баары пантомимо аркылуу көргөзүлөт). Аягында чоң эне балдардын жообуна анализ берүү менен сабак аяктайт.

*Алтынчы сабак. Тема: «Капастагы чымчык».*

Программанын мазмуну: Балдарды бир нече минутанын ичинде оюн жыйынтыктоого үйрөтүү жөндөмүн өркүндөтүү, жаңдуу чымчык жөнүндө (анын жалпы көрүнүшү, секиргени, чыйпылдаганы, чогулаганы, жем жегенин) тааныштыруу.

Балдарды канаттуу куштарды сүйүүгө, аларга камкордук көрүүгө үндөө. Көркөм ыр окуу менен балдарды жаратылышты коргоого үйрөтүү.

Сабактын жабдылышы: Бала бакчанын жаратылыш бурчундагы капаста багылып жаткан тоту куш, аны тамактандыруу үчүн атайын сатылып келинген жеми, китеп «Наристе» 106-бет, М.Жангазиев «Сактагыла куштарды». Чыйырчык, чабалекей, көгүчкөндөрдүн сүрөттөрү.

Методикалык ыкмалар:

1. Балдар менен эркин аңгемелешүү
2. Капастагы чымчыкты кароо
3. Көркөм ыр окуу менен, ырдын маанисин чечмелөө.
4. Сүрөттөгү канаттуу куштар менен таанышытыруу.

Сабактын жүрүшү:

Тарбиячы: Балдар кана ким айтат, азыр кайсы мезгил?

-Туура күз мезгили. Мен силерге сейилдөөдө жүргөндө эмне себептен канаттуулардын азайып бара жатканы жөнүндө түшүндүргөм, себеби күн суктап калганда канаттуу куштар кайсы тарапка учуп кетчү эле, балдар ?

Балдардын жообу.

-Туура, жылуу жактарга учуп кетишет экен.

Ал эми азыр менин жаныма тегерек тартып отургулачы, мен бүгүн силерге бала бакчанын гүл бакчасында, капаста багылып жаткан тоту куштарды тааныштыруу үчүн силердин алдыңарга көтөрүп келдим. (Капасты чымчыкты балдардын ортосуна коюп, көңүлүн чымчыктардын сайраганына, жем чокулап жегенине, бир жерден экинчи жерге секиргенине балдардын көңүлүн бурам, балдардын чымчыктардын бүткүл кыймыл-аракетин сөз менен бири-бирине айтып туруусуна багыттоо керек).

-Азаматсыңар, балдар, жакшылап көрдүңөрбү, эми келгиле тотукушка тамак берели, ал үчүн, а дегенде капастын ичин тазалап алалы, (муну тарбиячы өзү тазалаганы туура болот) кана балдар, мына бул жемден азыраак тарелкага салгылачы, жеп жаткан жеми, биз тамак жасап ичип жүргөн таруудга окшош болот экен, ээ балдар.

Мына, балдар биз капасты тазалап, тотукушка жем чачып, суу куюп койдук, эми булар эркин тамактаныш алышсын, ордуна коюп коёлу.

Тарбиячы: Көңүлүңөрдү эми менин колумдагы сүрөткө бургулачы, бул кайсы куштар, силер күндө эле көрүп жүрбөйсүңөрбү?

Балдардын жообу.

Бул сүрөттөрдө чыйырчык, чабалекей, көгүчкөндөрдүн сүрөтү тартылган, булардын кандай пайдасы бар экендигин силерге сейилдөөгө чыкканда айтып бербедим беле, эсиңердеби?

-Кана ким айтат?

Балдардын жообу: курт-кумурскаларды терип жейт.

-Туура айттыңар, балдар, азыр мен силерге М.Жангазиев агайыбыздын «Сактагыла куштарды» - деген ырын окуп берейин, силер көңүл буруп угуп тургулачы. Ыр көркөм окулат.

«Чыйырчыкты өлтүрбөгүн,
Салмор менен атпагын.
Көп курттарды жок кылышат,
Уя жасап сактагын.
Чабалекей учуп келсе,
Ал биздин дос, тийбегин.
Үй ичине уя салса
Билбей бузуп жүрбөгүн.

Пайдалуу куш бизде аз эмес,
Баарын таанып билип ал.
Бак башына келиштирип,
Дос куштарга уя сал.

(Ырды эки кайталап көркөм окуп,берип маанисине жараша аңгеме жүргүзүү менен сабакты жыйынтыктайт).

*Жетинчи сабак.* Тема: «*Кум менен ойнойбуз. Сүрөт аркылуу аңгеме куруу.*

Программанын мазмуну: Балдарга мурда таанып болгон сюжетти көрө билүүгө үйрөтүү. Сүрөткө жакын барып тартылган буюмду атоого, берилген суроолорго толук сүйлөм

менен жооп берүүгө үйрөтүү, сүрөттүн мазмунун балдардын өз турмушуна байланыштыра түшүндүрүү.
Методикалык ыкмалар:

Түшүндүрүүчү. аңгеме, сүрөттөгү тартылган сюжеттер боюнча толук сүйлөмдөрдү түзүү, ТРИЗдин элементи боюнча ар түрдүү ойлонтуучу суроолорду берүү менен балдардын ой-жүгүртүүсүн өстүрүүчү оюндарды ойнотуу.

Сабактын жабдылышы: Короодо ойноп жаткан кум салгычтагы балдардын сюжеттүү сүрөтү, доска, бор.

Сабактын жүрүшү:

Тарбиячы: -Балдар, биз кайсы жерлерде ойнойбуз, силер участокто жүргөндө көбүнчө эмне менен ойнойсуңар? Туура кум салгычта ойнойбуз. Балдар, эми силерге мен бир сүрөт көргөзгүм келип турат, карагылачы сүрөтчү силерди тартып койгон окшойт, сүрөттөн эмнени көрүп турасыңар? Балдар жообу.

(Балдар кумда ойногонун айтышат).

-Эстегилечи кумдан силер эмнени жасап ойночу элеңер? Ал эми сүрөттөгү балдар эмнелерди жасап жатат, кандай дейсиңер? Балдар. —Нан бышырып, үй салып, машина жасап, гараж салып, паровозго кум ташып жатышат.

Тарбиячы. —Азаматсыңар, балдар эми сүрөт боюнча аңгеме курап койбойлубу. Биринчи сүрөттөгү балдарга ат коёлу, чака кармаган баланын аты — Асылбек болсун, кумдун үстүндө отурган кыздын аты-Анар болсун, паровоз айдаган баланын атын — Капар коёлу. Эми балдар, Асылбек эмне кылып жатат? Балдардын жообу: Чакага кум салганы жатат. Анар эмне кылып жатат? ж.б. ушуга окшогон суроолорду берүү менен сүрөттөгү болгон окуяларды балдардан толуктоолор менен жооп айтууга үйрөтүп, улам-улам кайталатып турат. М: Анар нан жасап жатат, Капар паровоз менен кум ташып жатат ж.б.

Тарбиячы: -Кана балдар паровоз кантип жүрчү эле, үнү кандай эле?

Балдар —«у-у-у», «пыш-пыш-пыш» дешип үнүн туурашат. (Балдардын баары ойношот). Сабактын экинчи бөлүгүндө балдарга сыйкырдуу геометриялык фигураларды доскага тартып коюп, бул эмнеге окшош? — деп сурайм. М: 3 чоң,

кичине тегерек, муну балдар аюунун башына окшош — деп салыштырышат. Лимонду, алманы теңинен кессе, эмнеге окшош? ж.б. (өзүнүн жарымына). Кыз ыйлап жатат, эмне кылып сооротосуң? (оюнчук берип, эркелетип ж.б.). Пласстилинди алакан менен жылытпай, үйлөбөй, жылуу сууга кармабай, кантип жылытса болот? (Терезеге, печканын жанына коюп) ж.б. ушул сыяктуу суроолор менен балдардын ойлонууга мажбурлайм да, алымча-кошумча менен сабагымды жыйынтыктайт.

*Сегизинчи сабак. Тема: Түшүм майрамы. Оюн-сценка.*

Программанын мазмуну: Балдарды оюн-шоок аркылуу күз майрамына арналган көркөм ырлар, табышмактар, жаратылыштын ар түркүн кубулуштары жөнүндөгү макал-ылакаптарды эске түшүрүү менен алардын сөз байлыгын көбөйтүү. Балдардын дан өсүмдүктөрү жана жашылча-жемиштер тууралуу билгендерин эсине тутуп калуу үчүн оюн-сценка аркылуу кайталоо.

Методикалык ыкмалары:

1. Ишенимдүү сүйлөшүүлөр
2. Кыздар жана балдар болуп эки топко бөлүнүп мелдеш өткөрүү.
3. Оюн арасында сюрприз менен оюнду жандандыруу.

Сабактын жабдылышы: Группадагы жайгашкан оюн бурчу, боз үйдүн ичи, папьемаждан жасалган жашылча-жемиштер, атрибуттар, сүрөттөр.

Сабактын жүрүшү: Тарбиячы. Балдар бүгүн биз силер менен башкача оюн зоок өтөбүз. Кана, эмесе, балдар бир тарапка, кыздар бир тарапка бөлүнөлүчү, бүгүн балдар-кыздар эки топко бөлүнүп, мелдешебиз. Киминер көп күз майрамы же болбосо түшүм берекеси боюнча ырларды, табышмактарды, макал-ылакаптарды билет болдуңар экен?.

Тарбиячы: Керилген жер бети,
Алтындай келбети.
Тоо болуп жыйналат,
Эмгектин бермети.

***

Бүгүн биздин бакчада,
Балдар, кыздар мелдешет.
Ким көбүрөөк таба алат
Талааларда эмне өсөт?

Кана эмесе кыздар биринчи ыр эмне жөнүндө? (буудай, арпа, картошка) ж.б.

-Эми балдардын жообун угалы, экинчи ыр эмне жөнүндө? (дарбыз, таруу, помидор) ж.б.

Тарбиячы: -Негизинен туура, бирок кичине аралаштырып жибердиңер, дан жемиштерге: картошка, помидор, бадыраң, кызылча, дарбыз, ж.б. өсүмдүктөргө: буудай, арпа,таруу, жүгөрү, күрүчтөр кирет.

Эми балдарга суроо: Дан өсүмдүктөрүнөн кандай тамак жасалат?

Балдардын жообу: Буудайдан — нан, арпадан — жарма, таруудан-бозо.

Кыздарга суроо: Жер-жемиштен эмне жасалат?

Кыздардын жообу: Алма, өрүктөн — компот, сабиз, кызылча, картошкадан — салат, малина, карагаттан — варенье ж.б.

(Эшик чертилип, Баба Дыйкан кирет). —Баба Дыйкан (жардамчы тарбиячы).

-Бул жакта эмне болуп жаткан балдарым?

Тарбиячы: Түшүм майрамы. Баба Дыйкан. —Болсун, болсун, дайыма токчулук болсун, силерди эки топко бөлүнүп алып, мелдешип ойноп жатышат дегенинен мен дагы оюнуңарды көрөйүнчү — деп келип калдым, балдар мага кулак төшөгүлөчү, эгер табияттын касиеттүү күч кубаты болбосо, жалгыз менин колуман эч нерсе келбейт эле, бул кайсы керемет балдар . Балдардын жообу. —Күн! Суу! Жер!

(балдар кыйналса өзүм жардамдашам).

Тарбиячы : -Баба Дыйкан жай отуруп, эс алыңыз, биздин балдардын ырын угуңуз. Хор: «Бүлдүркөн».

Тарбиячы: -Эми эки командадан бирден бала чыгышып, макал-ылакап айтышат.

М: «Күз күрөш, жаз жарыш», «Эмгек кылсаң жашыңдан, дөөлөт кетпейт башыңдан» (Балдар улам бири билген макал-ылакаптарын айтышат).

Тарбиячы: Балдар кичине эс алып, ойноп албайлыбы, чарчап кеттиңер окшойт. Оюн : «Аркан тартышмай».

Тарбиячы: -Балдар эмки кезек көркөм ыр айтууда, кана кыздар силер баштайсыңарбы?

Кыздар: Эгер булар болбосо
Өмүр кантип гүл ачмак.
Баарыбызга бак берген,
Күнгө, суугa ырахмат!

Балдар: Ачкан адам ушу экен,
Жашообуздун башатын.
Кудурети түгөнгүс,
Баба Дыйкан жашасын!

Баба Дыйкан: —Ырахмат балдарым, силердин ыр күлкүңөргө аябай ыраазымын, эми мен силерге Акылмандын сөздөрүнөн айтып берейин, дайыма эсиңерге тутуп жүргүлө.

-Кирдин суусун баспа.
-Өзүңдөн улууга азил айтпа.
-Адамдардын алдында тиш чукуба.
-Босогону кучактаба.
-Күн чыкканча уктаба.
-Башкалар сүйлөшүп жатканда, алардын сөзүн бузба.
-Башыңды төмөн салып отурганга үйрөнбө ж.б.

Тарбиячы: -Ырахмат, Баба Дыйкан, биздин балдар сиздин бул сөзүңүздү ар дайым эстеп жүрүшөт. Жүргүлө балдар чоң атаны узатып коелу.

**Ноябрь айы.**

*Тогузунчу сабак. Тема: Жашылчалар. Дидактикалык оюн.*

Программанын мазмуну: Жашылчалар жөнүндөгү түшүнүктөрүн калыптандырууну улантуу, алардын аталышын, өңү-түсүн, даамынын мүнөздүү белгилерин билүүгө үйрөтүү.

Методикалык ыкмалар :

1. Ишенимдүү сүйлөшүүлөр
2. Жашылчаларды сүрөттөн таанып билүү

3. Жашылчалар жөнүндө табышмактарды, ырларды айттыруу.
4. Сабакты жыйынтыктоо.

Сабактын жабдылышы: Жашылчалар, сүрөттөр, ТРИЗдин элементи боюнча сюжеттүү сүрөттор:
М: бакта өскөн помидорлор, огороддо өскөн алмалар ж.б. (алмашылган сүрөттөр).

Сабактын жүрүшү: Тарбиячы: -Балдар, биз бүгүн силер менен жашылчалар дүйнөсүнө барабыз. Фланелеграфтагы жашылчалардын сүрөтүн карагылачы, эмнелерди көрүп турасыңар?

Балдардын жообу: Сабиз, картошка, пияз, капуста, туруп, шалгам, помидор,.бадыраң.

Туура, балдар, булардын өңү-түсү, даамы кандай, кайсы жерлерде өсөт?

Тарбиячы балдарга алмашылып тартылган сүрөттөрдү көргөзөт, балдар сүрөтчүнүн катасын оңдошот.

М: Помидор бакта, алма жерде өсүп турган болот. Сүрөт боюнча ишти бүткөндөн кийин балдар табышмактарды табышат.

Табышмактар: Топтомолок бою бар,
Токсон тогуз тону бар.
(капуста).

Үстү таш, асты таш,
Ортосунда бышкан аш.
(данек, жаңгак)

Тарбиячы: -Азыр балдар мен силерге Т.Самудинов агайыбыздын төмөнкү ырын окуп берейин, силер эстеп калгыла.

Жашылчанын ичинде,
Жайнаган курт-кумурска.
Ошондуктан мөмөнү,
Жууп жешти унутпа!

(Эки-үч сыйра кайталап окуп берет).

-Бүгүн баарыбыз аябай жакшы иштедик, азаматсыңар силер көп сөздөрдү билет экенсиңер — деп сабагын жыйынтыктайт.

*Онунчу сабак. Тема: Жемиштер. Дидактикалык оюн.*

Программанын мазмуну: Балдардын турмушунда көбүрөөк кездешүүчү жашылча-жемиштерди. ажырата билүүгө, балдарды берилген суроого толук сүйлөм менен жооп бере билүүгө, сөздөрдү туура айта билүүгө үйрөтүү.

Методикалык ыкмалар:

1. Ишенимдүү сүйлөшүүлөр, балдарга суроолорду берүү: бул эмне, ал кайда өсөт, эмнеде өсөт, даамы кандай, мунун баарын бир сөз менен эмне деп айтабыз?
2. «Сыйкырдуу баштык». Дидактикалык оюн.

Сабактын жабдылышы: сүрөттор, муляждар же жер-жемиштин өзү.

Сабактын жүрүшү: Тарбиячы: -Балдар , баарыңар тегерек тартып менин жаныма келип отургулачы, мына бул сүрөттөгү жер жемиштерди баарыңар эле таанышйт болушуңар керек, себеби апаңар күзүндө Жер Эненин бизге берген белеги жашылча-жемиштерден «Витамин болот» - деп кышка сакташ үчүн ар түркүн салаттарды, вареньелерди камдашып жүрүшөт. Эми балдар, эмнени жемиш, эмнени жашылча дейбиз, тактап алалычы. Жемиштердин мөмөсүн жейбиз,

Алар : өрүк, карагат, малина, алма, алмурут, алча, анар, жаңгак ж.б. Мөмөнү бактан терип алабыз. Ал үчүн адегенде. бактын көчөтү отургузулат. Сугарып багабыз, 3-4- жылдан кийин ал чоңоюп, даракка айланат, жазында гүлдөйт, гүлдөрү түшүп, ордуна жашыл тоголоктор пайда болот, быша элек алма, өрүктөрдүн даамы ачуу болот. Бара-бара булар кызарып, саргайып күзгө жуук таттуу мөмөгө айланат. Ал эми сабиз, капуста, картошка, пияз ж.б. жашылчаларга кирет. Булар талаада эгип өстүрүлөт. Алар мөмөгө окшоп ширин эмес. Сабиздин, картошканын, шалгамдын тамырын, помидор, бадырандын мөмөсүн, ышкындын сабагын, капустанын жалбырагын жейбиз.

-Түшүндүңөрбү балдар, эми биз «Сыйкырдуу баштык» оюнун ойнойлу, оюндун шартын жакшы билесиңер, кана ким баштайт.
(Балдар менен суроо-жооп ирээтинде оюн улантыла берет).

*Он биринчи сабак. Тема: С.Маршак. «Дөдөй чычкан жөнүндө жомок».*

Манжа куурчактар менен инсценировкалап берүү.

Программанын мазмуну: Балдарды жомок жанры менен тааныштырууну улантуу, оң жана терс каармандарды айырмалап билүүгө үйрөтүү, жаш балдарды эркелеткенде колдонулуучу сөздөрдү үйрөтүү. Манжа куурчак аркылуу чыгарманы балдарга жеткиликтүү кылып көркөм айтып берүү менен, балдардын ой жүгүртүүсүн өстүрүү.

Методикалык ыкмалар:

1. Ишенимдүү сүйлөшүүлөр.
2. Суроо-жооп ирээтинде жомоктун каармандары менен тааныштыруу.
3. Жомокту инсценировкалап берүү (жаңы тема).
4. Жомоктун мазмуну жөнүндө аңгемелешүү, сабакты баалоо.

Сабактын жабдылышы: Колдун манжаларына кийилип ойнолуучу жомоктун каармандары: чычкан, чычкандын баласы, өрдөк, бака, жылкы, таак, мышык куурчактары, китеп «Наристе» 56-бет.

Сабактын жүрүшү: Тарбиячы: -Балдар столго тегерете тартып отургулачы, мен бүгүн силерге манжа куурчактары аркылуу аябай кызыктуу жомок айтып берейин. Уккуңар келеби? Колумдагы куурчактарды карагылачы, буларды тааныдыңарбы, бул болсо эмнеге окшош экен? -Туура чычкан. (Балдарга улам бирин көргөзүп, аттарын атоо менен бир сыйра жомоктун каармандары менен тааныштырат).

Андан соң көркөмдөп ар бир жаныбардын үнүн тууроо менен жомокту көркөмдөп айтып берет.

Чычкан ырдайт ийнинде:
«Укта бөпөм уктагын,
Катуусунан берем нандын,
Жана майдын артканын».

Чычкан жооп берет кепке:
«Сенин үнүң эң эле ичке
Апаке, көп чыйылдабай,
Мага жалдап бер малай».

*Он экинчи сабак.. Тема: «Шорпо бышыралы».*
*Дидактикалык оюн.*

Программанын мазмуну: Жашылча жана жемиштер жонүндө түшүнүктөрдү калыптандырууну улантуу. Алардын аталышын, өскөн жерин, тамакка кандай колдонулушу жөнүндө үйрөтүүнү улантуу. Жашылчаларды өстүрүүдөгү адамдардын эмгеги жөнүндө түшүнүгүн кеңейтүү, кыргыздын конок тосуу каада-салтындагы жакшы жактарын балдарга жеткиликтүү кылып түшүндүрүү.

Методикалык ыкмалары:

1. Ишенимдүү сүйлөшүүлөр, жаман-жакшы оюну.
2. Мурунку өткөн материалдарды кайталоо. (Жашылча-жемиштердин аталышы, өңү-түсү, өскөн жерин ж.б.)
3. Дидактикалык оюн. «Шорпо бышыруу» . (пантомимо менен).
4. Жашылчалар жөнүндөгү табышмактардан айтуу, сабакты баалоо.

Сабактын жабдылышы: Оюнчук идиш-аяктар, жашылчалардын түсүн берген муляждар, сюжеттүү сүрөттөр.

Сабактын жүрүшү: Тарбиячы -Балдар, азыр кайсы мезгил экенин силер жакшы билесиңер, күзүндө жашылча-жемиштер толугу менен бышып бүтүп, кышкыга сакташ үчүн чогултуп жыйнай баштайт, туурабы? Күзүндө үйүңөрдөгү тамак-аштын баары жашылчалардын түрлөрү менен жасалып турат.

Үйгө көп коноктор чакырылат, үйгө бат-бат конок келип турган жакшы ээ балдар, себеби дасторкондо жер-жемиш, салаттын түрлөрү көп жасалат.

-Эми бүгүн биз дагы силер менен чогуу группадагы куурчактарыбызды конок кылбайлыбы, ал үчүн келгиле жашылчалардан этке кошуп шорпо бышыралы. Столдун үстүндө кострюл турат, буга биринчи эмне салабыз?

-Туура биринчи эт салабыз, ал көпкө кайнагандан кийин, ага пияз, калемпир, сабиз, капуста, картошка кошуп бышырабыз. (Балдар ыраатты менен жашылчаларды кострюлга салышат, алардын арасына балдардын ойлоо жөндөмдүүлүгүн өстүрүш

үчүн жаңгак, өрүк ж.б. кошуп коём да, өрүк-мейизди да кошсо болобу? — деген суроолор менен балдардын ойлонуусуна түрткү берем. . Мындан тышкары балдар өздөрү кармаган жашылчалардын даамы кандай экенин пантамимо менен көргөзүп бергилечи — деп сурайм. М: пиязды, калемпирди көрсөтүп, «ачуу» деп ичиркенет, сабизди-таттуу ж.б. Кана, балдар шорпо бышты, куурчактар менен бирге ичип жатасыңар, даамы кандай экен?

-Ах даамдуу шорпо болуптур !.

Тарбиячы: -Бүгүнкү силер тамакка кошкон жашылчалар жөнүндө табышмак айтп берейин, жообун таап көргүлөчү:

«Кичинекей бою бар,
Кабат-кабат тону бар.
Андан тамак жасайбыз,
Таттуу борщ деп атайбыз».

(капуста)

«Кабат, кабат кийинет
Жамгыр жааса сүйүнөт.
Кабыгында тим жатат,
. Аарчыганда ыйлатат».

(пияз).

_Азаматсыңар балдар, бүгүн силер абдан жакшы балдар болдуңар, кантип конок тосуу жөнүндө үйрөнүп алдыңар, эшиктен мейман келсе, келиңиз үйгө кириңиз-деп тосуп алышыңар керек, балдар!

**Декабрь.** *Он үчүнчү сабак.*

*Тема: Кыш мезгили. Сюжеттүү сүрөттөр менен иштөө.*

Программанын мазмуну: Балдарды жыл мезгилдерин бири-биринен айырмалай билүүгө үйрөтүү. Кыш мезгилинин өзгөчөлүгү менен тааныштыруу. Балдардын сүйлөө сөзүндө кыш, чана, суук, ызгаар деген сөздөрдү киргизүү менен, алардын сүйлөө речин активдештирүү.

Методикалык ыкмалары:

1. Ишенимдүү сүйлөшүүлөр: жаман-жакшы окуу.
1. Кыш мезгили жөнүндөгү ырлардан көркөм окуу.
2. Кыш жөнүндөгү табышмактардан айттыруу.

3. ТРИЗ. Сюжеттүү сүрөт менен иштөө.
Сабактын жабдылышы: Сюжеттүү сүрөттөр, «Байчечекей» журналынан чогултулган табышмактар. А.Токомбаев «Китеп».
Сабактын жүрүшү: Тарбиячы: -Балдар, силер күнүгө бала бакчага келип жатасыңар, кээ бириңер жөө, кээ бириңер машина менен, кээ бириңерди чанага сүйрөп келип жатат. Күндөн-күнгө аба-ырайы өзгөрүлүп, суук күчөп келе жатат. Сизлер бакчага келгенче бети-колуңар муздап үшүп кетип кабагыңар бүркөө келип жатасыңар, бирок группага кирип жылынгандан кийин досторуңар менен, мени менен учурашып, ар нерселерге алаксып калгандан кийин эле эшиктин суугу унутулуп калып жатат, ээ балдар? Кыш мезгили эмнеси менен силерге жагат, эмнеси жакпайт? - деген суроолор менен «Жаман-жакшы» оюнун жүргүзөм. Бул жаман жагы. Ал эми жакшысы — чана тээп ойногонубуз, кар тоголоктоп алып, кар кишини жазаганыбыз, жаңы жылда аяз атанын бизге келип белек бергени.

Балдардын жообу: М: суук болгону, жердин тайгалак болгону ж.б.

Туура айттыңар, кыш мезгилинин жакшы жагы да, жаман жагы да болот экен. (Эшик чертилет). _Ой биздин эшик го такылдап жаткан, ким болду экен?

-Ай-иий, балдар бизге токойдогу досторубуздан кат келиптир, ачып көрөлүчү, эмне деп жазышты экен? : «-Урматтуу достор, биз силерге өзүбүзгө жаккан бир ырды почта аркылуу салып жибердик, биз жаңы жылда силер менен жолугушканча, силер да бул ырды жатка үйрөнүп алсаңар» - деп Коенек досторуңар.
Тарбиячы : -Кана эмесе, көңүл буруп уккулачы, эмне деген ыр болду экен?

А.Токомбаев. «КЫШТА».

«Мына-мына аппак кар,
Ак кар сенде алтын бар.
Келе берсин аппак кар,
Муз тебели жаш балдар.

Учуп түшкөн аппак кар,

Жазда терден эришет.
Жерге жашын төгүшөт.
Жер өстүрөт эгинди,
Эгин өсүш тегинби».

Ыр жактыбы балдар, жаттап алганга оңой эле экен ээ балдар. Достор келгенче бат эле жаттап алабыз ээ, ай-ий коенектер бизге табышмак дагы жазып жиберишиптир, жообун таап көргүлөчү:

«Тору тайды жетелеп,
Тоого чыккан эртелеп.
Тоодон ылдый мен минем,
Типтик ылдый желдирем»

(чана)

«Колу жок, буту жок,
Терезеге сайма саят.
Чыйрыктырып этинди,
Чымчып алат бетинди».

(аяз)

«Шекер десем шекер эмес,
Жаз келмейин кетээр эмес». (кар).

Балдар коенектин табышмактарынын да жообун оңой эле таап койдук, эми чарчап кеттиңер окшойт, келгиле эс алып алалы. Пантомимо менен дене тарбиялык кыймыл - аракеттерди жазаттырат.

-Кар күрөйбүз. (Энкейип, колунда күрөк бардай элестетип жасашат).

-Тоо кылып үйдүк, -Чакалап суу төгөбүз, -Тоңду, -Эки колубузда таяк лыжа тээп келе жатабыз, -Колдорубуз үшүп кетти, ушалап үйлөп жатабыз.

Азаматсыңар, эс алып калдыңарбы, эми ордуңарга олтургула.

Балдарга сюжеттүү сүрөттү көргөзөм, мурунку сабакта өтүлгөн таанып
сүрөттөр болуусу керек. ТРИЗдин элементи боюнча сүрөттү 5-6- секунд көргөзүп туруп катып коем же болбосо тескери каратып илип койсо да болот. Сүрөттөр кыш мезгили чагылдырылган. Балдарга суроо берилет:

-Сүрөттө кайсы мезгил чагылдырылган?

-Балдар эмне кылып жатышат?

-Дагы эмнелерди көрдүнөр?

-Канча бала бар элс? ж.б.

Суроо-жооп аркылуу балдардын билбегендерине толуктоо жүргүзүү менен сабак аяктайт.

*Он төртүнчү сабак.*

*Тема: «Коёнго үй салуу».*

Программанын мазмуну: Балдарды көркөм чыгарма менен тааныштырууну улантуу жана жомоктогу оң жана терс каармандарды ажырата билүүгө, жомоктун сюжети боюнча курулуш материалдары менен тигинен туурасынан, белгилүү бир аралыкта жайгаштырып конструкциялоо ишине көнүктүрүү.

Методикалык ыкмалар:

1. Балдарга жомокту көркөм айтып берүү.
2. Кыш мезгилиндеги жаратылыштын өзгөрүшү жөнүндө аңгемелешүү.
3. Жаратылыш материалдары менен иштөө.
4. Сабакты баалоо.

Сабактын жабдылышы: Пластилин, шириңкенин таякчалары, чий, таш, жыгач таякчалар, геометриялык фигулара.

Сабактын жүрүшү: Тарбиячы: Балдар азыр кайсы мезгил? -Кыш. -Кыш мезгили экенин кантип билдиңер? -Туура, эшикте аппак кар, суук, бак-дарактар жылаңач.

-Кана балдар, силер муздак үйдө олтурасыңар, элестетип көргүлөчү. (Балдар пантомимо менен көргөзүшөт, үшүп, бүрүшүп турганын). Эми балдар жылуу үйгө кирип, жылып калдыңар дейли. (Балдар жайылып-жазып, тердеп калышканын көргөзүшөт).

-Балдар азыр мен токойдогу бир окуя жөнүндө айтып берейин, уккуңар келсби, анда эмесе көңүл бургула. Кыргыз эл жомогу «Коён менен түлкү».

-Илгери, илгери түлкү менен коён токойдо ынтымактуу жашашчу экен, түлкүнүн үйү муздан, ал эми коёндун үйү жыгачтан болуптур. Ошентип жашап жүрүшкөндө, күндөрдүн биринде жаз келет да, күн жылыганда түлкүнүн үйү эрип түшүп калат. Куу түлкү ач көздүгүн карматып, алы жеткен коёнду

үйүнөн кубалап чыгат да өзү жашап калат... (Эшик четилип бала коён ыйлап кирет, аябай үшүп калган) (сюрприз).

Тарбиячы : -Эмне болду коёнек, сени ким таарынтты, кой ыйлаба, кел жылынчы, үшүп калыптырсың.

Коён. —Менин үйүмдү түлкү ээлеп алып, мени үйдөн кубалап чыкты, токойдо жүрө берип аябай үшүп кеттим.

Тарбиячы: -Балдар кантип коёнго жардам беребиз, токойго баралы десек аябай алыс, анын үстүнө эшик суук.

Балдардын жообу: (Ар ким өз ойлорун, өз фантазиясын айтышат).

Тарбиячы: -Келгиле балдар, биз коёнго мына бул стол үстүндө жаткан жаратылыш буюмдарынан үй куруп бербейлиби, ар ким өз каалаган столуңарга олтургула да, каалаганыңардай үй куруп баштагыла.

Балдардын ишине коёнду катыштырып, кыдырып анализ берүү менен сабак жыйынтыкталат.

*Он бешинчи сабак.*

*Тема: «Күз жана кыш». Дидактикалык оюн.*

Программанын мазмуну: Жыл мезгили жөнүндөгү түшүнүктөрүн кеңейтүү. Күз менен кыштын айырмасын сүрөттөрдөн, аңгемелерден, ырлардан айырмалап көргөзүүгө үйрөтүү.

Методикалык ыкмалар :

1. Ишенимдүү сүйлөшүүлөр.
2. Сүрөттөгү көрүнүштөр жөнүндө аңгемелешүү, балдардын оюн угуу.
3. Күз жана кыш мезгили жөнүндөгү өзүнүн көргөн билгендерин да айттырса болот, жатка билген ырларынан да айтса болот.

Сабактын жабдылышы: Сюжеттүү буюм сүрөттөрү, жашылчалардын муляждары, кышында керектүү буюмдар: лыжа, чана, жыгач лопатка жана күзүндө керектүү буюмдардын сүрөттөрү : күрөк, кетмен, чака, жыгач ящиктер.

Сабактын жүрүшү: Балдар столду тегеректеп олтурушат, столдун үстүндө көп сюжеттүү предметтүү сүрөттөр жатат.

Фланелографта илинген сүроттөр. Тарбиячы балдардын көңүлүн бурат.

-Балдар, сүроттөн эмнени көрүп турасыңар, кайсы мезгил тартылган, эмне үчүн күз мезгили - деп ойлойсуңар?

Балдардын жообу :

Андан кийин кыш мезгили чагылдырылган сүрөткө талдоо жүргүзүлот.

-Туура балдар, күз менен кыштын ортосунда аз эле айырмачылыктар болот экен, биздин Нарын жергебизде кеч күздо эле айлана-чөйрөнү ак кар каптап калат, суук күч ала баштайт.

-Мына балдар менин столумдун үстүндө күз мезгилине көбүрөөк пайдалануучу жана кыш мезгилинде да зарыл буюмдардын сүрөттөрү жатат, азыр улам бириңер чыгып, күз мезгилине тиешелүү буюм-терим сүрөттөрдү күз мезгили тартылган сүрөттүн алдына, ал эми кышка керектүүсүн кыш мезгили тартылган сүрөттүн алдына койгула. (Балдар иштеп жатканда эмне үчүн булар күзүндө же кышында керек деп ойлойсуң —. деген суроолор менен балдардын ой-пикирин билем). Мисалы: балдар кетмен менен картошка казабыз, ал эми жыгач күрөк менен кар күрөйбүз -- деп жооп берүүсүнө багыттайм. Сүрөт менен иштеп бүткөн соң, балдар менен эркин аңгемелешүүгө өтөм. Мисалы: кышында же күзүндө силер ата-энеңер менен, бир туугандарыңар менен эмне кылдыңар, талаалардан эмне чогултуп алдыңар, кандай кызыктуу нерселерди көрдүңөр? — деген суроолор менен балдардын сөз байлыгын, айтайын деген оюн толук сүйлөм менен шашпай сүйлөй билүүгө үйрөтөм. Убакыт болуп калса жыл мезгилдери боюнча билген ырларынан, табышмактардан, макал-ылакаптардан айтып берүүсүн өтүнөм. Балдардын жообуна жараша анализ берүү менен сабагымды жыйынтыктайм.

*Он алтынчы сабак.*

*Тема: Аяз ата. Т.Тыныбеков. Ырдан үзүндү жаттоо.*

Программанын мазмуну: Балдарга кыска, түшүнүктүү көркөм ырларды жатка айтууга көнүктүрүү, 2-3 сыйра көркөм окуу

менен ырдын мазмуну менен түшүндүрүү. Балдардын эске тутуу жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу.

Методикалык ыкмалар:

1. Балдар менен аңгемелешүү.
2. Сюжеттүү сүрөттөр аркылуу кыш белгисиндеги айырмачылыктар жөнүндө сүйлөшүү.
3. Ырды 2-3- сыйра кайталап окуп, балдарга жалпы кайталатып айттыруу менен ырды жаттатуу.

Сабактын жабдылышы : Сюжеттүү сүрөттор. Китеп «Наристе».

Сабактын жүрүшү: Тарбиячы. Балдар жакында биз кайсы майрамды тособуз, кышында кайсы майрам болчу эле? Унутуп калдыңарбы, тоодон балаты алып келип, оюнчуктар менен коздон тегеренип ырдаган кайсы майрам ?

Балдардын жообу: - Жаңы жыл.

Эң туура балдар, жаңы жылда биз балаты орнотобуз, бизден башка дагы кимдер болчу эле? Балдардын жообу: -Аяз ата, аяз кыз ж.б.

(Балдар кыйналса сюжеттеги сүрөттөр аркылуу балдар менен сүрөттөн дагы кимдерди көрүп жатасыңар? — деген суроолор менен жаңы жылдык кечени өтүлүшүн бир сыйра айтып кетет). Балдар, эми жаңы жылды жакшы тосуу үчүн биз көп ырларды, табышмактарды, оюн-зоокторду билишибиз керек, антпесек Аяз ата кызы менен бизге келбей коюшу мүмкүн. Келгиле Т.Тыныбеков агайыбыздын биз үчүн жазган «Көрөлү Аяз атаны» - деген ырын жаттап алалы.

«Жерди чийст чапаны,
Табышмактар айталы.
Кебездей экен сакалы,
Тамашага баталы.
Кызыл мурун, ак каштуу,
Жүргүлө балдар, жүргүлө,
Көрөлү аяз атаны.

Ырдын мазмунун түшүндүңөрбү, ким жөнүндө экен?

-Туура Аяз ата жөнүндө жазылыптыр, кана эмесе, мени менен кошо жалпы кайталайбыз- деп балдарга 2-3 жолу кайталатат да, ылдам эстеп калган балдардан жаныма коюп алып кайра кайталоо менен сабакты жыйынтыктайт.

**Январь.** *Он жетинчи сабак.*

*Тема: Куурчак театр «Чыпалак бала».*

Программанын мазмуну: Жомоктун жардамы менен балдардын жаратылышка болгон аң сезимин өстүрүү, жомоктун каарманынын кейпин тууроого өнүктүрүү, куурчак аркылуу ролдорду аткарууга көнүктүрүү менен балдардын сөз байлыгын өстүрүү.

Методикалык ыкмалар:

1. Ишенимдүү сүйлөшүүлөр.
2. Жомоктун мазмуну боюнча кыскача аңгемелешүү.
3. Ролдорду бөлүштүрүү.

Балдардын ширманын артына олтуруп алып куурчактардын кыймылына жараша сөздөрүн айта билүүсүнө багыт берүү, унутулуп калган сөздөрү болсо, эсине салып туруу менен, алып баруучулук милдетти кошо аткаруу.

Сабактын жабдылышы: Колго жасалган куурчактар : абышка, кемпир, чыпалак бала, карышкыр, койчу, төө. Куурчак театр үчүн жазалган ширма.

Сабактын жүрүшү: Тарбиячы: Балдар силер көп жомокту билесиңер, мен мурун силерге бош убактыңырда айтып берген жомоктордон эсиңерде барбы?

Кайсы жомокто төө менен карышкыр чыпалактай баланы жутуп койчу эле?

Балдардын жообу: -Чыпалак бала.

Эң туура балдар, кана жомок жөнүндө ким айтып берет? Балдар жооп беришет. Силер жомоктун мазмунун жакшы билет экенсиңер, кана эмесе бүгүн куурчак театр коюп көрбөйлүбү, оюн жакшы коюлса, эң кенже жаштагы бөбөктөрүбүзгө көргөзүп берели. Өзүңөр каалаган ролуңарды аткаргыла. (Балдар өздөрү каалаган ролдорун бөлүштүрүп алат). Балдар ширманын артында өз орундарын ээлеп отурушат. Көшөгө ачылат, алып баруучунун сөзү менен оюн башталат.

Алып баруучу: Илгери-илгери бир абышка-кемпир болгон экен, анын чыпалактай жалгыз баласы болуптур. Баланын чоңдугу чыпалактай эле экен. Ал абышка-кемпирге

уюн, коюн кайтарып дайыма жардам берчү экен. Бир күнү кой кайтарып жүрүп жалбырактын арасына кирип жатып уктап калат. Абышка-кемпирдин төөсү оттоп жүрүп, уктап жаткан чыпалак баланы жалбырак менен кошо жеп коёт. Абышка-кемпир баласын издеп кечке суй жыгылышат. Чыпалак бала кечинде короо четине келген төөнүн ичинен чыңырып жардам сурайт.

Чыпалак бала: -Оой, эл-журт жардамга, мени төөнүн кардын жара салып куткарып алгыла, мени төө жутуп жиберди.

Алып баруучу: -Муну уккан абышка-кемпир төөнүн кардын жара салып, баланы куткарып калат. Баласына мындай деп кеңеш айтат: «Кой балам мындан ары жалбыракка оронуп жатпай жүргүнүң , экинчи жалгыз — жарым баспай жүргүнүң» - деп акыл айтат.

Алып баруучу: -Ошентип чыпалак бала көнгөн алатынча жумушун жасап жүрүп, бир күнү үйүнөн алыстап кетет, адашып жүрсө жолдон карышкыр жолугат.

Карышкыр: -Ой, кедендеген сен кимсиң? Курсагым ачка эле, ырас болбодубу, жеп коеюн.

Чыпалак бала: -Кой Каке антпегин, өзүңө жаман, акыры жүрүп ит болуп каласың.

Карышкыр: -Ха-ха ...карышкыр ит болуптур дегенди ким айтты сага, ушул калпың үчүн сени жеймин.

Алып баруучу: Ошентип карышкыр баланы жутуп алат. Күндөрдүн бир күнүндө курсагы ачкан карышкыр, абышка — кемпирдин коюн жемекчи болуп короого жакындайт. Карышкырдын ичинде жатып чыпалак бала кыйкырат:

«Эй койчулар, корооңорго карышкыр келди, тургула!»

Койчу: -Кемпир келе мылтыкты карышкырды жайлайын.

Алып баруучу : -Карышкыр качып кутулат. Карышкыр кайсы жерге барып эмне болсо жейин десе эле, чыпалак баланын кыйкырыгы чыгып ага эч нерсе жедирбейт. Курсагы ачкан карышкыр аябай арыктап баспай калат. Ары ойлонуп, бери ойлонуп акыры мындай чечимге келет: «Кой минтип жүрө берсем баары бир ачкадан өлгүдөймүн, андан көрө адамдарга барып, коюн кайтарып, короосунда ит болуп алайын». Ошентип

баягы карышкыр адамдарга келип, алардын короосун кайтарып, алар менен бирге жан багып калган экен….!

Тарбиячы : -Балдар жомок силерге жактыбы, биздин балдардын куурчак менен ойногонучу, мындан ары баарыбыз улам кезектешип куурчак менен аткарууга аракеттенели. Эгер силер бүгүнкүдөн да жакшы ойносоңор яслинин балдарына куурчак театрыбызды көрсөтүп келебиз — деп сабак жыйынтыкталат.

*Он сегизинчи сабак.*

*Тема: Үй жаныбарлары. Сүрөт боюнча иштөө.*

Программанын мазмуну: Балдарды үй жаныбарлары менен жана анын балдары менен тааныштырууну улантуу. Жаратылышка болгон кызыгуусун арттыруу, үй жаныбарларынын турмушта кандай пайдалуулугу жөнүндө түшүнүк берүү менен аларды бага билүүгө үйрөтүү. Илгертен келе жаткан кээ бир жаныбарларга тиешелүү легендалар менен тааныштыруу.

Методикалык ыкмалар:

1. Ишенимдүү сүйлөшүүлөр.
2. Сүрөт аркылуу балдар менен ангемелешүү.
3. Төө эмне үчүн эки жагын каранат деген легенданы айтып берүү.
4. Дидактикалык оюн. «Кайсы жаныбар жок?»
5. Сюрприз: бала коёнду кийрүү менен өрт жөнүндө балдарга түшүнүк берүү.
6. Ыр, табышмактардан окуп берүү.

Сабактын жабдылышы: үй жаныбарлары балдары менен бирге турган сүрөттөрү, коёндун атрибуту, газета-журналдардан чогултулган үй-жаныбарларына тиешелүү ыр, табышмактар.

Сабактын жүрүшү: Тарбиячы. Балдар үйгө конок келген жакшыбы? Эмнеси жакшы?

-Туура балдар, конок келсе дасторкон толтура тамак-аш коюлат. Эт тартылат, стол үстүнө каймак май, айран коюлат. Көбүнчө бул тамактар жайлоодо берилет.

Ал эми бул тамак-аштар кайдан даярдалат, билесиңерби?

Балдардын жообу: Койлордон, уйлардан ж.б.

-Балдар булардын баарын биз жалпысынан үй-жаныбарлары деп айтабыз. (Фланелографка бирден үй-жаныбарларын балдары менен коём да аттарын сурайм, билбегенин өзүм толуктап турам, мындан балдардын көңүлүн сейрек көргөн төөнүн сүрөтүнө бөлөмүн).

-Төө дагы үй-жаныбарларына кирет, ал ар дайым талааларда жүрөт, аны адамдар жайлоого көчкөндө машина бара албаган тоо-таштуу жерлерге жүк ташуу үчүн пайдаланат. Тоонүн жүнү аябай пайдалуу, суусу жок жерлерде төө көп күнгө чейин суу ичпей чыдай алат экен.

Эми балдар, мен силерге «Төө эмне үчүн эки жагын каранат» - деген легенданы кыскача айтып берейин, жакшылап угуп тургула : -Илгери, илгери төөнүн куйругу узун, аркайган мүйүзү болгон экен. Бир күнү төө суу ичип жатса бугу чуркап келип : -Кагылайын төө, мен бүгүн конокко бармак элем, бир күнгө мүйүзүңдү бере турчу — деп сурап кетиптир, аны көргөн жылкы да төөнүн куйругун бир күнгө сурап кетет. Ошентип арадан көп убакыт өтөт, бирок төөнүн куйругу менен мүйүзүн бербей коюшат. Мүйүзүмдү бер деп бугудан сураса, ал мыскылдап күлүп: -Качан куйругуң жерге тийгенде берем, - дептир. Ошол күндөн баштап төө качан мүйүзүм менен куйругумду алып келишээр экен деп эки жагын карап калган экен. Ошон үчүн кыргыз элинде ала албаган карызын бири-биринс - «төөнүн куйругу жерге тийгенде аласың» - деген макал-лакап калган.

Тарбиячы : -Балдар, азыр ойноп алалы, мен «түн» дегенде көзүңөрдү жумгула, ал эми «күн» дегенде көзүңөрдү ачкыла да, Фланелографта кайсыл жаныбар жок экенин тапкыла. (А дегенде жаныбарлар уй музоосу менен, жылкы кулуну менен, кой козусу менен, төө тайлагы менен, эчки улагы менен коюлган болот, оюн башталганда арасынан бирөөсүн алып салам, балдар көзүн ачканда кайсы жаныбар жок экенин табуусу керек).

Эшик такылдайт. Сюрпризге бала-коён кирет. Бала-коён: -Балдар жардамга жүргүлө, токой өрттөнүп жатат, менин бөжөктөрүм ошол жакта калды. (Жаратылыш бурчунан кичине түтүн чыгат, мурунтан даярдалып коюлган арча түтөйт, балдар менен чогуу өчүрүлөт).

Тарбиячы : -Балдар, силер үйдө болсоңор да, короодо ойносоңор да ата-эненерден уруксатсыз ширеңке албагыла, тентек балдардын кесепетинен чоң-чоң токойлор өрттөнүп жатат — деп балдарга өрт жөнүндө түшүнүк берем.
Кана балдар, көңүлүңөрдү буруп жакшылап угуп тургулачы, мен азыр силерге ыр окуп берейин :

«Өш, Өш ! - деп өгүздү,
Өзөндөн сугарат.
Кош, кош! — деп,
Койду короодон чыгарат.
Чек, чек! — деп эчкини,
Талаага чыгарат.
Кет, Кет! — деп күчүктү,
Короодон кубалайт.

Табышмакты тапкыла : «Мөө» - деп мөңгүрөп,
Ыйлай жаздайт өңгүрөп!
(Уй).

Чапаны да, тону да,
Жайдыр-кыштыр жонунда.
Атам жүрөт кайтарып,
Таягы бар колунда.
(Кой).

Тарбиячы: Бүгүнкү сабакта жакшы жооп берген балдарды жылдызча менен сыйлап коеюн — деп балдарга жылдызча таратуу менен сабак бүтөт.

**Он тогузунчу сабак.**

*Тема: «Кышында» деген ырды көркөм окуу.*

Программанын мазмуну: Жаратылыш кубулуштары жөнүндөгү поэзия жанры менен тааныштырууну улантуу. Көркөм чыгарманы эмоционалдуу кабыл алып, анын мазмунун, автордун айтайын деген оюн сезүүго үйрөтүү. Көркөм текст аркылуу айлана-чөйрөнүн коoздугун белгилөөгө үйрөтүү.
Методикалык ыкмалар :

1. Ишенимдүү аңгемелешүү.
2. Ырды жатка көркөм окуу.

3. Кыш мезгилин сүрөттөгөн иллюстрацияларды колдонуу.
4. «Ким кандай кийинет».. Дидактикалык оюн.
5. Сабакты баалоо.

Сабактын жабдылышы: Кыш мезгилин сүрөттөгөн иллюстрациялар. Чана, лыжа, коньки тепкен балдардын сүрөтү, карточкаларда аларга ылайыкташтырылып кийилүүчү кийимдердин сүрөттөрү.

Сабактын жүрүшү: Тарбиячы: Кыш мезгилин ким жакшы көрөт? Балдардын жообу:

-Мен дагы жакшы көрөм балдар. Силердей кезимде чана тепкенди жакшы көрчүмүн, азыр лыжа тепкенди жакшы көрөм. Кышында эмне көп болот? (кар).

Кар жөнүндө ким эмне билет? Айтып бергилечи. (балдар билген ырын же табышмагын айтып берет). Эми мен силерге сүрөт көргөзөмүн. (Кар жаап жатат, үшүгөн канаттуулар, балдар канаттууларга жем чачып жатышат). Кызык бекен? Эмне көрдүңөр? Балдардын жообу.

Эми, балдар Нурпаис Жаркынбаев деген агайыбыздын кыш жөнүндө жазган ырын угуп көрөлүчү. (Көркөм окулат).

«Сампарлап,
Түнү бою түшүп кар,
Терезе түбүндө акырын,
Термелет аязга үшүп тал.
Башында таранчы,
Кезинде издеп ал, колокө
Көлмөдө канатын таранчу».

Ал айтат :

Бөбөктөр, -Чик-чирик, чик-чирик,
Ичикий жемим жок, курсак ач,
Куштарга кышында,
Жем чачып, камдагын жылуу жай.
Баратат күн дагы кечкирип,
Тап берип курулай учурба…

Тарбиячы : -Кышында эмне үчүн жылуу кийим киебиз?

(суук...). Бактар, канаттуулар кышында эмне болушат экен? (үшүшөт...).
Таранчылардын курсагы эмне үчүн ачат? (тамак жоктугунан....). Жазуучу агайыбыз силерге кайрылыптыр, кышында канаттууларга дайыма жем чачып тургула дептир, уккулачы :

Бөбөктөр,
Куштарга кышында,
Жем чачып, камдагын жылуу жай.

Мындан ары ар дайым кышында канаттууларга нандын күкүмүн берип жүргүлө.

-Эми, мына бул сүрөттөрдү карап, тиешелүү кийимдерди балдарга тандап кийгизгиле, ким кандай кийиниүүсү керек, лыжаны ким табат, чананы ким табат, коньки кимге ылайык, жаш өзгөчөлүгүнө карап бөлүштүрүү керек.

*Жыйырманчы сабак:*

*Тема: «Ким көп билет». Конкурс сабак.*

Программанын мазмуну : Балдарга макал-ылакаптарды, табышмактарды, жаңылмачтарды үйрөтүү менен аларды шар сүйлөөгө, тапкычтыкка, сезгичтикке үйрөтүү. Эске тутуу жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу.

Методикалык ыкмалар :

1. Өтүлгөн сабактарда үйротүлгөн макал-ылакаптарды, жаңылмач, табышмактарды эсине салуу.
2. Эки топко бөлүп алып, мелдешүү.
3. Жеңген командага сыйлык берүү.

Сабактын жабдылышы: Газета-журналдардан чогултулган макал-ылакаптар, «Байчечекей» журналдарынан алынган кроссворддор.

Сабактын жүрүшү: Тарбиячы : -Бүгүнкү сабагыбыз күндөгүдөн такыр башкача түрдө өтүлөт. Бүгүн биз эки командага бөлүнүп алып мелдеш түрүндө сабак өтөбүз. Азыр балдар бир тарапка бөлүнүп «Шумкар» деп аталат, ал эми кыздар бир тарапка бөлүнүп «Гүлкайыр» командасы болуп бөлүнөт. Бир тарапка кыздар, экинчи тарапка балдар олтургула, кыздар жооп бергенде, балдар күтүп турат, балдар жооп бергенде кыздар :

-Кана эмесе баштадык .

1-тур. Макал-ылакап айтышуу.

1. Эл эмгегин жер жебейт.
2. Мээнетиң катуу болсо,
   Тапканың таттуу болот.
3. Жаз жарыш, күз күрөш .
4. Эринчээктин жаны таттуу,
   Эмгекчилдин наны таттуу.
5. Эмгек кылсаң жашыңдан,
   Дөөлөт кетпейтбашыңдан.
6. Эмгектен качсаң дөңгөккө.

Табышмак табышуу.

1. Тоодон топ түштү, буту-колу жок түштү.
   (мөндүр)
2. Сырты жаргак менен капталган,
   ичи кызыл карагаттар сакталган.
   (анар).
3. Топтомолок бою бар, токсон тогуз тону бар.
   (капуста)
4. Күнү ысык, гүлго бай,
   Күлүп турган учур .... кайсы убак?
   (жай)
5. Айлана бүт алтын түс, айтчы билсең? Ал .... (күз)
6. Кулак мурун эткен тыз, куу түспөлдүү мезгил, тапчы....(күз)
7. Кайтып келди өрдөк-каз, кайсы мезгил, тапчы... (жаз).

(Тарбиячы окуп берет, кезеги менен улам бир команда жооп берет, балдар жообун таба албаса, тарбиячы табышмакка карата баяндама берет).

3-тур. Кроссворддор менен иштөө.

Үй жаныбарлары, жапайы жаныбарлардын жана канаттуу куштардын тартылган сүрөттөрү. («Байчечекей» журналы № 5, 1993-жыл. 8-бетти карасаңыз болот). Эки командага кезеги менен бирден сүрөттү көргөзөм да, кантип үн чыгарат, же болбосо сөз менен эмне деп айтабыз — деп суроо берем.

Мисалы: Уй-мөөройт, кой-маарайт, ат-кишенейт, суур аңкыштайт, бака чардайт, тоө боздойт, жөжө - чыйпылдайт, карга-каркылдайт, тоок-кукулуктайт, сагызган-шакылыктайт, ит — үрөт, карышкыр улуйт, булбул сайрайт, жылан-ышкырат.

4-тур. Жаңылмач айтуу.

Тарбиячы жай айтат, эки команда туурайт:

Күн карама күндү карайт,
Күн карама күндү карабай,
Күн карама кимди карайт?

(Ар бир тапшырмага жооп берилген сайын командага жылдызча таркатылып турат, конкурстун аягында жылдызчалар саналат, кайсы команда көп болсо, ошол команда уткан болот).

***Февраль. Жыйырма биринчи сабак.***
*Тема: «Чамгыр жомогу боюнча оюн-сценка.*

Программанын мазмуну: Балдарга мурунку өздөрүнө абдан тааныш жомоктун каармандарынын ролдорун аткарууга, андагы . айтылган сөздөрдү . толугу менен чагылдырууга, ролдорду аткаруу менен жомоктун мазмунуна терең түшүнө билүүгө көнүктүрүү. Жомок аркылуу балдарды ынтымактуулукка, биримдүүлүккө тарбиялоо.
Методикалык ыкмалар:

1. Аңгемелешүү.
2. Ролдорду бөлүштүрүү.
3. Балдардын сүйлөө речинде артисттик жөндөмдүүлүгүн арттыруу, дикциясына көңүл буруу.
4. Катышуучулардын кейипкерлерин даярдоо.
   М: чычкан, мышык, күчүктүн атрибуттары. «Үй-бүлө» оюн бурчу.

Сабактын жүрүшү: Тарбиячы: -Балдар, силерге мен буга чейин көп жомокторду айтып бергем, эсиңердеби? Кайсы жомокторду абдан жакшы көрөсүңөр? (Балдардын жообу. Билген жомоктордун аттарын аташат).
-Силер чынында эле көп жомок билет экенсиңер, эми жакшылып угуп тургулачы :

Чал кемпирин чакырат. Кемпир чалды, чал чамгырды кармайт, тартышат-тартышат, чамгырды жула алышпайт... (Жомоктон үзүндү айтылат). Балдар, бул кайсы жомок ? (Балдардын жообу).

-Туура таптыңар, балдар, бул орус эл жомогу «Чамгыр»

Азыр эмесе биз ушул жомокту оюн-сценка катары ойноп көрбөйлүбү. Ким кайсы ролду аткарат? (Балдар каалаган ролдорун тандап алышат).

-Кийиминерди кийинип, даяр болуп тургула. Инсценировка башталат.

Алып баруучу : Илгери, илгери бир чал чамгыр тигет. Чамгыр абдан чоң болуп өсот. Күзүндө чал чамгырды жулуп алгысы келип: тартат-тартат, чамгыр жулунбайт. (Бала-чал чамгырды тартып жаткан кыймыл — аракетти көргөзүп турат.

Чал: Ой кемпир, кел жардамга!

Алып баруучу: Кемпир чалды, чал чамгырды кармайт, тартышат-тартышат, чамгырды жула алышпайт. Кемпир небересин чакырат.

Кемпир : Эй кызым, кел батыраак жардамга!

Алып баруучу: Небере чоң энесин, чоң эне чалды, чал чамгырды кармайт, тартышат-тартышат, чамгырды жула алышпайт. Небере итин чакырат.

Небере: Күчү-күчү, кел Кумайык жардамга!

Алып баруучу: Ит неберени, небере чоң энесин, чоң эне чалды, чал чамгырды кармайт. Тартышат-тартышат, чамгырды жула алышпайт. Ит мышыкты чакырат.

Ит: Ав, ав, ав, кел таргыл мышык, тезирээк жардамга!

Алып баруучу: Мышык итти, ит неберени, небере чоң энесин, чоң эне чалды, чал чамгырды кармайт. Тартышат-тартышат, жула алышпайт. Мышык чычканды чакырат.

Мышык: Мяу, мяу, мяу Чычкан аке, бол тезирээк жардамга!

Алып баруучу: Чычкан мышыкты, мышык итти, ит неберени, небере чоң энени, чоң эне чалды, чал чамгырды кармайт, тартышат-тартышат, чамгырды жулуп алышат.

Баары : Ураа, ураа биз кандай күчтүүбүз.

Тарбиячы : -Көрдүңөрбү балдар, баары ынтымактуу болгон үчүн чамгырды жулуп алышты. Азаматсыңар, силер кадимки чоң

артисттердей ролдорду жакшы аткарат турбайсыңарбы, эмки сабакта калгандарыбыз ойнойбуз.

*Жыйырма экинчи сабак.*

*Тема: Элдик легенда «Эмне үчүн чабалекейдин куйругу эки ача?» -деген аңгемени айтып берүү.*

Программанын мазмуну: Балдарды илгерки ата-бабабыздан берки айтылып келе жаткан элдик ооз эки чыгармалар менен тааныштыруу, балдарды жаратылыштын айрым өзгөчөлүктөрү менен кеңири тааныштырып, канаттуу куштарга аң - сезимин пайда кылуу.

Методикалык ыкмалар:

1. Ишенимдүү ангемелешүү.
2. Легенда жөнүндө толук көркөмдүү айтып берүү.
3. Аңгеменин мазмуну боюнча суроо-жооп иретинде бышыктоо.

Сабактын жабдылышы: Ажыдаардын, чабалекейдин, чиркейдин сүрөттөрү.

Сабактын жүрүшү: Тарбиячы: -Балдар бери мага жакын келгилечи, үшүп калгансыңар го, келгиле бири-бирибизди бекем кучактап жаталы. Биз бири-бирибизди жакшы көрүп, колубуздагы конфеттерибизди беришип, оюнчуктарыбыз менен чогуу ойносок, бул жакшыбы, же жаманбы? Балдардын жообу. —Жакшы.

Ал эми бири-бирибизди түртүп же чапкылап, колундагы оюнчуктарын жулуп алсак, бул жакшыбы же жаманбы? Балдардын жообу. —Жаман. Эми балдар, мен силерге илгери ата-бабабыздан калган чабалекейдин эмне үчүн адамдарга дос болуп калганы жөнүндөгү уламыштардан айтып берейин, кыздар сыңар тизелеп, балдар мандаш токуп, уй-мүйүз тартып олтургула.

Илгери, илгери бир эң каардуу ажыдаар жашаган экен. (Сүрөттү көргөзүп, ажыдаар жөнүндө түшүнүк берем). Ал бир күнү болгон токой жаныбарларын чакырып алып, жар салат : Кимде-ким дүйнө жүзүн бүт кыдырып, кайсы жандын каны

таттуу болсо, мага тезирээк билип жообун айтсын — деп канаттуу куштардын баарын туш-тушка чаптырат. Убакыт бүткөн кезде баягы канаттуу куштар кайрадан ажыдаарга жооп айтканы учуп келе баштайт. Учуп келе жатып жолдон чиркей чабалекейге жолугат. (Чабалекей менен чиркейдин сүрөтүн көргөзөм). Чабалекей чиркейден сурайт, сен эң эле кемелдүү экенсиң , кана айтчы кимдин каны таттуу экен? Анда чабалекейге чиркей жактырбагансып жооп берет, дүйнөдө эң таттуу кан адамдын каны болот экен — деп жооп берет да ажыдаарды көздөй токтолбостон учуп жөнөйт. Муну уккан чабалекейдин шаштысы кетип, чиркейди артынан кууп жөнөйт. Чиркей тез эле ажыдаарга жетип барып, аябай оозун чоң ачып, а-адамдын — деп бара жатканда чабалекей аткан октой учуп жетип, чиркейдин тилин суруп алат, чиркей дыңылдап сүйлөй албай калат, буга аябай жини келген ажыдаар чабалекейге кол салаарда, чабалекей учуп, ажыдаар чала-була куйругунан жулуп калат. Ошол күндөн баштап чабалекейдин куйругу эки ача болуп калат да, адамдарга дос болуп калат. Ал эми чиркей болсо дыңылдап сүйлөй албай калган экен.
Карагылачы балдар, уламыштын маанисине түшүндүнөрбү. (Сүрөттөрдү көргөзүп, балдар менен суроо-жооп иретинде бышыктоо жүргүзөт. М:. Ажыдаар канаттуу куштарды каякка жумшады? Чиркей жолдон кимге жолукту? Чабалекейге эмне деген жоопту берди? Эмне үчүн чабалекейдин куйругу жулунуп калды? ж.б.) Чабалекей менен чиркейдин кимиси жакшы, кимиси жаман деген суроолор менен сабагымды жыйынтыктайм.

*Жыйырма үчүнчү сабак:*

*Тема: М.Жангазиев . «Сактагыла куштарды». Ырды көркөм окуу.*

Программанын мазмуну: Балдарга экология боюнча поэзия жанрын тааныштырууну улантуу, теманын мазмунун түшүнө билүүгө, кыска саптуу ырларды жатка айтууга үйрөтүү менен жаратылышка болгон кызыгуусун арттыруу.
Методикалык ыкмалар:

1. Ырлардын мазмуну боюнча аңгеме түзүү.

2. Канаттуу куштардын сюжеттүү сүрөттөрүн көргөзүү.
3. «Сактагыла куштарды» деген ырды көркөм окуу.
4. Мурунку сабакта өтүлгөн чабалекей жөнүндөгү уламышты эсине салуу менен ырлардан үзүндү жаттаттыруу.
5. Сабактын өтүлүшүн баалоо.

Сабактын жабдылышы: Сюжеттүү сүрөттөр. Китеп «Наристе», 106-бет.

Сабактын жүрүшү: Тарбиячы : -Балдар азыр кайсы мезгил? Балдардын жообу. -Кыш . —Туура, кыш мезгили, бирок балдар сууктун күчү кайтып, күн жылыйын деп калды, күн узарды, күн чайыттай болуп тийгенде карлар эрий баштады. Демек, балдар жаз келээрге аз убакыт калганын билдирип жатса керек. Жаз келээри менен жылуу жактарга учуп кеткен канаттуу куштарыбыз кайрадан учуп келишет. Мына балдар, доскага көңүлүнөрдү бургулачы, кайсы канаттуулардын сүрөтүн көрүп турасыңар ?

Балдардын жообу. (Сүрөттү ырдын мазмунуна ылайыкташтырып тандап алат да, ырдын маанисине чукулдаштырып аңгеме жүргүзөт, андан соң ырды көркөмдөп окуп берет).

М.Жангазиев «Сактагыла куштарды».

«Чыйырчыкты өлтүрбөгүн,
Салмоор менен атпагын.
Көп курттарды жок кылышат,
Уя жасап сактагын».

***

Чабалекей учуп келсе,
Ал биздин дос тийбегин.
Үй ичине уя салса,
Билбей бузуп жүрбөгүн»
Пайдалуу куш бизде аз эмес,
Баарын таанып билип ал.
Бак башына келиштирип,
Дос куштарга уя сал.

Тарбиячы: Ыр силерге жактыбы балдар, мага аябай жакты. Эсиңердеби өткөн сабакта мен силерге чабалекей тууралуу уламышты айтып берген элем, эмне себептен чабалекей адамдарга дос болуп калган эле? Жыландын чоңун эмне дечү эле?
Жазуучу агайыбыз, ошол биз уккан уламыштагы чабалекей жөнүндө ыр жазып койгон тура, келгиле балдар ушул ыр саптарын жаттап алалы:

«Чабалекей учуп келсе,
Ал биздин дос тийбегин.
Үй ичине уя салса,
Билбей бузуп жүрбөгүн».

(2-3 жолу кайталап көркөм окулат).
Балдардан ырды кайталап айттыруу менен түштөн кийин бош мезгилде дагы бир, эки сыйра кайталап жаттап алабыз — деп айтып сабакты жыйынтыктайт.

*Жыйырма төртүнчү сабак.*
*Тема: Дан жөнүндөгү жомокту көркөм айтып берүү.*

Программанын мазмуну: Балдарга илгертеден ооздон-оозго айтылып келе жаткан «Дан» жөнүндөгү жомокту айтып берүү, нандын келип чыгышы жөнүндөгү окуялардан айтып берүү менен, балдарды ата-бабаларыбыз эмне үчүн баардык тамактардан нанды ыйык, улук тутуп калгандыгынын себебин түшүндүрүү. Балдардын сүйлөө речинде дан азыктарынан жасалуучу тамак-аштарынын аттарынын аталышын калыптандыруу. Жаңы сөздөр: бадырак, куургуч, талкан, арпа,буудай.
Методикалык ыкмалары:

1. Аңгемелешүү; дан деген эмне, нан кайдан пайда болот, жаңы сөздөр менен иштөө, дан жөнүндөгү уламыштан айтып берүү, жомоктун мазмуну боюнча суроо-жооп иретинде бышыктоо.

Сабактын жабдылышы: Дан азыктарынын сүрөттөрү: буудай, арпа, таруу. Сабак башталганга чейин даярдалган табакта ун,

бадырак, нан, көргөзүү үчүн даярдалган кичинекей куурутуч, кичинекей казан.

Сабактын жүрүшү: Тарбиячы: -Балдар, силер нандын кайдан пайда болоорун билесиңерби? Балдардын жообу: —Ундан, камырдан....

Ал эми ун, камыр кайдан алынат? Эмесе угуп тургула. Дан өсүмдүктөрү — деп биз арпа, буудай, таруу, күрүч, гречкаларды айтабыз. Буудай тегирменге тартылып, унга айланат, ундан камыр жуурулат, камырдан нан бышырылат, ал эми арпаны кууруп, тегирменге салып талкан даярдайт, талкандан жарма жасалат. Таруунү кайнатып ботко даярдайт да, боткодон бозо сүзүлөт. Таруу, гречка, күрүчтөн силер жеп жаткан ботколор даярдалат. Чоң энелер айылга барганда силерге бадырак кууруп берди беле? Бадырак — буудай тазалап, аябай кызарта кууруп койсо жегиликтүү болуп калат. Куурутуч — деген ошол буудайды казанга салып алып, аралаштыруучу таякчаны айтат, башына кийиз оролот. (Балдарга түшүндүргөндө бүт баарын сүрөттөрү аркылуу, же дандын өздөрүн көргөзүү менен түшүндүрөт).

Эми баллар, биздин чоң ата, чоң энелерибиз эмне үчүн илгертен бери нанды ыйык тутуп калгандыгы тууралуу бир жомоктон айтып берейин, жакшылап угуп тургулачы:

-Илгери, илгери бир байдын койчусу болуптур, ал күндө байдын койлорун кайтарып жүрчү экен, ал кой кайтарган жердин гүлү аңкыган, чөптөрү жайкалган, эликтер жайылып жүргөн эң кооз жер экен. Бир күнү нанын жеп жатса, нандын бир кичине күкүмү жерге түшүп кетет. Койчу ары карап издеп, бери карап издеп, такыр таппайт, кантип нандын күкүмүн жерге таштап кетем, убал болот го , аны мал-жан тебелеп-тепсейт го деген ой менен караңгы киргенге чейин издейт. Таппай айласы кеткенде, ошол жерге кой кайтарып жүргөн таягын белги кылып сайып коюп , эртеси күнү жарыкта издемек болот. Ошентип жатып караңгы киргенде койчу үйүнө келсе, бай аябай каарланып, койчуну сабап кирет. Койчу эмне себептен кечигип калганын түшүндүрсө, уккусу келбей ансайын күчөйт. Койчу аябай капа болот. Эртеси баягы жакка дагы коюн кайтарып келсе, өзүнчө эле бир таң калаарлык окуяны көрөт...

болсун деп сайып койгон таягы алтын таяк болуп , ал эми айланасына жайнаган буудай өсүп калыптыр. Койчу сүйүнгөнүнөн кудай таалага жалынып, таякты, буудайдын бир да данын жерге түшүрбөстөн чогултуп алат да, байдын токмогунан кутулуп өзүнчө куунап-жашап калат. Муну көргөн ач көз бай өзү коюн талаага кайтарып келет да, калың чөптүн арасына нанды аябай күкүмдөп туруп, жерге буту менен тебелеп туруп, көмүп кетип калат. Көп күндөн кийин баягы жерге келсе, айлананы бүт тикенек басып калган, ортосунда калтырап турган таякты алайын деп жакындап келгенде , таякка оролгон жылан байды чагып өлтүрөт экен. Ошентип бай нанды сыйлабагандыгы үчүн өлүмгө дуушар болот.
Көрдүңөрбү балдар, жомок силерге эмнеси менен жакты? Жомоктогу каармандардын кимиси жакшы, кимиси жаман экен? Силердин үйүңөрдөн дагы ата-энеңер жерге түшкөн күкүмдү тердиреби? Эгер нандын күкүмү жерге түшүп калса, сөзсүз түрдө терип туруп чымчыктар конгон жерге коюп коюш керек. Нан- ыйык болот. Күнүгө эт жесең тажап кетесиң, нандан адам баласы такыр тажабайт.

**Март.** *Жыйырма бешинчи сабак.*

*Тема: «Мышык менен чычкан» - деген сүрөткө аңгеме куруу.*

Программанын мазмуну: Сүрөт боюнча кыскача аңгеме түзүүгө үйрөтүү, тарбиячынын суроосуна 2-3 сөздөн турган сүйлөм менен жооп берүүгө үйрөтүү. Балдарды үй айбандарын сүйүүгө, аларды багууга үйрөтүү. «Мышык менен чычкан» деген оюнду ойнотуу.
Методикалык ыкмалар:

1. Ишенимдүү аңгеме.
2. Сүрөттү карап, анын мазмунуна карата суроо-жооп иретинде аңгемелешүү: кимдер тартылган, эмне кылып жатышат, эмне менен тамактанат, жүнү кандай? ж.б.
3. Мышык жөнүндөгү табышмакты үйрөтүү.
4. ТРИЗ боюнча көңүлдүү баракчалар.

Сабактын жабдылышы: сюжеттүү сүрөттөр, «Байчечекей» журналынан алынган «Ким эмне жейт?» - деген табышмак сүрөттөр, табышмактар.

Сабактын жүрүшү: Тарбиячы: -Балдар, силердин үйүңөрдө кандай жаныбарлар бар? Кимдин үйүндө мышыгы, күчүгү, тоогу бар? Чычкандын өзүн көрдүңөр беле? Өңү кандай болот ? Мышыктын өңү кандай болот? Мышык эмне менен тамактанаарын билесиңерби? Балдардын жообу. (Балдар үйүнөн көргөндөрү болсо айтып беришет, ал эми билбегендерине сүрөттү көргөзүп, мышыктын өңү кара же таргыл-ала болоорун, жүнү жумшак, көзү көк болоорун, ал эми өңү боз болот — деп түшүндүрүп кетемин).

Балдар мышык кантип үн чыгарат, туурап көргүлөчү. Балдар: Мяу-мяу! Жакшы балдар экенсиңер, эми мына бул сүрөткө көңүл бургулачы.

Сүрөттөн кимдерди көрүп турасыңар?

-Эмне кылып жатышат?

-Мышык менен чычкан эмне менен ойноп жатышат?

Сүрөттө кайсы жыл мезгили чагылдырылган?.

(Балдар суроолорго жооп берип жатканда, сүйлөп жаткан сөзүн толук сүйлөм менен айттырууга аракет кылуу, сүрөт боюнча кыска аңгеме түзүүгө багыт берүү).

Азыр, балдар мен табышмак айтамын, силер ойлонуп жооп бергилечи, ким жөнүндө экенин.

М: Үй ичинде отуруп,
Адамча жуунат.
Кичинеси болбосо,
Жолборс сындуу түрү бар.
Чычкан көрсө лып кармап,
Топтой кылып ойнойт ал.

(мышык).

Табышмак ким жөнүндө экен, мышык эмне кармап жейт? Туура балдар, мышык жөнүндө. Мышык чычкан кармап жейт, сүт ичет, эгер курсагы ток болсо, чычканды кармап алып топтой тоголотуп ойнойт да, тажаганда таштап коёт.

Балдар чарчап кеттиңер окшойт, келгиле кичине «Мышык-чычкан» оюнун ойнойбуз, кантип ойноорун билесиңерби? (1-2

минут оюн ойнолот). Тарбиячы . Балдар эми бул көңүлдүү баракчага карагылачы, сүрөтчү сүрөтүн тартып жаңылып калган окшойт, тамак жеп жаткан жаныбарлардын сүрөтүн тартып жатып, уйдун алдына чымынды, иттин алдына капустаны, коёндун алдына чөптү, тооктун алдына сөөктү, мышыктын алдына буудайды, ал эми чычканга сүттү тартып коюптур, ушул туурабы балдар?

Балдардын жообу. Туура эмес. Ар ким өз билишинче туура жообун айтат, жаңылып калса, өзүм толуктап берем. Мисалы: уй-чөптү, ит-сөөктү, коён-капустаны, тоок-жемди, мышык-сүттү, чычкан-буудайды жейт деп түшүндүрүү менен сабак жыйынтыкталат.

*Жыйырма алтынчы сабак .*

*Тема: Ким көп билет? Оюн-викторина.*

Программанын мазмуну: Балдарды өтүлгөн сабактардын жыйынтыгы катары алардын билгендерин, эске тутуу жөндөмдүүлүктөрүн, өтүлгөн сабактардын таасирдүүлүгүн текшерүү үчүн сынак өткөрүү менен балдарды сезгичтикке, тапкычтыкка, оюндун эрежелерин так аткарууга үйрөтүү.
Методикалык ыкмалар:

1. Оюндун шартын түшүндүрүү, эки командага бөлүп алып тапшырмаларга суроо-жооп иретинде жооп берүү менен, атаандаштык менен өтүү, оюндун түрлөрү боюнча көңүлдүү баракчаларды пайдалануу: сүрөттөр, ребустар.

Сабактын жабдылышы: Сюжеттүү сүрөттөр, табышмактар, көңүлдүү баракчалар.
Сабактын жүрүшү : Балдар мандай-тескей болуп эки топко бөлүнүп олтурушат. Балдарга бүгүнкү сабактын темасы жөнүндө түшүнүк берем. Бүгүн биз эки топко бөлүнгөн боюнча мелдеш өтөбүз, берилген тапшырмаларга ойлонуп туруп, элестөөлөрүбүз менен жакшылап жооп бергенге аракет кылалы, кайсы команда көп жооп берсе, ошончо көп белектерди алат. (Мурунтан ата-энелер менен сүйлөшүп, өтө кымбат баалуу эмес

оюнчуктардан саттырып келип койуу керек. Сыйлыкка ошол оюнчуктар берилет).

1-тур. Өтүлгөн сабактар боюнча кандай жомокторду билесиңер? Жооп: «Дөдөй чычкан жөнүндө жомок». «Коён менен түлкү». «Чыпалак бала». «Чамгыр». «Эмне үчүн чабалекейдин куйругу эки ача?». «Дан». (Балдар аттарын аташат, билбей калса эстетиш үчүн үзүндү айтып баштап коём).

2-тур. Сүрөттөр менен иштөө. Үй жаныбарлары менен жапайы жаныбарлардын сүрөтүн көргөзүп туруп, 2-3 секунда катып коём, балдар элестөөсү менен үнүн туурап аттарын аташат.

Жооп: Уй мөөрөйт мөө-мөө!, кой маарайт - маа- маа!, ит үрөт —ав-ав!, карышкыр улуйт —ууу-ууу!, бака чардайт — бак-бак! ж.б. (таппай калса дагы көргөзүп турам).

3-тур. Ыр-табышмак: Балдарга окуп берем, мазмунуна жараша жооп беришет.

Ойлонуп ким айталат.
Сүттөн эмне жасалат?
(айран)
Сүт уютуп жасалган,
Ал кайсы аш? Ал....
(айран)
Андан чыккан тамак - аш,
Кандай-кандай аталат?
(кымыз)

Бээ сүтүнөн калкыбыз,
Жасаган аш. Ал..... (кымыз)

Катык болгон кыш, күздо
Ал кайсы аш? Ал.... (сүзмө)

Ансыз ичпейт баары чай,
Ал кайсы аш?... (сары май).

4-тур. Көңүлдүү табышмактар же ТРИЗдин элементи боюнча суроолор.

1. Жумуртканын даамын кантип билүүгө болот ?.... (жегенде)
2. Кайсы жерде кургак таш болбойт?.... (суулда)
3. Ысык-Көлдө ээси балык кармап жатат, жанында мышыгы отурат. Ээси чоң балык түшсө дейт, мышык эң кичинеси дейт, эмне үчүн? Жооп: Ар ким өзүнө ченеп жегиси келет ж.б.
4. Жумуртка эмне болот? (жөжө, тоок)
5. Буудай эмне болот? (ун, камыр, нан болот).
6. Улак эмне болот? (эчки) ж.б.

(Жооп берген балдарга улам бирден жылдызча берип турат, сабактын аягында жылдызчаларды санайбыз, кимдики көп болсо, ошол бала жеңген болот. Аягында ата-энелер сатып келген оюнчук-белек менен балдарды сыйлап коёт да ошентип сынак-сабак жыйынтыкталат.

*Жыйырма жетинчи сабак.*
*Тема: Сюжеттүү сүрөттөр менен иштөө. «Чымчыктар».*

Программанын мазмуну: Сүрөт боюнча кыска аңгемелешүүгө үйрөтүү. Жаз мезгили жөнүндөгү жаратылыштын өзгөчөлүгү тууралуу кеңири түшүнүк берүү, канаттуу куштарга арналган ырлардан көркөм окууну улантуу. Балдарды боорукерликке үндөө.
Методикалык ыкмалар:

1. Сүрөт боюнча аңгеме жүргүзүү. Суроо-жооп ирстинде. М:Сүрөттө кайсы мезгил тартылган? Кайсы куштардын сүрөтүн көрүп жатасыңар? Канаттуу куштар жөнүндө кандай ырларды билесиңер?
2. Канаттуу куштар же жаз жөнүндө ырлардан окуп, табышмак айтып берүү.
3. Сабакты баалоо.

Сабактын жабдылышы: Сюжеттүү сүрөттөр, «Байчечекей» журналдарынан чогултулган ырлар, табышмактар.
Сабактын жүрүшү: Тарбиячы. Балдар азыр кайсы мезгил? Балдардын жообу . —Жаз мезгили, жаз келгенде карлар эрип, жер баткак болуп , суу көбөйүп агып калат. Мына бул

сүрөткө көңүлүңөрдү бөлгүлөчү, сүрөттө кайсы мезгил тартылыптыр, эмнелердин элесин көрүп жатасыңар, кайсы канаттуу куштар тартылган? Балдардын жообу… Эми балдар, азыр ушул сүрөт боюнча мен аңгеме түзөйүн, силер угуп тургула, анан өзүңөр да түзөсүңөр.

Бул сүрөттө жаз мезгили тартылган. Чымчыктар алыс жактан топ-топ болуп учуп келишти, алар өздөрүнө уя салып жатышат.

Теректин башына майда чыбыктардан ташып келип, экөөлөп балдары үчүн жылуу уя камдап жатышат. Кар эрип, жер карарып калды, чыйырчыктар келгенде бизге жаркыраган жаз келет.

Кана балдар, эми силер аңгеме түзгүлөчү, сүрөттү карап. Балдардан 5-6 бала өз билгени боюнча аңгеме түзүп айтып берет. Керектүү жерлеринде өзүм кошумчалап жардам берип турам. Андан кийин балдар өз билген ырлары же табышмактары болсо айтышат.

Эми мен силерге ыр окуп берейин, угуп тургулачы :

«Кара чыйырчык көрсөңөр,
Урбагыла таш менен.
Жыгачтан уя салгыла,
Ала шалбырт жаз менен».

Карагылачы балдар, А.Осмонов агайыбыз да бизге ыр менен канаттуу куштарга уя салып жардам бергиле дептир. Бүгүнкү сабак силерге жактыбы? Мага абдан жакты, анткени силер эң кызыктуу аңгемелерди айтып бердиңер, ыр үйрөндүк.

*Жыйырма сегизинчи сабак.*
*Тема: Жаз майрамы «Нооруз».*

Программанын мазмуну: Балдарга элибиз барктаган «Нооруз» жаз майрамы жөнүндө кеңири түшүнүктөрдү берүү. Нооруз майрамындагы элдик каада-салттар менен тааныштыруу, жаратылышты илгертеден эле ата-бабаларыбыз кандай сыйлап келгендиги тууралуу түшүнүктөрдү берүү.

Методикалык ыкмалар:

1. Нооруз — жаз майрамы жөнүндө түшүнүктөрдү берүү.

2. Жаңы сөздөр менен иштөө: кожо, сүмөлөк, дамбырташ, алас-алас ж.б.
3. Нооруз майрамындагы каада-салттар менен тааныштыруу жана Нооруз майрамында ырдала турган ыр — күүлөр жөнүндө үйрөтүү.

Сабактын жабдылышы: Сюжеттүү сүрөттөр, Нооруз жөнүндөгү ырлар.

Сабактын жүрүшү: Тарбиячы: Балдар, силер Нооруз деген майрам жөнүндө уктуңар беле? Нооруз майрамы-бул жаз майрамы, жаңы жыл майрамы. Жазында төрт түлүк мал жайлоого көчүрүлүп, дыйканчылык башталып, кош айдоо чыгып, күн-түн теңелген мезгилде бул күндү жаңы жыл деп эсептешип келген, ошондуктан жер жарылып — чөп чык, желин айрылып — сүт чык - деген девиз менен жаңы жыл Нооруз майрамы өткөрүлөт. Кийинчерээк, бул майрам унутулуп калган, азыркы күндө бул атайын майрам катары белгиленип келе жатат. Бул күнү адамдар кадимки жаңы жылды тоскондой бири-бирине каалоо-тилек айтышып, арча менен үйлөрүн аласташып, от жагып, оттун тегерегинде бир-бирине каалоо-тилек айтышып ырдап бийлешкен. Чоң казандарга көжө, сүмөлөк кайнатышып бир-бирин сыйлашкан. (Балдарга түшүндүрүп кетет, М: «алас-алас» — деген бул арчаны түтөтүп алып , элди айланып каалоо- тилегин айтып түтүн жыттатуу, ал эми көжө, сүмөлөк деген буудайды өндүрүп туруп, сүрсүгөн эттен кошуп, май татытып , жети түрлүү тамактын башын кошуп, буудайдай үрөндөйлү, буудайдай көбөйөлү, буудайдай ыйык бололу — дегенди билдирип бир-бирине сый тамак катары беришкен). Андан тышкары, илгери биринчи күн күркүрөгөндө, боз үйдү айлана чуркап, элдер минтип тилек тилешкен :

Дамбыр, дамбыр, дамбыр таш,
Суу токтобос калбыр таш.
Жер айрылып, көк чык!
Желини айрылып, сүт чык!.

-Бул балдар жерге көк чөп чыга баштаганда жазында мал-жандын төлдөгөнү жөнүндө айтылганы. Жазда табият ойгонот, жан-жаныбарлар төлдөйт, өсүмдүктөргө жан кирет. Эң башкысы адам баласы жер айдап, үрөн эгип, келээрки түшүмгө кам көрөт.

Эми балдар, биз дагы жакында майрамдала турган Нooруз майрамына карата ыр-бийлерден үйрөнүп жаткандарыбызды кайталап көрөлү , кана ким жаттап келген ырларын көркөм окуйт? —Балдардын мурун жаттап келген ырларын көркөм окутуу менен аларга дагы тиешелүү түшүндүрмөлөрдү берет. Сабактын аягында суроо-жооп ирээтинде балдар менен аңгемелешип туруп, бүгүнкү сабак жыйынтыкталат

Апрель. *Жыйырма тогузунчу сабак.*

*Тема: Т.Кожомбердиев. «Таш боор бала». Ырды көркөм окуу.*

Программанын мазмуну: Жазуучунун ырын окуу менен, анын айтайын деген оюн балдарга жеткирүү, жаратылыштагы жандуу жана жансыз нерселерге болгон аёо сезимин өркүндөтүү, ыр аркылуу балдарга жаныбарларды сүйүүгө, аларды бага билүүгө көнүктүрүү.

Методикалык ыкмалар :

1. Ишенимдүү сүйлөшүүлөр.
2. Ырды көркөм окуу, ырдын мазмунуна анализ жүргүзүү, суроо-жооп иретинде балдар менен аңгемелешүү.

Сабактын жабдылышы: Оюнчук күчүк, китеп «Наристе» 157-бет.

Сабактын жүрүшү: Тарбиячы. Балдар кимдин үйүндө күчүгү бар? Балдардын жообу. Эмне кылып багасыңар? Ким күчүгүн жакшы көрөт же жаман көрөт? Күчүк жөнүндө ким ыр билет? Балдардын жообу.

Эми, бул оюнчукту карагылачы, кандай кооз, кандай жакшы, азыр Турар Кожомбердиев агайыбыздын бул ырын көркөм окуп берейин, силер угуп тургулачы, эмне жөнүндө жазды экен? (Оюнчук күчүктү колуна кармап алып ырды көркөм окуп берет).

«Ала күчүк борсулдак,
Алдын тосту борсулдап.
Бокен аны бир тепти,
Жоголгун деп корсулдап.

Болуша албай тийбе деп,
Борсулдактын апасы.
Ооруду деп айта албай,
Ичте калды капасы.

Кайран күчүк борсулдак,
Көзүнөн жаш мелтиреп.
Каңк-каңк этип каңшылап,
Басып барат темтиреп.

Борсулдактын капасын,
Бокен такыр туйбады.
Боорсок берүү ордуна,
Боорго тээп «сыйлады».

Балдар ырдын мазмунуна түшүндүнөрбү, ыр эмне жөнүндө жазылыптыр? Балдардын жообу. Силер кандай деп ойлойсуңар, Бокен туура кылдыбы? Илгертен эле эмне үчүн биздин ата-энелерибиз ит адам менен ырыскылаш деп келген, себеби ит үй кайтарат, ит адамдан арткан тамак-ашты ичет, ити бар үйгө оңой менен ууру-кески жолобойт, ошондуктан ит адамдын жолдошу деп айтылат. Балдар силер күчүгүнөрдү Бокен сымал тепкилебей, жакшылап эркелетип, тамагын берип, ар нерсеге үйрөтүп, жакшылап баккыла макулбу, ал айбан болсо дагы кадимки адамдардай эле таарынып калат экен — деп сабак жыйынтыкталат.

## 5 жаштагы балдар үчүн «Жаратылыш» (экология) сабагын окутуунун болжолдуу программасы.

Сентябрь *Биринчи сабак.*

Тема: Группадагы бөлмөлөргө экскурсия жүргүзүү.

Максаты: Балдарды өзү жайгашкан бөлмөлөрдөгү жаратылыш бурчу менен тааныштыруу, андан өсүп жаткан өсүмдүктөрдүн гүлдөрдүн аттарын атоо менен алардын

жашоодо кандай пайдасы бар экендиги тууралуу кеңири түшүнүк берүү. Балдарды өз бөлмөсүндөгү гүлдөрдүн атын атай билүүгө үйрөтүү менен, аларды сындырбастан сактай билүүгө көнүктүрүү.

Методикалык ыкмалары:

1. Ишенимдүү аңгемелешүү. Бөлмө ичине саякат жүргүзүү. Гүлдөрдүн атын атоо менен кайталап айттыруу. Көркөм ыр окуу. Гүлдөрдү сугаруунун жолун түшүндүрүү.

Сабактын жабдылышы: Жаратылыш бурчу, терезелердеги өстүрүлгөн гүлдөр, суу куюлган чака же лейка, жумшак чүпүрөктөр.

Сабактын жүрүшү: Тарбиячы: Балдар биз быйыл дагы бир жашка чоңоюп, жогорку топтун балдары- деп аталып калдык, башка бөлмөгө көчтүк, эми силер менен бирдикте бөлмөбүздө эмнелер бар экендигине саякат жасап көрбөйлүбү, өзүңөр байкагылачы, бөлмөдө эмне өзгөрүүлөр бар экен, кандай өсүмдүктөр бар экен ? (Балдар көргөндөрүн ким кандай кабыл алса, ошондой жооп беришет).

-Балдардын жообуна жараша тарбиячы толуктоолорду киргизүү менен өсүмдүктөрдүн, гүлдөрдүн аттарын кайталап балдардын эсине салат.

Гүлдөрдүн ар биринин чоң кичинесин салыштырат, жалбырагы , сабагы жөнүндө түшүнүктөрдү берет. Кантип, кандайча сугаруу керектигин көргөзүү менен биринчи тарбиячы өзү жумуштарды аткарып берет, балдар байкоо жүргүзүп турат. (Кийинчерээк балдар өзү жасашат).

Андан соң көркөм ыр окулат:

Ж.Абдыкалыков. Айланасы бөлмөмдүн
Ажайып кооз нур чалган.
Жашыл жака сыяктуу,
Дүйүм гүлгө курчалган.

Дагынкысы дагы бар,
Кызыктыраар жагы бар.
Мезгил өтсө күн өтсө,
Дагы канча жаңыраар!

Тарбиячы ырды бир-эки сыйра көркөм окуу менен, ырдын мазмунун балдарга түшүндүрөт.

Андан соң тарбиячы гүлдөрдүн атын дагы бир сыйра кайталоо менен сабагын жыйынтыктайт.

*Экинчи сабак:*

Тема: Бала бакчанын айланасына саякат жүргүзүү.

Максаты: Балдарды өзүбүздүн бала бакчабыздын айланасында өсүп жаткан бак-дарактар, жашылча-жемиштер, гүлдөр, кичи огороддогу өсүмдүктөрдүн түрү менен тааныштырууну улантуу. Балдарды жаш көчөттөрдү сындырбоого , гүлдоп жаткан гүлдөрдү эч себепсиз үзбөөгө үйрөтүү менен балдардын жаратылышка болгон сүйүүсүн ойготуу.

Методикалык ыкмалары: 1. Бала бакчанын айланасына саякат, ишенимдүү аңгемелешүү, колдору менен кармап көрүп, аттарын атоо.

Дидактикалык оюн: «Бул кимдики?» Кыймылдуу оюн «Жашынмак».

Сабактын жүрүшү:

Тарбиячы: Балдар, бүгүн аба-ырайы кандай болуп турат, силерге эмнеси менен жагат же жакпайт? — Балдардын жообу.

-Капа, балдар биз силер менен бул бактар. тууралуу ортонку топтон эле тааныштык элс аттарын унуткан жоксуңарбы, бул кайсы терек же бул кайсы бак? (Ушундай суроолор менен балдарды ар бир бак-дарактардын жанына алып барып суроо-жооп ирстинде аңгемелешүү өткөрөм).

Балдарга бак-дарактардын кандай пайдалуу жактары бар экендиги тууралуу кеңири түшүнүк берем: биринчиден күн ысыкта көлөкө болот, экинчи бактуу жерге канаттуу куштар көп келет, үчүнчүдөн булар картайганда отун болот ж.б.

Андан соң балдарды гүлзарларга алып келип, гүлдөргө байкоо жүргүзөт. Балдар көргөндорүн, тааныш гүлдөрүн атынан атынат, унутуп калгандары болсо эсине салат, гүлдү эч себепсиз үзбөгүлө , ал биздин бала бакчабызды кооздоп турат —деген түшүнүктөрдү берет.

Балдар менен дидактикалык оюн өткөрөм, күн мурун чогултулган гүлдүн уруктарын көргөзүү менен, бул кайсы

гүлдүн уругу деп суроо-жооп иретинде салыштыруу жолу менен оюн өткөрөт.

Сабактын аягында балдар менен кыймылдуу оюн «Жашынмак» оюнунун ойнотсо болот. М: Алып баруучу тескери жакты карап, билишинче санайт, балдар ошол кезде ар тарапка чуркап ар бир бактын түбүнө жашынат. Балдар жашынып бүткөн кезде тарбиячы алып баруучу бала менен бирге издешет, издеген бала ар бир бактын атын атоо менен жашынган баланы табат. М: Ак кайындын артында Эрмек отурат, сирендин артында Гүлай менен Аида отурат ж.б. Оюн балдар тажаганча улана берет.

*Үчүнчү сабак:*

Тема: Менин шаарым.

Максаты: Балдарды сейилдөөгө алып чыгуу менен өзү жашап турган шаар ичи менен тааныштыруу, көргөн- билгендери тууралуу аңгеме өткөрүү, канаттууларга, чөптөргө байкоо жүргүзүү. Маданий жайлар, парктар жөнүндө эстетикалык тарбия берүү.

Методикалык ыкмалары: Сейилдөөгө алып чыгуу менен шаардын борборуна, жакын жердеги паркка алып баруу, аңгемелешүү, парк ичиндеги жолуккан адамдар менен диалог аркылуу пикир алышуу, берилген суроолорго толук сүйлөм менен жооп берүүгө үйрөтүү.

Сабактын жүрүшү :

Тарбиячы: Балдар биз силер менен Нарын шаарындагы борбордук көчө менен паркты көздөй кетип баратабыз, бул көчө Ленин көчөсү деп аталат. (Көчө боюна тигилген балатыларга, гүлзарларга, коомдук жайларга балдардын көңүлүн бурам, аңгемелешүү жолу менен аларга түшүндүрмө берем). Андан соң силер жашаган көчө эмне деп аталат, үйүңөрдүн жанында эмнелер бар, кандай бак-дарактар бар? —деген суроолор менен балдардын билгендерин угуп көрүп, ага толуктоолорду киргизет.

Тарбиячы: -Балдар силер «Гүл бакча» аттуу жаш өспүрүмдөр паркына келдиңер, жакшылап байкап көргүлөчү, эмнеси көп экен?

Балдардын жообу: (Балдардын жообуна толуктоолорду киргизип турат).

Балдардын чарчаганын жазуу үчүн эркин кыймылдуу оюндарды ойнотот, селкинчек (качеля), жылгаяк (горка) ж.б. атрибуттар менен ойнотот

Тарбиячы: -Кана эмесе балдар ойноп кичине эс ала түштүнөр окшойт, эми менин жаныма көк чөпкө бир аз отуруп кыялданалычы.

Дидактикалык оюн, же болбосо ТРИЗдин элементи менен «Кыялдануу» оюнун өткөрөт:

М: -Эгер сен азыр чымчык болсоң эмне кылат элең?

-Эгер сен бак болсоң эмне кыласың?

-Эгер сен гүл болсоң эмне кыласың?

-Эгер сен курт-кумурска, аары же ж.б. болсоң эмне кылат элең? — деген суроолор менен баланын оң жана терс жоопторуна анализ берүү менен сейилдөөнү аяктайт

*Төртүнчү сабак:*

Тема: Жан-жаныбарлар — биздин досубуз.

Максаты: Балдарды жан-жаныбарларды таанууга, аларды сүйүүгө, боорукердик сезимин өстүрүүгө, жыл мезгилинде жардам көргөзүүгө тарбиялоо менен жаратылыш жандыктарына аяр мамиле жасоого үйрөтүү менен көркөм чыгармалар аркылуу сөз байлыгын кеңейтүү.

Методикалык ыкмалары: Ишенимдүү сүйлөшүү, сүрөт аркылуу иштөө, дидактикалык оюн: «Булар кайда жашайт?», жан-жаныбарлар жөнүндө табышмак айтуу, кыскача аңгемени көркөмдөп айтып берүү.

Сабактын жүрүшү:

Тарбиячы: Балдар, менин жаныма жакын келгилечи, силерге буга чейин көп эле жолу жан-жаныбарлар жөнүндө сүрөт аркылуу, телевизор аркылуу, ал эми айыл жерине барганда короолордон, жайыттан , жайлоодон көп эле көрүп-билип жүрөсүңөр, бүгүн биз силер менен дагы бир жолу оюн аркылуу ким кайда жашаары тууралуу ажыратып билебиз.

-Кана эмесе баарың тынчтанып мени угуп отургула, доскада үйдүн жана токойдун сүрөтү илинип турат, ушул эле сүрөттор

астыңарга коюлган. Мен бир жаныбардын сүрөтүн көргөзөм, үй жаныбары болсо үйдүн, жапайы жаныбар болсо токойдун сүрөтүн көргөзөсүңөр, ким туура тапса желекче менен сыйланат. (Оюн аягына чейин улантыла берет).

Сабактын экинчи бөлүгү табышмактарды айтуу менен улантылат

Бугу бар, башы бар,
Аркасында ташы бар.
(таш бака)

Боорунда төрт упчусу,
Мезгилдеп агат ак суусу.
(уйдун желини)

Уктаарында бүрүшүп,
Аяк-бутту жазданат.
Колтугун жыттап кырылдап,
Коңуругу таш жарат.
(мышык)

Узун куйрук, кызгылт жүн,
Шек алдырбай жойлогон.
Айбан туруп өтө куу,
Ал эмне ойлогун.
(түлкү).

Физминутка: Оюн «Пантамимо» (Жаныбарлардын кыймыл-аракетин тууроо).

Сабактын үчүнчү бөлүгүн көркөмдөп аңгеме айтуу менен улантылат.

Алыскы токойдун ичинде кичинекей бөжөктүн жатагы болуптур. Уйкусу канган бөжөк эмне кылаарын билбей ары-бери чуркап жүрсө, үйүнөн энеси чыгып:

Ээ бөжөктай, чоңоюп деле калдың, андан көрө бир сыйкырдуу сөз үйрөнүп келип мени кубантсаң боло! — дейт. Аны кайдан табам? Издесең ушул жакын эле жерден табасың — дейт энеси. Бөжөк сыйкырдуу сөздү издеп токойду аралап жөнөйт. Божок чуркап баратып кирпини тоголото сүзөт. Кирпи чочуп кетип, байкасаң боло, алмамды ордуна коюп кой — дейт .

Бөжөк: Койчу, шашып жатам — деп кетип калат. Андан ары чычкандарга жолугат.

Чычкандар: Бөжөк, кел бизге жардам бер, апам сага талкан көөлөп берет - дейт.

Бөжөк: Баргылачы, чыйылдабай, мен бош эмесмин — деп кетип калат. Кетип баратып бөжөк ойлоно калат : мен эмне эле алыстап кеттим, ушул эле жерде дебеди беле, - деп эки жагын караса деңиздин жээгинде араң жаткан балыкты көрөт. Балык араң оозун кыбыратып бөжөктөн жардам сурайт. Бөжөк кетип калсамбы — деп ойлонуп, бирок боору ооруп, сүйрөп жатып сууга араң жеткирет. Балык сууга кирип эс алган соң, суудан башын чыгарып: -Ырахмат бөжөктай!, сени эстүү кылып чоңойткон апаңа ырахмат — дейт . Ошондон бөжөк кубанып, апасын көздөй чуркайт. Ошондо апасы бөжөккө түшүндүрөт: эгер сен кирпинин алмасын жонуна коюп берсең, кечирим сурасаң жана эле үйдөн алыстабай алкыш алмаксың — дейт. Ошентип бөжөк баарынан кечирим сурап, алар менен достошуп чыгат.

Тарбиячы: Балдар жомоктун маанисине түшүндүңөрбү, ким жөнүндө экен?

Кандай болуш керек экен? — деген суроолор менен сабак аяктайт.

Октябрь. *Бешинчи сабак.*

Тема: Сабак-конкурс «Ким көп билет?» .

Максаты: Балдарды макал-ылакаптар, табышмактар, көркөм ырларды жатка айттыруу менен алардын жаратылышка болгон ой жүгүртүүсүн, аң-сезимин текшерүү. Балдардын сөз байлыгын көбөйтүү менен эске тутуп калуу жөндөмдүүлүгүн өркүндөтүү.

Жабдылышы: Сүрөт-плакаттар, жаныбарлардын оюнчуктары, шарлар, гүлдөр.

Сабактын жүрүшү:

1. Саламдашуу.
2. Ишенимдүү сүйлөшүү.

Балдар биз бүгүн силер менен башкача түрдө сынак-сабак өтөбүз.

Силер азыр 2 топко бөлүнөсүңөр, кыздар жана балдар. Сынактын шартын түшүндүрүп берейин, мен жан-жаныбарлар боюнча кыргыздын. макал-ылакаптарынан, табышмактарынан, ырлардан көркөм айтып бергиле — деп сурайм, кайсы тарап биринчи кол көтөрсө, ошол катар жооп берет, билбей калса экинчи топ толуктаса болот. 2 тарапка калыс кылып жардамчы тарбиячы эжеңерди шайлап алалы. Ким коп жооп берсе эң аягында сыйлык берилет.

(Балдарга мактоо иретинде шарлар жана гүлдөр берилет).

1. Тапшырма: Эки тарап кезек-кезеги менен макал-ылакап айтышуу.

(Балдарга мурун үйрөтүлгөн материалдардан берилет).

Мисалы: Кумурска бириксе арстанды да алат.

Конок койдон жоош.

Ат — адамдын канаты.

Аш — адамдын кубаты.

Жылан чакпай, жылкы теппей.

Эшектин күчү адал, сүтү арам.

Өрдөк жокто чулдук бий.

2. Тапшырма: Жан–жаныбарлар жөнүндө табышмак айтышуу.

Мисалы: Ийри-буйру чубалып,
Боору менен сойлогон.
Коркунучтуу аты бар,
Ал эмне ойлогун.
(жылан).

Учуп жүрөт зыңылдап,
Үйдү, тышты бүт булгап.
Кыш түшкөндө көрүнбөйт,
Мурдагыдай ыр ырдап.
(чымын). ж.б. ушулар сыяктуу.

3. Корком ыр окуу.

М: Улагым, улагым
Так секирген чунагым.
Нечен ойлоп таппадым,
Неге типтик кулагын?

Кыруу-кыруу, кулунум,
Энекене келе гой.
Аппак сүтүн аймалап,
Эркелетип эмегой !

4. Тапшырма : Өзүң тапкын уйкашын.

(Тарбиячы ырдын башын көркөм окуйт, калганын балдар кезеги менен өздөрү табышат).

М: Ойноймун деп кылба буй
Оолак жүр, сүзүп коёт......(уй)

Салмагы болот канча кил
Эң бир чоң экен тигил...... (пил)

Жайыкта куунап куруп той
Жайылып жүрдү бир топ.....(кой)

Туулгандан жүрөм жөө
Деп баспай туруп алды ......(төө)

Барчудай жерге салтанат
Чалкалайт көрсөң чабдар.....(ат)

(Балдар сөздүн аягын улай албай калган учурда, айтылган жаныбарлардын сүротүн пайдаланса болот).

Аягында жардамчы тарбиячы эсептеп огурган чүкөлөрүн саноо менен сынак-сабактын жеңүүчүлөрүн атайт. Ким жооп берсе сыйлыктарды берүү менен сабак аяктайт.

*Алтынчы сабак.* (Комплекстүү сүрөт өнөрү менен)

Тема: «Күз берекеси».

Максаты: Балдарга күз берекеси деген сөздүн маанисин түшүндүрүү.

Жашылча-жемиштерди ажырата билүүгө көнүктүрүү. Балдардын көңүл буруусун, чыгармачылык ой жүгүртүүсүн өстүрүү. Сөз байлыгын көбөйтүү менен берилген суроолорго толук сүйлөм менен жооп бере билүүгө тарбиялоо. Чекиттер менен суу кагазга сүрөт тартуу ыкмаларын бышыктоо.

Сабактын жабдылышы: Жашылча-жемиштер 1-2 шт, ыр, табышмактар, альбомдун барагы, боёк, губка, ширенкенин талы.

.Сабактын жүрүшү:

-Балдар азыр жылдын кайсы мезгили? (Балдардын жообу)
-Күз мезгили экенин кантип билдиңер? (Балдардын жообу)
(Балдардын жообуна толуктоолор киргизилет, бак-дарактар саргайды, жемиштер бышты, эгин бышты ж.б.)

Тарбиячы: -Балдар азыр мен силерге жашылча-жемиштер тууралуу көркөм ыр окуймун, табышмактарды айтамын, кунт коюп угуп отургула.

Т.Козубеков. Айгүлдүн суроосу . Көркөм ыр окуу.

1. Күз. Чоң эне, Айгүл экөө,
Көчө бойлоп баратты .
-Эмне үчүн бекийт буроо?
-Эмне үчүн түшөт кыроо?
Бере берип Айгүл суроо
Чоң энени жадатты.

2. Айгүл жерден аңгычакты,
Бир нерсени алды да:
-Эне айтчы, жалбыракты,
Ким мынчалык саргайтты?
Эне ойлонбой үн катты:
Тал саргайтып салды да .

3. Анда Айгүл энесинен
Сурап калса болобу :
-Түшүнбөдүм чыны менен
Бул абдан кызык экен,
Энекебай айтып берсең,
Кайда талдын боёгу?!.

Андан соң табышмактар айтылат :

Жерден жек чыкты,
Эки кулагы тик чыкты.
(буурчак)

Суу деп анкап чөлдөгөн,

Кургак жерге өнбөгөн
Өнүп чыгып көлмөдөн,
Бир талы сынып өлбөгөн.
(күрүч)

Жаз алдында эгилет,
Күз мезгилде терилет.
(картошка)

Тарбиячы: Балдар чарчадыңарбы, келгиле бир аз эс алалы, көзүңөрдү жумгула да, алма бактын арасында жүробүз — деп элестеткиле. Бактан сумкаларыбызга алма терип жатабыз, эң жумшагын, таттуусун жеп жатабыз, жытын искейбиз, ах! ж.б. пантомимо аркылуу физминутка.

Сабактын экинчи бөлүгү жашылча-жемиштердин сүрөтүн тартуу менен улантылат. Балдар өздөрү каалаган жемиштерин тартат, балдарды кыдырып ким эмне тарткысы келип жаткандыгы тууралуу аңгемелешем жекече жардам берилет

Сабактын аягында эшик чертилип сырттан куржун көтөргөн коен кирет.

Тарбиячы: -Ой коенек, сен кайдан келе жатасың? Куржунунда эмне бар?

Коен: -Мен жашылча-жемиштерден, күз берекесин чогултуп жүрөм, силердин балдар сүрөттү жакшы тартат дегенинен досторума ала кетейин — деп кайрылып калдым.

Тарбиячы: -Ой, азамат турбайсыңбы, кел анда чогуу тандайлы.

Эми коёнек биз менен оюн ойноп кетпейсиңби?

Дидактикалык оюн «Жесе болот, болбойт».

Оюндун жүрүшү: 1 м. аралыкта бор менен 5 сызык чийилет.

Оюнчулар 1-сызыкта турушат. Алып баруучу (коен) каалаган сөздөрдү атайт да, оюнчуларга катары менен топту ыргытат. Аталган сөз желчү жемишти билдирсе топту тосуп алышы керек, эгер желбей турган жашылча болсо, топту кармабашы керек. Тапшырманы туура аткаргандар, ар бир оюн сайын кийинки сызыкка жылып отурушат. Акыркы сызыкка биринчи жеткен оюнчу жеңүүчү болот.

Ошентип кызыктуу оюн менен сабак аяктайт.

*Жетинчи сабак.*

Тема: Үй айбанаттары менен жапайы айбанаттарды бир-биринен айырмалоо.

Максаты: Балдарды үй айбандары мснен жапайы айбандарынын өзгөчө белгилерин бир-биринен так ажырата билүүгө үйрөтүү. Берилген суроолор аркылуу балдарды ойлонуп жооп берүүгө көндүрүү менен оюн, көркөм чыгармалар аркылуу, математикалык табышмактар аркылуу ой-жүгүртүүсүн калыптандыруу.

Сабактын жабдылышы: Геометриялык фигуралар : үч бурчтук, төрт бурчтук, ар бир балага жетиштүү жапайы жана үй айбандарынын сүротү , ар түркүн геометриялык фигуралар айбанаттардын силуэтин түзүү үчүн.

Сабактын жүрүшү:

Тарбиячы: Балдар, бизге коноктордун келгени жакшыбы?

Оюн «Жаман-жакшы». Азаматсыңар, эми көңүл буруп мени карагыла.

Бүгүнкү биздин өтө турган темабыз үй айбандары менен жапайы айбандарды бир-биринен айырмалоо. Мына балдар менин колумда 2 конверт турат. Бирөөсүнүн сыртында төрт бурчтук: ичинде үй айбандарынын сүрөтү салынган, ал эми үч бурчтук тартылган конвертке жапайы айбанаттардын сүрөтү салынган. (Балдарга бир сыйра сүрөттөрдү көргөзүп, суроо-жооп менен бышыктоо жүргүзөмүн).

М: «Бул эмне, кайда жашайт, эмне менен тамактанат? Ж.б.

Дидактикалык оюн: Бул кайсы жаныбар ?


Тарбиячы: Мен айбанаттардын сүрөттөрүн көргөзө баштайм, а силер үй жаныбары болсо төрт бурчтукту, жапайы жаныбар болсо үч бурчтукту көтөрүп көргөзөсүңөр. (Балдар тапшырманы аткарышат. Катасы ондолот).

Физминутка: Пантомимо. —Жаныбарлардын кыймылын тууроо.


Сабактын экинчи бөлүгү ТРИЗдин элементи менен өтүлөт.

Балдардын көңүлүн доскада тартылган математикалык — табышмак сүрөттөргө бурабыз .

 - бул кайсы фигура ?




- бул кайсы фигуралар ?



- бул чогуу жайгашкан фигуралар кайсы жаныбардын элесин берет?



- бул кайсы фигура ?



- бул кейип эмнеге окшош? Жактыбы балдар ?

Сабактын үчүнчү бөлүгүн балдар менен бирге геометриялык фигуралардан стол үстүндө айбанаттардын силуэтин түзүү менен оюн түрүндө аяктайм.

*Сегизинчи сабак:*

Тема: Табият биздин үйүбүз .

Максаты: Балдардын табияттын ар кылдуу өзгөрүп, мезгилге жараша өңү-түсүн өзгөртүп турарлыгы жөнүндө, табияттын кооздугуна-сулуулугуна суктанууга, жылдын кайсы мезгили болбосун өзүнүн өзгөчөлөктөрү болуп турары жөнүндө түшүнүк берүү.

Методикалык ыкмалары: Ишенимдүү сүйлөшүүлөр, дидактикалык оюн «Күн желеси». Көркөм ыр окуу.

Сабактын жүрүшү :

Тарбиячы: Балдар силер билесиңерби, табияттын түрдүү сыйкырдуу күчү бизди курчап турарын, анткени жазында жер бети жашыл түскө, күзүндө сары түскө, кышында ак түскө боёлорун көрүп жүрөсүнөр, ал эми жайдын күнү күндүн күркүрөшү , чагылгандын чартылдашы, жаандан кийин күндүн желеси (радуга) пайда болгондугу өзүнчө бир сыйкырлуу керемет. Бүгүн мен силерге ушулар жөнүндө кеңири айтып берейин.

Жамгыр катуу жаап, күн ачылаары менен асманды карасаңар тоо этектей кызыл-тасыл күн желеси түшөт. Ал эми түркүн боектун элесин берет.

Бир топ мезгилден кийин ал кайрадан жоголуп кетет. Демек ал өзүнчө эле бир табияттагы кубулуш болуп саналат. Жазында чөп жаңыдан чыга баштаганда мала жашыл болуп көрүнөт, жайдын толугунда жап-жашыл болуп калат, ал эми күзүндө саргайып кетет, бул дагы мезгилге жараша өзгөрүп туруучу табияттын сыйкырдуу күчү.

Эми балдар мен силерге ыр-табышмак окуп берейин, силер жандырмагын тапкыла.

Ыр табышмактар : Мөмө-жемиш түрүмүн ,
Түсүмө карап атым бил! (карагат)
Тууганым бар дагы бир
Бышат жайды утурлап,
Себет, чака көтөрүп
Балдар терет бышылдап
Кызгалдактын өңүндөй
Анын атын эми бил .
(кызылгат)

Эми балдар түсүнө жараша коюлган бак-дарактардын аттарын атай аласыңарбы? Алар кайсылар? (Кара жыгач, Ак кайың, Көк терек, Сирень ж.б.)

Сабактын экинчи бөлүгүндө «Күз» жөнүндө көркөм ыр окуп берип, жаттап калууга сунуш кылат.

М: Суулар тунуп кашкайды,
Куштар кайтчу башганды.
Саргыч, кызгылт боёктор,
Каптап барат бактарды.
Кырдай үйүп кызылды,
Кырман толот түшүмгө.
Кубанычтын нуру ойнойт,
Баба дыйкан жүзүндө.

(Ырды эки-үч сыйра көркөм окуу менен, балдарга жаттаттырат). Андан соң балдардын көңүлүн ачып, эс алдыруу үчүн «Ак гүлдөр, көк гүлдөр» деген ырды музыканын коштоосу менен кыймыл-аракетин тууроо менен көңүлдүү ырдатат да сабак жыйынтыкталат.

Ноябрь. *Тогузунчу сабак.*

Тема: Манжа куурчак театры. «Кыйшык моюн өрдөк».

Максаты: Балдарга жомокторду куурчактардын жардамы менен драмалаштырып ширманын артында көргөзүү менен алардын жомокко болгон кызыгуусун арттыруу, өтүлгөн теманы суроо-жооп аркылуу эсине салуу менен жаратылыштагы алсыз жан-жаныбарларга боорукердик сезимин күчөтүү, балдардын ой жүгүртүүсүн өстүрүү менен жомоктун маанисине терең баа берүүгө үйрөтүү.

Сабактын жабдылышы: Манжа куурчактар, ширма.

Сабактын жүрүшү:

1. Аңгемелешүү. (Өтүлгөн жомокторду эсине салуу).
2. Суроо-жооп иретинде жомоктун каармандары менен тааныштыруу.
3. Жомокту инсценировкалап берүү. (Жаныбарлардын үнүн туурoo).
4. Ролдорду бөлүштүрүү.

Тарбиячы: Балдар, келгилечи биз өткөн сабактарда уккан жомокторубузду эсибизге салып көрөлү, жан-жаныбарлар жөнүндө кайсы жомокторду билчү элек? Түлкүнү эмне үчүн куу — дешет, ал катышкан кайсы жомоктор эле?

М: Абышка, кемпирдин көмөчү.

-Мебеке, Тебеке, Бебеке — деген кимдер? Кайсы жомок эле? (Жети улак,карышкыр).

-«Кызыл топу» кайсы жомок эле, кыздын аты ким эле? (Маша жана аюу).

Бүгүн биз силер менен «Кыйшык моюн өрдөк» - деген жомокту кадимки артисттердей ширманын артында манжа куурчактар менен ойнойбуз, жомоктун маанисин билесиңер, кана эстеп көргүлөчү, кимдер катышчу эле?

-Ким жооп берет?

-Туура, абышка-кемпир, кыйшык моюн өрдөк, эки бала, кыз. Азаматсыңар, эми жомок кандайча башталчу эле? (Жомоктун мааниси боюнча суроо-жооп берилет).

Тарбиячы балдар менен кеңешип ким кайсыны кааласа, ошол боюнча ролдор бөлүштүрүлөт, тарбиячы өзү алып баруучу болот.

Жомоктун инсценировкасы

Алып баруучу: Илгери-илгери бир заманда кемпир-чал жашаптыр.

Алардын тап-такыр балдары болбоптур,. Эриккенде бир маал токойго сейилдеп келишчү экен. Ошентип бир күн алар сейилге чыгышат. Сейилдеп үйүн көздөй келе жатса, токойдун четинде бир нерсе жатат.

Абышка : Ой, кемпир бул эмне ?

Кемпир : Абышка, бул өрдөк турбайбы, мойну да кыйшык экен.

Абышка : Буту да соо эмес го, кой кемпир, муну үйгө алып барып багып алалы.

Алып баруучу: Ошентип алар өрдөктү үйүнө алып келип, тамак берип жакшылап бага баштайт, өрдөк тыңып калат.

Абышка-кемпир кайрадан токойго эс алууга кетишет, кечке жүрүп кечинде үйлөрүнө келсе, таң калыштуу бир окуя болот. Үйлөрү таптаза жыйналган, кирлери жуулган, тамак-аш бышырылып койгон болот.

Кемпир: (Таң калып).

-Кудая тобо, мунун баарын ким жасаган, абышка?

Абышка: Кошунанын кыздары келип, чоң ата, чоң энебиз сүйүнүп калсын дешкен го, айланайындар.

Алып баруучу: Ошентип абышка-кемпир ыраазы болуп жатып калышат, эртеси алыскы туугандарына тойго кетишет, тойдон келишсе баягыдай эле үй жыйналып, суу алынып, бардыгы жазалып турат.

Абышка-кемпир ого бетер таң калып, кошуналарын чакырат.

Абышка: Ой, Асан-Үсөн, бери келгилечи!

Асан-Үсөн: (жарыша). Салоомалейкум!

Абышка: А-алеки салам!

Кемпир: Ээ балдар, бул абышка экөөбүз бир жакка кетсек эле, үйүбүз жыйналып, оокатыбыз жасалып калып жатат, үйгө ким келгенин көрдүңөрбү?

Асан: Жо-ок

Үсөн: Аа, чоң ата жана кыйшык моюн бир сулуу кыз жүргөн.

Кемпир: Абышка, ал кыз тигил биздин өрдөк болуп жүрбөсүн

Абышка: Анда эмесе кемпир, бүгүн да бир жакка кетимиш болуп, аңдып көрөлүчү, жүрү кетели. (Баары чыгып кетишет).

Алып баруучу: Ошентип алар кетимиш болушат да, андып карап турушат. Алар кетээри менен өрдөк кыз кебин чечип салып, суйкайган сулуу кызга айланат да, шыпылдатып үйдүн ичин жыйнай баштайт. Жыйнап бүтүп, сууга жөнөйт. Ошол кезде абышка-кемпир анын өрдөк кебин катып алышат. Сулуу кыз суудан келип, киймин таппай калып, отура калып ыйлап кирет.

Абышка-кемпир: (жарыша). Кой кызым ыйлаба, биз сени биротоло бала кылып алалы, сен ачык эле биз менен жашап, балдарга кошулуп ойнойсуң, бизге жардам beresiң.

Кыз : Жо-ок, балдар мени кыйшык моюн кыз деп шылдың кылышат.

Балдар: Биз антпейбиз, сени менен бирге болобуз, чогуу ойнойбуз .

Кыз: Чын элеби, мен силерге жакшы кыз болом, чоң ата- чоң эне!

(кыз так секирип сүйүнөт, абышка-кемпир дагы кошулат)

Алып баруучу: Ошентип алар жыргап-куунап бирге жашап калышат.

Тарбиячы : Жомок жактыбы балдар? Эми ролдогулар менен таанышып алгыла, дагы кимдин аткаргысы келет — деп балдардын кызыгуусун туудуруу менен сабак жыйынтыкталат.

*Онунчу сабак.*

Тема: Сюжеттүү сүрөттөр менен иштөө. «Канаттууларды коргоо».

Максаты: Балдарды сүрөт аркылуу канаттуу куштар менен тааныштырууну улантуу, эмне үчүн келгин куш — деп аталары жөнүндө түшүнүктөрдү берүү менен балдардын сүйлөө жөндөмдүүлүгүн кеңейтүү, көркөм чыгармалар аркылуу балдарды канаттуу куштарды коргоого, сүйүүгө, сүрөт аркылуу өзүбүздүн чөйрөдө кандай канаттуу куштардын бар экендиги тууралуу түшүнүк берүү.

Сабактын жабдылышы: Сүрөт-плакаттар, ырлар, табышмактар, оюнчуктар.

Методикалык ыкмалары: Ишенимдүү аңгемелешүүлөр, жаман-жакшы оюну, сүрөттөр менен иштоо, пантомимо, көркөм чыгармалардан жатка айтуу.

Сабактын жүрүшү:

Тарбиячы: Балдар, азыр кайсы мезгил? Балдардын жообу: Кеч күз. Күз мезгили аяктап бара жатат, күндөн-күнгө суук күчөдү, кар жаай баштады, биздин бала бакчанын бак-дарактарында сайраган канаттуулар азая баштады, анткени алар күн жылуу тарапка учуп кете баштады, ал эми каргалар болсо учуп келе баштады.

Карга жөнүндө ыр уккунар келеби. (Ыр окулат)

Н.Жаркынбаев. «Кар тилеген каргалар.»

«Чуркурашат каргалар,
Талга конуп өз ара .
Жай, күз кетип, кыш келди,
Балпактап жаайт жерге кар.
Кар-р! Кар-р! Кар-р!»

«Ак кебездей самсаалап,
Ой-талаага жаады кар.
Ал ансайын күчтөнүп,
Чуркурашат каргалар :
Кар-р! Кар-р! Кар-р!»

«Чыйрак бала энтиге,
Чана тээп сүйүнсүн.
Чабалдары бүрүшүп,
Тумчулана кийинсин».

Тарбиячы: Көрдүнөрбү балдар, каргалар жайкысын учуп кетип, күн муздаганда кайра келишет. Ал эми кээ бир канаттуулар жылуу жакка учуп кетип, жазында кайра учуп келишет, Себеби катуу суукка алар чыдай алышпайт. М: Каркыралар, турналар, кара чыйырчыктар ж.б.

Сабактын экинчи болугүн сурот-плакаттар менен иштейбиз.

Күн мурунтан даярдалган канаттуу-куштардын сүрөтүн бирден көргөзүп, кайда жашаарын, эмне менен тамактанаары жөнүндө айтып берем.

М: Каз-өрдөк, ак куулар, бөдөнө, чил, кскилик, көгүчкөн, таранчы, каркыра-турналар ж.б.

Пантомимо: Физминутка — канаттуулардын кыймыл-аракстин тууроо.

1. Бөдөнө суу ичип жатат .
2. Таранчы канаттарын каккылайт.
3. Ак куу көлдө сүзүп жүрөт.
4. Өрдөк-каз майпандап басып баратат ж.б.

Андан соң канаттуу-куштар жөнүндо ыр-табышмактардан көркөм окуп берип, маанисин чечмелеп түшүндүрүп берем.

Жатып алып бекинип,
Бытпылдыктап үн салат.
Кыска куйрук, жүнү чаар,
Мунун атын ким табат?
(Бөдөнө).

Күзгүдөй көлдөн каранат,
Апаппак болуп таранат.
Көркүнө көздү суктантып,
Көп жерге сүзүп баратат.
(Ак куу)
Денесине суу жукпайт,
Көлдө сүзөт кайыктай.
Үшүбөстөн, тоңбостон,
Чумуп кетет балыктай.
Жаргак таман, узун жаак,
Бул эмне ойлоп тап ?
(Өрдөк).

Тарбиячы: Эми балдар, силер көп канаттуу-куштар менен тааныштыңар, кар түшкөн мезгилде канаттуулар курт-кумурска же болбосо ж.б. тамак-аш таап жей албай калат, ошондуктан аларга арткан нандын күкүмүн бош идиштерге салып, бактын бутагына коюп койсоңор, алар терип жеп, силерге ыраазы болот.

Жаз алды менен чоң атаңар же байкелеринср менен. бирдикте жыгачтан уя жасап койсоңор абдан жакшы болот — деп түшүндүрүү менен сабагын жыйынтыктайт.

*Он биринчи сабак.*

Тема: Оюн-сценка : «Алтын күз».

Максаты: Балдарды оюн-шоок аркылуу күз майрамына арналган ырлар, табышмактарын, жаратылыштын ар түркүн кубулуштары жөнүндөгү макал-ылакаптарды эске түшүрүү менен алардын сөз байлыгын көбөйтүү.

(оюн-сценка аркылуу балдардын билгендерин эсине салуу).

Методикалык ыкмалары:

1. Ишенимдүү аңгемелешүүлөр, оюн арасында күтүлбөгөн адамдардын кирүүсү аркылуу оюнду жандандыруу.

Сабактын жабдылышы: Группанын ичи, оюн бурчтары, атрибуттар, сүрөттөр.

Сабактын жүрүшү:

Тарбиячы: Бүгүн биз силер менен оюн ойнойбуз, силер бүгүн өзүңөр тарбиячы, жардамчы тарбиячы, ата-эне, орус, англис, музыкант мугалими болосуңар, а биз болсо силерге келген конокторбуз.

Силер бүгүн өзүңөр окуйсуңар, иштейсиңер, ойнойсуңар. Кана, ким тарбиячы, ким мугалим, ким жардамчы тарбиячы болот.

Аңгыча эшик чертилип, почточу кирет, ал кат тыштайт. Катта минтип жазылган :

Достор, эгер силер менин берген суроолорума толук канаттандырарлык жооп берсеңер, мен силерге алтын күздүн берекесин таштаймын, жоопту мен силер көрбөгөн жерге отуруп алып угуп турам-дептир. Суроосу: Бүгүн силер өзүңөр тарбиячы, мугалим эжеңердин ордунда экенсиңер, кана кимиңер күз мезгилине тиешелүү кандай кызыктуу нерселерди билесиңер? (Тарбиячы суроону окуп берип коюп, балдардын оюнду улантуусун күтөт).

Оюн жандуураак башталбаса, тарбиячы өзү кичине түрткү берип турат. Оюндун аягында эшик дагы чертилип, Баба дыйкан кирет, колунда куржун.

Баба дыйкан: Эми балдарым мен жанатан бери силердин сүйлөгөнүңөрдү, ырдаган ырыңарды, айткан табышмагыңарды, макал-ылакаптарыңарды угуп турдум, баары жакты. Эми мен силерге бир ыр окуймун, ошонун жаңдырмагын чече аласыңарбы, чечип кетсеңер мына бул куржундагы жер-жемиштер силердики болот.

«Төөлөр айман сабизди,
Коёндор жеп жантакты.
Уйлар сөөк кемирип,
Иттер чөп жеп чарчашты.

Чегирткелер сойлошот,
Күрптөр сүзөт көлмөдө.
Тал башынан бакалар,
Түшпөй калган эмнеге?

Көргөнүмдү жашырып,
Айтпай койсом жарабас.
Бүгүн баары ушундай,
Баш аламан аралаш».

(Байчечекей журналынан).

(Балдарга ырдын маанисин чечмелеп берүү жөнүндө суроо-жооп ирстинде кыскача аңгемелешүү жүрөт. Баба дыйкан куржундагы жер-жемиши менен сыйлайт да, ошону менен сабак аяктайт).

*Он экинчи сабак.*

Тема: «Жаратылыш биздин байлыгыбыз». Сүрөттөр менен иштөө.

Максаты: Балдарга табият тартуулаган жаратылыштын сулуулугун жана кооздугун сезе билүүгө, жаратылышка аяр мамиле жасап, аларды аёо сезими менен сындырбай, бүлдүрбөй

коргоо керек экендигин билүүгө тарбиялоо. Бактарды, гүлзарларды, жаш көчөттөрдү сугарууга , асыроого үйрөтүү.
Сабактын жабдылышы: Карагай, балаты, кара жыгач, арча, карагат, кызылгат жана бүлдүркөндүн сүрөттөрү .
Сабактын жүрүшү:

1. Ишенимдүү сүйлөшүүлөр: Балдар биз сейилдөөгө чыкканда кандай бак-дарактар менен тааныштык эле, аттарын унута элексиңерби ? Алар кайсылар ? Балдардын жообу.
Туура айттыңар, арча, балаты, кайың ж.б., булар токойдо өсүшөт, ал эми бадалдарга эмне өсөт ?
-Карагат, кызылгат, бүлдүркөн. Булар эмнеси менен пайдалуу?
-Мөмө - жемиштери менен пайдалуу, булардан шире (варенье) жасалат.
-Балдар ушулардын кайсынысы биздин бала бакчада өсөт?
-Туура, ак кайың, кара жыгач, карагат, бүлдүркөн, четин ж.б.

Балдар азыр мен силерге көркөм ыр окуп берейин, кулак салып угуп тургула :

«Араласаң токойду,
Ар жыгачтын түрү бар.
Сурап көрбөй ар кимден,
Аларды өзүң билип ал.

Аты эле дапдайын,
А бул сулуу ак кайың.
Кыш, жай, өңү кыярбай,
Кайра бүрдөйт жаз сайын.

Бул арча, жапалак,
Андан комуз жасалат.
Кыш, жай өңү кыярбай,
Жашыл тартып жашарат.

Баса түшсөң аралай,
Бакжая түшөт карагай.
Сансыз жашыл ийнелүү,
Керекке жарайт бир далай».

Тарбиячы: Азыр биз силер менен «Керектүү түстүү таш» деген кыймылдуу оюнду ойноп алалы, оюндун эрежесин угуп тургула.

Оюндун эрежеси: Балдар тегерете турушат, бөлмөнүн ар тарабында бак-дарактар, мөмө-жемиш тартылган сүрөттөр илингсн.

Тарбиячы бир түстү атайт, калгандары ары-бери чуркап, ошол түстөгү бак-дарактı же мөмө-жемишти таап, ага колун тийгизиш керек.

М: ак десе ак кайыңга, кара десе карагатка, жашыл десе балатыга, күлгүн десе бүлдүркөнгө ж.б. Биринчи тапкан бала жеңүүчү болот.

Оюн эки-үй сыйра кайталанат да, балдар эс алган соң сабактын калган бөлүгү улантылат.

Тарбиячы: Кана балдар, айткылачы бак-дарактарды биз кантип багышыбыз керек . (Балдардын жообу)

Толуктоолор: Туура, сындырбай, үзбөй, сугарып, айланасын тазалап, жаш көчөттөрдү отургузуп баксак, алар бизге көлөкөсүн, мөмөсүн берет, айланабыз көркkө бөлөнөт, кооз көрүнөт — деп сабак жыйынтыкталат.

**Декабрь.** *Он үчүнчү сабак.*

Тема: Дидактикалык оюн «Сыйкырдуу сандык» .

Максаты: Балдарга жаратылышка байланышкан жаңылмачтарды оюн аркылуу айттыруу менен алардын тилин жатыктыруу, балдардын эскс тутуу жөндөмдүүлүгүн өстүрүү.

Методикалык ыкмасы: Дидактикалык оюн, жаңылмачты шашпай, жай айтуу, маанисин түшүндүрүү.

Сабактын жабдылышы: Кичинекей кутуча, жаңылмачтар, сыйлоо үчүн кызыктыруучу оюнчуктар.

Сабактын жүрүшү: Тарбиячы: Балдар бүгүн биз силер менен оюн ойнойбуз, мына бул кичинекей кутучаны карасаңар, бул эмне болду экен? Ачып көрөйүнчү, ой ачылбайт го, эмне сыры бар, бул жомоктогу сыйкырдуу сандык го!

Кандай сыйкырлуу сөздөр болчу эле, ким билет ? (Балдардын жообу)

Абракa-дабрака, сим-сим, ачыл. Ой, ачылып кетти. Ичинен кат учуп чыгып, кайра сандык бекип калды да. Катты окуйлучу.

Каттын мааниси: Эгер балдар силер эжеңерге кошулуп мен жиберген жаңылмачтарды туура айтсаңар, мен улам ачылып белегимди берип турам – туура эмес айтылса ачылбай калам — дептир.

Анда эмесе балдар, силер жакшылап уккула, мен бир сыйра окуп берейин, анан мен да айтып көрөйүн, силер менден кийин кайталап айтсаңар болот.

1. Апам алмадан үчтү үздү,
Алмуруттан үчтү үздү.
Жетпегенин күбүсо,
Жерге баары түз түштү.

Тоодон алып четин,
Тостук короо четин.

Көп карышкыр
Көк карышкырды талап.
Көк карышкыр,
Көп карышкырды кабат.

Жардамга чакырбай эч кимди,
Жайытка чыгардым эчкимди.

Айлыбызда арал бар,
Ал аралда үч марал бар.
Бири - кара марал,
Бири — ала марал.
Бири — бала марал.

(Тарбиячы жаңылмачтардын улам бирин шашпай, жай окуп маанисин чечмелеп түшүндүрөт, андан соң өзү бир-эки сыйра кайталайт, анан кезеги менен балдарга айттырат, эгер туура айтылса сандык ачылып белектер берилет, туура эмес болсо, ачылбай калат. Ошентип оюн аркылуу жаңылмачтар жаттатылат да, сабак өз максатына жетсе аяктайт.

*Он төртүнчү сабак.*

Тема: «Карышкыр менен жети улак». (Жомокту балдар менен инсценировкалоо).

Максаты : Балдарды жомоктогу каармандардын . ролун аткарууга үйрөтүү.

Диалогдук сөздөрдү интонация менен туура сүйлөп, толук сүйлөм менен жооп берүүгө көнүктүрүү менен жаратылыштагы жан-жаныбарларды аёо сезимин өнүктүрүү, балдарды саноого үйрөтүү.

Керектүү материалдар : Жети улактын кийми, ширма, маалымат берүүчү жай, касса, акча бирдиги. (атрибут).

Сабактын жүрүшү: Тарбиячы: Балдар силер бүгүн бакчага келе жатканда эмнени байкадыңар, эшикте кар, аябай суук, жол тайгалак. Үшүдүңөр, кыш мезгилинин эмнеси жагат, эмнеси жакпайт? Балдардын жообу. Балдар бүгүн биз силер менен «Театрга баруу» деген оюнду ойнойбуз. Театрда кайсы жомокту койгуңар келет, силер жомоктун көпчүлүгүн билесиңер, мейли эмесе «Карышкыр жана жети улак» жомогун көрөлү . Анда эмесе театрда ойногон балдар ким кайсы ролду аткарса кийимиңерди кийип даярдана баштагыла, ал эми көрүүчүлөр жүргүлө билет алалы.

Азамат, адегенде сурап билчи, маалымат берүүчү жайдан, билет канча сом экен.

Азамат: (Трубканы көтөрүп) Алло-о, саламатсызбы, маалымат берүүчү жайбы ?

Айгүл : -Ооба, маалымат берүүчү жай угуп жатат, саламатчылык. Бүгүн театрда кайсы жомок болуп жатат, баасы канча болду экен?

Үчүнчү бала: «Карышкыр менен жети улак» болгону жатат, баасы 5 сом.

Тарбиячы: Балдар жүргүлө, кассадан билет алалы. (Билет алышып залга отурушат). (Ширма ачылып, жомок башталат).

Алып баруучу : Илгери-илгери бир эчки жети улагы менен токойдо жашаптыр. Ал күнүгө эртең менен чөпко тоюп, суу ичип келүү үчүн токойду аралап кетчү экен, балдары энеси кетээри менен эшикти бекитип алуучу экен. Эчки үйүнө келип, минтип ырдачу экен.

Эчки: Улактарым, чунактарым,

Ачкылачы эшикти!
Токойдо болдум, мен эчки
Оттодум чөптү жайкалган,
Ичтим сууну кашкайган.

Сүт желинге жыйылды,
Туякты коздой сызылды.
Ачкылачы эшикти!

Алып баруучу: Ошентип ырдап бүтөрү менен улактары энесинин үнүн таанып, эшикти ачып берет, эчки улактарын эмизип, тойгузуп коюп кайрадан токойго кетип турат. Бир күнү ач карышкыр муну билип калып, эчки токойго кетээри менен өзүнүн жоон үнү менен дарылдап ырдайт.

Карышкыр : Улактарым, чунактарым,
Ачкылачы эшикти.
Желинине сүт жыйып,
Туягына суу куюп, эненер келди.

Улактар : -Калп айтасың, бул энебиздин үнү эмес, анын үнү ичке созолонуп чыгат, ачпайбыз эшикти, жогол !

Алып баруучу : Карышкырдын ого бетер курсагы ачып, кыштактагы темир устага барат.

Карышкыр : Айланайын устаке, менин үнүмдү ичкертип жасап берчи ?

Алып баруучу: Уста карышкырдын үнүн ичке кылып жасап берет, карышкыр сүйүнүп тез эле токойго келет да эчки кетээри менен ичке үнү менен эчкини туурап ырдап жебирет. Улактар энеси экен деп эшикти ачып жиберет, ач карышкыр келип улактарды жеп кирет, коркконунан бир кичинекей улак мештин ичине кирип жашынып калат, карышкыр тоюп алып кетип калат. Бир топтон кийин эчки үйүнө келип ырын ырдаса да, эшикти какса да эч ким жооп бербейт, эшигин ачып үйгө кирсе эч ким жок. Эчки ыйлайт. (Эчкинин ыйы У-у-у-у-у)

Энесинин ыйын угуп мештин ичиндеги улак чыгып болгон окуяны энесине айтып берет. Эчки карышкырды көздөй жөнөйт.

Эчки : Э-эй, карышкыр менин улактарымды көрдүңбү? Сен жеген жоксуңбу?

Карышкыр: Койчу нары, эчкибай, мен кантип ошондой ишке барайын.

Эчки: Жүрү, анда эмесе токойдон издеп келели. .

Карышкыр: Макул, барса барып келели.

Алып баруучу: Эчки карышкырды бир жардын түбүнө эрчитип барат, жардын түбүндө от күйүп турат.

Эчки: Кана эмесе оттон секирип өтөлү, сен биринчи секир дейт,

Карышкыр: Макул, секирсе-секирейин.

Алып баруучу: Карышкыр секирип өтөм дегенде чоң тоюп алган неме чоктун ортосуна түшүп калат, ысыкка чыдабай курсагы жарылат.

Жутуп жиберген улактар эсен-соо курсагынан секирип чыгышат. Эчки улактарын аман-эсен таап алып, үйүн көздөй жөнөшот.

(Көшөгө жабылат, аткаруучулар чыгып ролдору менен тааныштырып жүгүнүшөт).

Өшентип жомоктун жаман-жакшы жактарын талдоо менен сабак аяктайт.

*Он бешинчи сабак.*

Тема: Оюн-сценка «Жаратылышка саякат».

Максаты: Балдарга көркөм чыгармалар аркылуу жаратылышка байланышкан жомокторго, ангемелерге, ырларга, табышмактарга кызыгуусун арттыруу, алар аркылуу адептүүлүккө , эли-жерин сүйүүгө, эстетикалык кабылдоосун өнүктүрүүгө тарбиялоо. Оюн аркылуу канаттуулар, үй жана жапайы жаныбарлар жөнүндөгү түшүнүктөрүн бышыктоо.

Керектелүүчү материалдар : Канаттуулардын сүрөттөрү , үй жана жапайы жаныбарлардын оюнчуктары, жомокторду чагылдырган көргөзмөлүү сюжеттүү сүрөттөр.

Сабактын жүрүшү: Тарбиячы: Балдар бүгүн бизди кызыктуу иштер күтүп жатат, бүгүн биз силер менен жаратылыш бурчтарына саякатка чыгышыбыз керек.

Андыктан ал жакка тезирээк жетиш үчүн поездге отурушубуз керек, кана эмесе батыраак вагон болуп чиркелише калгыла. (Алдыда поездин сүрөтүн кармап бир бала турат).

-Жөнөдүк, жолдон эрикпес үчүн келгиле ырдап баралы, табиятка тиешелүү кайсы ырларды билесиңер? Балдардын жообу.
(Балдар өздөрү каалаган ырын ырдайт. М: Көк жылгаяк, гүлдөр ж.б.) Балдар менен вагон болуп чиркелишип, 1-станцияга келебиз.

1-станция. Куштар дүйнөсү.

Мындагы жазылган суроолорго жооп айтабыз, туура жооп берсек тосмо ачылат, туура эмес болсо жабылат.

1-суроо. Канаттуулардын окшош белгилери кайсылар, ага кандай камкордук керек?

Жооп : Канаттуулардын канаты бар, алар уча алышат, өздөрү уя салышат ж.б.

2-суроо: Канаттуулар жөнүндө кандай ырларды билесиңер?

Жооп: Мурунку жаттаган ырларын көркөм айтышат. М: Кар тилеген каргалар.

(Түзүлгөн конспектинин 10 —бетин карагыла).

Тарбиячы : Жооп туура болду, жүргүлө кайрадан чиркелишип алга жөнөдүк.

2-станция : Үй жана жапайы жаныбарлар дүйнөсү».

1-суроо: Үй жана жапайы. жаныбарлардын айырмачылыгы эмнеде ?

Жооп : Экөөнүн айырмачылыгы үй жаныбары адамдардын багуусунда жашайт, ал эми жапайы жаныбарлар талаада, тоодо жашайт.

2-суроо: Жаныбарлар жөнүндө сүйлөм түзүп бергиле .

Жооп: Балдар өздөрү каалаган сүйлөмдөрүн айтышат.
(Толук сүйлөм түзүү ) .

Суроолорго жооп алынган соң кайрадан алга.

3-станция : «Жомоктор дүйнөсү».

1-суроо: Кандай жаратылышка тиешелүү жомокторду билесиңер?

Жооп: «Кыйшык моюн ордок», «Карышкыр жана жети улак», «Маша жана аюу» ж.б.

2-суроо: Кандай уламыштарды билесиңер ?

Жооп : «Төө эмне үчүн эки жагын каранат?», «Эмне үчүн чабалекейдин куйругу эки ача?» Дан жөнүндө жомок ж.б.

Суроолорго толук жооп берген соң, кайрадан чиркелишип жөнөмөй.

4-станция : «Табышмактар дүйнөсү» .

Суроо : Төмөнкү жазылган табышмактарды тапкыла ?

Кээде укмуш жарымы жок,
Кээде такыр дайыны жок.
Кээде кескен дарбыздай,
Кээде ороктой сабы жок (Ай).

Ийнеси жок, жиби жок,
Тереземди саймалайт.
Тызылдатып эрте кеч,
Бети колум аймалайт. (Аяз).

Түндө бар, күндүз жок,
Асманда бар, жерде жок. (Жылдыз).

(Табышмактар туура табылган соң, дарбаза ачылып, балдар өз ордуларына кайтуу менен оюн аяктайт.

*Он алтынчы сабак.*

Тема: «Табышмактуу сүрөттөр». ТРИЗ жана РТВ элементтери менен иштөө.

Максаты: Табышмактуу сүрөттөр аркылуу балдардын ой жүгүртүүсүн, элестөөсүн өнүктүрүү, чаташкан суроо, чаташкан сүрөттөр аркылуу балдарды тапкычтыкка, сезимталдыкка көндүрүү. Өз оюн сүрөт аркылуу айта билүүгө үйрөтүү.

Керектелүүчү материалдар : Адашып тартылган сүрөттөр.

Сабактын жүрүшү: Тарбиячы: Балдар бүгүн менин ар бир берген суроомо аябай көңүл бөлүп уккулачы, мен өзүм да түшүнбөй турам, эмнегедир бүгүн баары эле баш адашма болуп калыптыр. Доскадагы сүрөттөргө көңүл бургулачы, эмненин сүрөтүн көрүп турасыңар ? Туура. Ай, күн, жылдыз, булуттар, үйлөрдүн сүрөтү тартылган, сүрөттүн эмнеси туура эмес?

-Ай менен күн бир мезгилде чыгабы? Жылдыз менен булутчу?

Жооп: Жок .

-Тартылган сүрөт боюнча ак кайыңда алма, алмурут, чие өсүп калыптыр, бул туурабы? Алма, алмурут, чие бардыгы бир бакта өсөбү?
(Балдардын жообуна жараша түшүндүрүү иштери жүргүзүлөт).
-Бул сүрөттө кайсы жыл мезгили тартылган ? -Туура жай мезгили. Айлана жашыл чөпкө оронуп, гүлдөр жайнап тартылган, ал эми бактын жанында кар кишиси отурат да, жайдын күнү кар кишиси болчу беле? (Балдарды эс алдыруучу физминутка өтүлгөндөн кийин, төмөндөгү ыр окулат.

Л.Кыдыров. «Бүгүн баары тескери».

Тал башына уй конду,
Кой миниптир буйволду
Эшек чыгып терекке,
Атты кылды келеке.

Кыяк тартып ит жүрөт,
Мышыктарды үрдүрөт.
Бакка чыгып бардык жан,
Терип жүрөт бадыраң.
Аюу көрүп коёнду,
Ойт берди да жоголду.
Казан асып төө жүрөт,
Балык минип чөө жүрөт.

Короосуна карышкыр,
Гүл өстүрүп алыптыр.
Түлкү сатат балмуздак,
Бери кел — деп казды ымдап.

Бугу менен арстан,
Үй жасашты камыштан.
Таш ыргытып шоктору,
Топ ойношот тооктору.

Жылбай угат көптөрү,
Комуз чертсе кептери.
Бул кандайча кызыгы,

Бүгүн баары тескери.

Тарбиячы ырды көркөм эки сыйра окуп берүү менен ырдын ар бир сабын талкуугa алып, балдар менен бирге каталарын ойлойт. Ошону менен сабак жыйынтыкталат.

**Январь.** *Он жетинчи сабак.*

Тема: Дидактикалык оюн: «Ким көп билет?».

Максаты: Балдарды оюн аркылуу өтүлгөн темаларды кайталоо менен үйрөнгөн материалдарын эсине салуу, ойлоп тапкычтыгын өстүрүү.

Балдарды берилген суроого толук сүйлөм менен жооп бере билүүгө көнүктүрүү.

Методикалык ыкмалары: Оюн өтүлгөн темалар боюнча төрт тур менен өтүлөт.

1. Көркөм ыр айтуу.
2. Макал-лакап айтуу.
3. Жаңылмач айтуу.
4. Сөз менен ойноо.

Сабактын жабдылышы: Сүрөттөр, оюнчуктар, карточкалар, топтор.

Сабактын жүрүшү: Тарбиячы: Силер менен бүгүн сабагыбыз оюн түрүндө өтүлөт. Мен ар түрдүү жол менен тапшырмаларымды берем, силер ошого жараша жооп айтасыңар:

1-тапшырма: Балдарга карточка таратылат. М: 3 окшош гүл, 3 окшош козу, 3 окшош коен же козу карын ж.б. Кимге окшош гүл же окшош козу карын келсе, ал балдар биригишет да берилген тапшырмага чогуу жооп табышат.

Тапшырма: Жаратылыш жөнүндөгү макал-ылакаптардан айткыла.

(Балдардын жообуна кошумча материалдар).

Ат - адамдын канаты.

Эл менен эр көгөрөт,
Суу менен жер көгөрөт.

Баарынан нан улук.

Өлор эчки койчунун таягына сүйкөнөт.

Өрдөк жокто чулдук бий.

Тарбиячы : (Макал-ылакаптын экинчи вариантына өтөт

М: макалдын башын тарбиячы баштайт, аягын балдар улайт.

М: Эл эмгегин ..... деп койсо, аягын «жер жебейт» - деп балдар улайт.

2.Сөз менен ойноо. Тапшырма : Ылдам сөз улоо.

Тарбиячы: Балдарды эки катарга бөлүп тургузам, биринчи катарга топту ыргытып туруп шаардын аттарын атоо менен баштайм, балдар топту тосуп атайт, ал кийинки балага ыргытып шаардын аттарын айтуу менен оюн улантыла берет.

М: Нарын, Жалал-Абад, Балыкчы, Чолпон-Ата, Кара-Кол ж.б.

Экинчи катарга топ ыргытып бак-дарактын атын атоо менен башталат .

М: Ак кайың десем, балдар : мырза терек, дуб, карагай, тал ж.б.

3.Сүрөт менен иштөө. Тапшырма: Жомоктордон тартылган сүрөттөн үзүндү көргөзүлөт, балдар аталышын айтат.

М: Абышка-кемпирдин көмөчү, Чаар таок, Мунара, Чыпалак бала ж.б.

4.Сөздү улап ырдоо. Тапшырма : Тарбиячы бир сөздү атайт, балдар ошол сөз катышкан ырды таап ырдайт

М: Ай чыкты карачы, айдан биз жаралдык
Күн чыкты карачы, күндөн биз жаралдык

М:
Жыты сонун буркурап
Ай бүлдүркөн, бүлдүркөн.
Жар башынан салаалап,
Балдар көзүн күйгүзгөн.
Колдорубуз көк боёк,
Тергенибиз бүлдүркөн.
Суу боюнан салаалап
Балдар көзүн күйгүзгөн.

Ошентип оюн аркылуу кайталоо сабагы аяктайт.

Эскертүү: Январь айы балдардын көпчүлүгү каникулда болгондуктан, калган балдар менен ушул оюн түрүндө

жаратылышка тиешелүү бардык окутуу — тарбиялоо ишине кайталоо менен жүргүзсө болот, ал үчүн ар бир сабакка башкача түрлөрү пландаштырылат.
М: Жаңылмачтар, табышмактар, аңгемелер ж.б.

Февраль. *Он сегизинчи сабак :*

Тема: Кыш мезгили. Сүрөттөр менен иштөө.

Максаты: Кыш мезгилин башка жыл мезгилдеринен айырмалай билүүгө үйрөтүү.
Кыш мезгилинин өзгөчөлүгү менен тааныштыруу. Кыш, кар, муз, суук деген сөздөрдүн маанисин түшүндүрүү.
Сабактын жабдылышы: Кыш мезгили чагылдырылган сюжеттүү сүрөттөр, оюнчуктар.
Сабактын жүрүшү: Тарбиячы: Балдар эртең менен эрте бала бакчага келе жатып эмне болдуңар, үшүдүңөрбү? Абдан үшүп кабагынар бүркөө келдиңер окшойт, кана көргөзгүлөчү кантип кабак бүркөлөт? Ал эми бала бакчага келгенде группа жылуу, балдар менен ойноп кабагыңар ачыла түштүбү? Көңүлдүү болгон кандай болот, көргөзгүлөчү? Балдар жылмайып, күлүшөт.
(Эшик чертилип, куржун асынган коенду көтөрүп жардамчы тарбиячы кирет).
-Жардамчы тарбиячы: Балдар мен эшикке чыга калсам, коён бизге токойдон кат алып келе жатыптыр, коёндун катында эмне жазылыптыр, силер таап көргүлөчү, биз коен экөөбүз угуп туралы. (Катты тарбиячыга берет).
Тарбиячы: (Ачып көрүп, жазылган ырды көркөм окуйт, маанисин чечмелейт).

А.Токомбаев. «Аппак кар»

Мына, мына аппак кар,
Аппак карда алтын бар.
Жазда терден эришет,
Жерге жашын төгүшөт.

Учуп түшкүн аппак кар,
Ак кар сенде алтын бар.

Муз тебели жаш балдар,
Келе берсин аппак кар.

Коёндун экинчи катында табышмактар жазылыптыр, дааналап уккула! .

Ызгаар учуп кар түшүп,
Ой-тоолорду бологон.
Суулар тоңуп каркайып,
Күзгүдөй болуп көгөргөн.
Бул кайсы учур болчу эле?
(Кыш).

Учкан 3 карга,
Конуптур талга.
Үчөө консо бир тал артып калат,
Нече карга, нече тал?
Жообун өзүң таап ал.
(Үч карга, эки тал).

Тарбиячы эми үчүнчү тапшырмага өтөөрдөн мурун, балдарды эс алдыруу үчүн физминутка өтөт. Пантомимо : Кар чогултуу, муздан дөңчө жасоо, тоңдуруу үчүн суу куюу, чана, лыжа тебүү.

Тапшырма: Конверттин ичинен кыш мезгилин сүрөттөгөн сүрөттөрдү алып чыгып, балдарга 5-6 сек. көргөзүп туруп катып коём, балдар элестөө менен тарбиячынын суроолоруна жооп берет.

-Сүрөттө ким бар эле?
-Эмне жасап жатат?
-Кайсы мезгил?
-Канчоо эле ? ж.б. (Ошентип сабак жыйынтыкталат, жардамчы тарбиячы коёндун атынан ырахмат айтып, коёнду көтөрүп коштошуп чыгып кетет).

*Он тогузунчу сабак.*

Тема: Дидактикалык оюн «Керемет талаасы». (Поле чудес).
Максаты: Балдардын ойлоо сезимдерин оюн аркылуу өстүрүү максатында кереметтер талаасы аттуу оюн-шоок менен балдарды жаратылыштагы жаныбарлардын, өсүмдүктөрдүн атын атоого жана алардын жашоодо кандай пайдасы бар

экендиги тууралуу балдарга түшүнүк берүү. Оюн аркылуу жандуу-жансыз жаратылышты коргой билүүгө тарбиялоо.
Сабактын жабдылышы: Оюнду жетектөөчү айлампа, карточкалар, ар түрдүү оюнчуктар.
Сабактын жүрүшү: Балдар, бизди Бишкек шаарына «Кереметтер талаасы» теле оюнуна чакырып жатыптыр, андыктан жакшылап даярдык көрүшүбүз керек. Бүгүн биз силер менен оюнга кандайча катышуу керектигин үйрөнөбүз. Ал үчүн үчтөн бала мага келгиле да, бул айлампанын жанынан орун алгыла. Айлампа тегеренип турат, айлампанын сыртында сандар жайгашкан, айлампада конверттерде суроолор коюлган.
Конвертке кайсы сан туш келсе ошого жооп бересиңер.
Биринчи 3 оюнчуга берилүүчү суроолор :

1. Маалында кыйкырат,
Канаттарын каккылайт,
Кызыл-тазыл кийинет,
Коздукту жактырат. (короз)

2.Жаныбарлардын атын атабастан, сүрөттөп айтуу менен ким экендигин табуу.
Өзү жапайы жырткычтардын бири, ал тоодогу карагайлардын, бадалдардын арасында жүрөт. Ал жайы-кышы аң уулап, кой-эчки , жылкыларды жеп, балдарын ошонун эти менен багат. Ал жаныбар сыртынан караганда иттерге окшош, өзү көгүш келет.....? (карышкыр)

3. Өсүмдүктөрдү сүрөттөө менен атын атоо . Бул дары чөп . Өңү кочкул жашыл, анын түспөлү кадимки эле баканын терисин элестетет. Бул осүмдүк суунун боюнда, жолдун жээгинде көп өсөт. Бул өсүмдүктү жарага, кесип алган жерге таңып койсо бат эле айыгып калат. Курт-кумурска чакканда да жабыштырып койсо бат айыгат. ...? (бака жалбырак).
(Финалга 3 суроого толук жооп берген баланын бирөө чыгат).
Азыр оюн катышуучулар же көрүүчүлөр менен ойнолот.
Суроо: Биринчиси — басчу жер күндөгү,
Экинчиси күчүктүн үргөнү. (Эмне деген сөз болду?)
- ж о л б о р с
Экинчи 3 оюнчуга берилүүчү суроолор.

1. Суук барда, аппак карда

Жашайт бизде, өңү кара далдайган
Бул кайсы канаттуу?.... (карга)

2. Өңү көркөмдүү келишкен,
Тынчтыктын куушу дегизген
Топ-топ болуп учушат,
Бул кайсы канаттуу?..... (көгүчкөн)
3. Жер жүзүндө мындан чоң жашылча жок. Анын формасы ар түрдүүчө болот, тегерек, сүйрү, көлөмү да ар башка чоң же кичине. Бул тамак-ашка кеңири колдонулат, айрыкча мантыга көп кошулат, уругу дары катары эсептелинет, жыты билинбейт, бирок даамы жакшы, жерге сойлоп өсөт. (ашкабак).

Көрүүчүлөр менен ойнолот.

Суроо: Биринчиси - башкача аты куштун,
Экинчиси -- эл байлыгы ырыскың. (тар-мал)

Үчүнчү үч оюнчуга берилүүчү суроолор :

1. Бийиктиги 4-5 м. келген жыш бутактуу, тикенектүү бадал. Жаш сабактары алгач күмүш түстө болот. Мөмөсү шар сымал жалтырап, кичинекей томолок болот. Бул өсүмдүк суу боюнда, токойлордо, шагылдарда өсөт. Аны кеч күздө же кышында суук түшкөндө жыйнайт, мөмөлөрү витаминге бай, дарылык касиетке ээ. Мындан эң жакшы варенье жасалат. (Чычыркаңак).
2. Бул жаныбар Кыргызстандын бардык токойлорунда жашайт. Мунун териси өтө баалуу. Бул жаныбар негизинен тобурчак, козу карындар, бадалдын мөмөлөрү менен тамактанышат. Бул жаныбардын бутактан-бутакка секиргени өзүнчө эле бир укмуш. Жүнү кооз, жумшак, татынакай. Көпчүлүк убакта парктарда жашайт, адамдарды көргөндө көздөрүн бакырайтып, куйруктарын тик көтөрүп туруп калат. (тыйын чычкан).
3. Азыркы мен айтайын деген жаныбар курт-кумурскаларга кирет. Бул гүлдөрдөн гүлдөргө, жемиш бактарга конуп алардын ширеси менен тамактанат. Чогулткан ширесин челектерге куят, андан биз эң таттуу тамакты алабыз, дары катары да көп пайдаланабыз. Зыңылдаган үн

чыгарат. Чагып алса аябай оорутат. Учат, кичинекей канаты бар. (бал аары).

Тарбиячы: Мына ошентип бүгүнкү оюнубуз да аяктап калды, силерге жактыбы, кана эмесе ким канча упай топтоду экен, санап көрөлү, упайдын санына жараша оюнчуктар таратылат.

*Жыйырманчы сабак .*

Тема: «Үкү».

Максаты: Балдарды жаратылыштагы айрым сейрек учуроочу уламыштар менен тааныштыруу, анын маанисине терең түшүнө билүүгө үйрөтүү менен элдик чыгармалар менен кеңири тааныштыруу, балдарды айтылган жомоктун мазмунун кайталап айтып берүүгө көнүктүрүү менен жаратылышта болуп туруучу кубулуштар жөнүндө баяндама берүү.

Методикалык ыкмасы: Ишенимдүү аңгемелешүү, сүроттор менен иштөө, ангемени көркөм айтып берүү, суроо-жооп, анализ.

Сабактын жүрүшү: Балдар азыр кыш мезгилинин акыркы айы, кичине күн жылыйын деп, кар азайып, күн узарып келе жатат. Силер баягыдай көп үшүбөй калдыңар. Азыр мен силерге элдик уламыштардан айтып берейин, Уламыш — деген сөз бул кандайдыр бир окуянын же кимдир бирөөгө тийиштүү белгилери боюнча айтылган жомок же аңгеме болот, ал илгертеден оозеки айтылып келген. М: Чабалекейдин куйругу эмне үчүн ачакей? Төө эмне үчүн эки жагын каранат?

Нан кантип пайда болгон? ж.б. Мына бүгүн мен силерге үкү жөнүндөгү уламыштан айтып берейин.

Сүроттор менен иштөө. Уламышта айтылган канаттуу куштардын сүрөтүн көргөзүү менен балдарга суроо-жооп иретинде тааныштыруу ишин жүргүзөм.

М: Үкү, сагызган, бүркүт, таз жору ж.б. Андан соң Д.Сулаймановдун «Эмне үчүн үкү түнкүсүн учуп калган?» - деген уламышты көркөмдөп айтып берет, сөздү дагы бир сыйра сүрөттөр коштойт.

-Илгери көп кылымдар мурда ой-тоодо жашаган куштар өзүлөрүнүн жашаган жерине чогулушуп жыйналыш курушат. Анда өздөрү жашаган жерден башка суусу мол, чөбү көп жерди

излеп табууну чечишет. Бүркүт куштарга кайрылып: -Андай жерди табууга кимди жиберебиз? — дейт.
Жыйналышка келгендер чурулдашат:
-Учкул эмеспи ылаачын барсын!
-Сак эмеспи, сагызган барсын!
-Алп эмеспи таз жору барсын!
Бирок булар жараган жок. Акыры тырмактуу десе тырмактуу, тумшуктуу десе тумшуктуу, күчтүү десе күчтүү дешип үкүнү жибермек болушту. Үкүнү үч ай бою жакшылап багышты, анан жолго салышты. Ал тоо-талааны кыдырып, ашуу бел ашып учуп жүрүп, бир айдан кийин кайра келип көпчүлүккө жашырып айтпай койду. Куштар чогулуп үкүгө тынчы коюшту, бир күнү үкү атасына келип мындай деди : -Эң сонун жер Ала-Тоо экен, ал жердин жайы — салкын, кышы мээлүүп. Бирөөлөргө сөз чыгарба, ал жакка өзүбүз кетебиз!

Бирок булардын сөзүн тынчы чымчык угуп коёт да башкаларга айтып барат, куштар чогулуп келишип, куштун төрөсү бүркүттүн буйругу менен үкүнү аябай сабашты. Үкү жан соогалап караңгы жерге кире качты. Мына ушул окуядан кийин ал калпычы аталып, күндүз канаттуулардан уялып түнкүсүн ууга чыгат — дейт. (Китеп «Балаты». Фрунзе, Мектеп — 1989 ж.)
Тарбиячы: Көрдүңөрбү балдар, калп айткан жакшы бекен? Үкү эмне кылыптыр, каякка жумшады эле, кимдер сабады? ж.б. суроолор менен сабак жыйынтыкталат.

*Жыйырма биринчи сабак.*

Тема : Дидактикалык оюн : «Ким көп билет?».
Сабактын максаты: Балдар өтүлгөн темаларды кайталоо максатында мурунку үйрөнүшкөн жаратылыш жөнүндөгү макал-ылакаптарын, табышмактарды, жаңылмачтарды, көркөм ырларды жатка айтууга, сүйлөмдү толук сүйлөөгө, тапкычтыкка үйрөтүү, эске тутуу жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу менен өтүлгөн же үйрөтүлгөн материалдарды эсине салуу.
Сабактын жабдылышы: Ар кайсы китептерден чогултулган макал-ылакаптар , сүрөттөр, баракчалар.

Сабактын жүрүшү : Тарбиячы: Балдар бүгүн биз сабагыбызды мелдеш түрүндө өтөлү, силер буга чейин көп нерселерди үйрөндүңөр, унутуп калган жоксуңарбы, билгендерибизди эске салуу үчүн оюн түрүндө сабак өтөлү, кана эмесе балдар столдун бир тарабына, кыздар экинчи тарапка отурабыз.

Кыздардын командасы «Жоогазын» болсун, балдардыкы «Көгүчкөн» болсун.

1. Макал-ылакап айтышуу.

Эки тарапка тең багыт берүү максатында төмөндөгү макал-ылакаптардан эсине салам.

-Гүл өссө жердин көркү, кыз өссө үйдүн көркү.
-Аттын көркү жалында, кыздын көркү чачында.
-Аарынын уюгуна тийбе.
-Карга карганын көзүн чокубайт.
-Бир тоокко да жем керек. ж.б.

2. Табышмак айтышуу.

Боорунда төрт упчусу,
Мезгилдеп агат ак суусу. (уйдун желини)

Түндө бар, күндүз жок,
Асманда бар, жерде жок. (жылдыз)

Ийри-буйру чубалып,
Боору менен сойлогон.
Коркунучтуу аты бар,
Ал эмне ойлогун. (жылан)

Сааганга сүтү бар,
Мингенге күчү бар. (бээ)

Ийнеси жок, жиби жок,
Тереземи саймалайт. (аяз)

Учуп жүрөт зыңылдап,

Үйдү, тышты бүт булгап.
Кыш түшкөндө көрүнбөйт,
Мурдагыдай ыр ырдап. (чымын)

3. Жаңылмач айтуу :

Тарбиячы жай окуп же айтып берет. Эки команда кезектешип кайталайт.

Көзү бүтүк, үч күчүк үшүп,
Үч күчүк үшүп, үнү бүтүп.

Алаар менен шыралга,
Жөнөп кеттик шыр алга.

Көп караба,
Көп караба алайып,
Ал одоно, ал айып.

Өчүрбөсүн шамал,
Чүмбөттүү шам ал.

4. Көңүлдүү баракчалар менен иштөө: Үй жана жапайы жаныбарлардын, канаттуу куштардын ар кандай тартылган издери же буттары же коляска ичинен көрүнгөн кулактары ж.б. Тарбиячы кезеги менен сүрөттөрдү көргөзүп туруп, сүрөткө жараша суроолор берилет. М: Канча уйдун буту көрүнүп турат же канча коёндун кулагы тартылган, канча тооктун изи калган? ж.б.

Ар бир тапшырма аткарылган сайын эки командага жылдызча берилип турат, оюндун аягында жылдызчалар саналат, кайсы командада жылдызча көп болсо, ошол комнда уткан болот.

**Март.** *Жыйырма экинчи сабак.*

Тема: Кыргыз эл жомогу «Топулуу торгой» Драмалаштырылган оюн.

Максаты: Балдар менен өз алдынча чакан ролдорду аткарууга конуктүрүү менен аларды ынтымактуулукка үйрөтүү, соз байлыгын көбөйтүү менен эске тутуу жөндөмдүүлүгүн тарбиялоо. Айлана-чөйрөгө, жаратылышка болгон көз карашын байытуу.

Сабактын жабдылышы: Боз үйдүн сырты, бир кыз, жүн ыткан кемпир, бир бала, бай, жылкычы, топулуу торгой, музоо, эчки, чычкан, карышкырдын атрибуттары, кийим – кечеси, бир чака суу, жүн, камчы, вентилятор, эрмен же куурай.

Сабактын жүрүшү: Тарбиячы балдар менен ишенимдүү аңгемелешүүнү жүргүзө баштайт. Балдар бүгүн биз силер менен артисттин ролун аткарып, Рабаяттагыдай жомок коёбуз. Жакшылап уккулачы, бул кайсы жомок эле: «Шамал-шамал, кемпирдин жүнүн учурчу, мага тил албай жатат».

Балдардын жообу: Топулуу торгой. Азаматсыңар, анда эмесе бүгүн биз ушул жомокту оюн-сценка кылып көргөзөбүз, кана кимиңер кайсы ролду аласыңар?

(Балдардын каалоосу менен ролдор бөлүштүрүлүп, кийимдери атрибуттары кийилет).

Алып баруучу: (Тарбиячы). Илгери-илгери бир Топулуу торгой болгон экен. Ал учуп баратып капысынан топусу жерге түшүп кетет. (Маска кийген «бала — торгой» канат сермеп учуп келет).

Торгой: -Ой, топум түшүп кетти, куурай топумду алып берип койчу!

Куурай: -Сенин топуң эмес, өзүмдү араң көтөрүп турам — деп ыргалып коёт.

Торгой: -Анда сени жеп ал, - деп эчкиге айтам.

Алып баруучу : Торгой учуп баратып эчкиге жолугат.

Торгой: -Эчки эже, тигил жактагы куурайды жечи, тил албай жатат.

Эки: Эрмен жемек тургай, өзүм араң турам , жебеймин.

Торгой: -Анда сени карышкырга айтам, жарып салсын!

Алып баруучу : Торгой учуп баратып, учуп баратып карышкырга жолугат.

Торгой: Саламатсызбы, карышкыр аке, тигил жакта эчки турат, жеп салчы!

Карышкыр: -Түндө байдын коюн жегем, курсагым ток, жебеймин!

Торгой: -Анда сени жылкычыга айтып жыга чаптырып салайын!

Алып баруучу : Торгой учуп отуруп жылкычыга жолугат.

Торгой: Жылкычы, жылкычы карышкыр жылкынды жеген турат, карышкырды өлтүрчү.

Жылкычы: -Барганга убактым жок, колум бошобой жатат.

Алып баруучу: Ошентип торгой улам бирине жолуга берет. (Бай курсагымды көтөрүп баса албай жатам — дейт, чычкан ийин казып, бошобой жатам — дейт, бала чүкөмдү уттуруп ийдим дейт, кемпир жүнүм тытылбай жатат — дейт .

Торгой: Андай болсо шамалга айтып жүнүңдү учурамын дейт.

Алып баруучу: Торгой учуп отуруп шамалга жолугат.

Торгой: Шамал-шамал, кемпирдин жүнүн учурчу, мага тил албай жатат.

Шамал (куюн): Ырас болду, азыр колум бош эригип жаттым эле, учурса учурайын! (Вентилятор иштей баштайт, чогулган жүн учуп кирет).

Алып баруучу : Шамал жүндү учурат. Кемпир баласын урат, бала жини келип чычкандын ийинине суу куят, чычкан байдын курсагын тытмалайт, бай камчысы менен жылкычысын сабайт, жылкычы карышкырды кубалайт, карышкыр эчкини кубалайт, эчки коркуп кетип эрменге жашынат, корккон эрмен торгойдун топусун алып берет. Торгой топусун шып кие калып, алыстап учуп кетет.

(Алып баруучу жогорулагы тексти жай окуп же айтып жатканда балдар кыймыл-аракети менен жомоктогу мазмунду пантомимо менен көргөзүп турушат).

Жомок аяктайт, аткаруучулар тааныштырылып, балдар менен суроо-жооп ирстинде жомоктун мааниси жөнүндө анализ жүрөт.

Тарбиячы : Көрдүнөрбү балдар жалкоо болбой, ынтымактуу, тил алчаак, боорукер болуу керек — деп сабак жыйынтыкталат.

*Жыйырма үчүнчү сабак.*

Тема: Табият биздин үйүбүз.

Максаты: Балдарга бизди курчап турган табият жөнүндө түшүнүк берүү жана алган билимин бышыктоо. Жаратылышта болуп турган табигый өзгөрүүлөрдү айтып түшүндүрүү менен жан-жаныбарлар жөнүндө ырлардан көркөм окуу, табышмактарды айттыруу, канаттуулар үчүн уя жасоо.

Сабактын жабдылышы: Сүрөттөр, ырлар, табышмактар, пласстилин, кленка.
Сабактын жүрүшү:

1. Ишенимдүү сүйлөшүү. Балдар азыркы мезгил жаз мезгили, карлар эрип, күн жылып, айлананын баары көркκө келе баштады, бак дарактар көгөрөйүн деп калды. Чөптөр жашылданып, байчечекейлер гүлдөп калды. Жылуу жакка учуп кеткен келгин куштар кайрадан учуп келе баштады: кара чыйырчык, чабалекей ж.б.

Бизди курчап турган нерселер, жаратылышта болуп жаткан өзгөрүүлөрдүн бардыгы табияттын сыйкырдуу күчү делет. Буларды биз көздүн карегиндей сактап, аяр мамиле жасашыбыз керек. М: Күн катуу жаап басылгандан кийин бүрүшүп калган жалбырактар, гүлдөр ачылат, айлана жашылга бөлөнүп, асманда күндүн кулагы пайда болот, ал сары, кызыл, жашыл түстө болуп, кооз көрүнөт. (Сүрөтүн көргөзүп, ага анализ берилет).

Жаратылышта жашоосун өткөзүп жаткан жан-жаныбарлардын, курт-кумурска, канаттуулардын бардыгы табиятты сулуулап, толуктап турат, ошондуктан биз аларды сүйө билишибиз керек.

Азыр мен силерге Т.Самудүнов агайыңардын «Кимдер кайда укташат?» деген ырын окуп беремин, жакшылап угуп тургула.

-Мамалактар кайда укташат,
Токойдогу чээнинде.
-Каз-өрдөктүн балдарычы?
Көк ирим суу жээгинде.
-Кичинекей кенгурулар
Чөнтөктөрдө укташат.
-Пил балдары үргүлөшүп,
Бир-бирине ыкташат.
-Жарганаттын балдары уктайт,
Жар бооруна асылып.
-Көпөлөктөр көнүп калган,
Жалбыракка жашынып.
-Кыр-кыр этет бала мышык
Жумшак жаздык үстүндө.

-Чычкандардын балдары уктайт.
Капкараңгы түпкүрдө.
Ойноймун деп сен алардын
Уйкуларын бузбагын.
Кана бөпөм бүттү жомок,
Эми сен да уктагын.

Физминутка: Балдар чарчап кеттиңер окшойт, баарыңар ордуңардан акырын туруп, ушул ырды мен кайталап окуп турам, ыр ким жөнүндө айтылса, ошонун кыймыл-аракстин туурап көргөзүп бергилечи, кана эмесе кеттик. (Ыр көркөм, жай окулат, балдар пантомимо менен кыймыл-аракетти туурайт).

-Эми балдар жай отуруп, алдыңардагы пласстилинден азыр эле окулган ырдын каармандарына уя жасагылачы, пилдин, чычкандын, көпөлөктүн, каз-өрдөктүн уяларын көлөмүнө жараша жасап баштайбыз, ар ким өзү каалаганындай жасап киришет, тарбиячы көргөзмө берип турат, оюнчук же кесилген сүрөттөрдөн коюп коёт, көлөмүнө жараша болсун —деп. Балдарга убакыт берүү менен сабак жыйынтыкталат

*Жыйырма төртүнчү сабак.*

Тема: «Нооруз» - жаңы жыл майрамы.

Максаты: Балдарга кыргыз элинин улуттук майрамы жөнүндө кеңири түшүнүк берүү. Нооруз — деген сөздүн маанисин түшүндүрүү менен ал кандайча майрамдалаары жөнүндө кеңири баяндама берүү, алардын сезиминде бул майрамды салтанаттуу белгилөө керектигин айтып берүү менен адептүүлүккө, ыймандуулукка тарбиялоо.

Сабактын жүрүшү: Тарбиячы : Балдар Нооруз — деген майрам кыргыз элинин улуттук майрамы. Нооруз — деген сөз Нав-жаңы, руз-күн , Навруз — жаңы күн келди деген , же болбосо жаңы жыл жаңырды дегенди түшүндүрөт. Кыргыз эли жазында төрт түлүк малын жайлоого көчүрүп, дыйканчылык башталып, эгин айдалып , күн менен түн теңелген мезгилди «куттуу жаңы жылдын жаңы күнү» деп атап 21-март күнү өткөрүлгөн. Бул күндү мен кыргызмын дегендин баары кары-жашына карабай чыдамсыздык менен күткөн, алар жаңы жылга карата жаңы

кийимдерди даярдашкан. Боз үйлөр тигилип, тал-теректер буталып, короо жайлар тазаланып , ар бир адам колунда болгон эң даамдуу, сыйлуу тамак-ашын Ноорузга арнап даярдаган. Бул майрамга даярдалган тамактардын ичинен өтө сыйлуусу сүмөлөк менен көжө болгон. Сүмөлөк менен көжө ар кайсы тамактын башын кошуп бир казанга чогуу бышырылган ширелүү .боткону айтат. Нооруз күнүндө элдер бир-бирине болгон таарынычын унутушуп, кечирим сурашкан. Бул майрамда элдер бири-бирин куттукташып, үйлөрүнө чакырып конок кылышып, ак-тилектерин айтышкан. Арча менен үйлөрүн, короо-жайларын аласташкан. Нооруз накта элдик майрам болгондуктан, майрам улуттук оюн-зоок : ат чабыш, жорго салыш, кыз куумай, күрөш, тыйын эңмей ж.б. оюндар өткөрүлгөн, түнкүсүн таң атканча ыр-бий уюштурулуп, селкинчек тебишкен, ар кандай оюн-зооктор өтүлгөн.

-Кана балдар, бизге дагы бул майрам чукулдап келе жатат, биз дагы майрамга даярдык көрөлү, кандай ырларды, бийлерди билесиңер, келгиле ырдап көрөлү. (Балдардын билген ырлары ырдалат).

Азыр оюн ойноп алалы, биз буга чейин көп улуттук оюндарды үйрөнгөнбүз, кайсы оюндарды билебиз? (Балдардын жообу). Туура : кол күрөш, күрөш , жоолук таштамай, көз таңмай, чака чапмай, аркан тартышмай ж.б. Анда эмесе ошол оюндардан ойноп келели-деп балдарды ээн жерге алып барып оюн ойнотуу менен сабак жыйынтыкталат.

*Жыйырма бешинчи сабак.*

Тема: Ар нерсенин өз аты бар .

Максаты: Балдарды үй-жаныбарларынын жаш өзгөчөлүгүнө жараша ар түрдүүчө аталаары жөнүндө кеңири түшүнүк берүү менен, алардын күнүгө көрүп жүргөн мал-жандыктарын жакшылап ажырата билүүгө үйрөтүү. Кыргыздын байлыгы болгон короодо багылган жаныбарлары — төө, жылкы, уй, кой, эчки жөнүндө кеңири тааныштырып, алардын пайдасы жөнүндө айтып берүү менен жан-жаныбарларга болгон сүйүүсүн арттыруу.

Сабактын жабдылышы : сүрөттөр, оюнчуктар.

Методикалык ыкмасы: аңгемелешүү, сүрөттөр менен иштөө.
Дидактикалык оюндар: Эмне өзгөрдү? Кимдин үнү? Сөз улоо же уйкашын өзүң тапкын?

Сабактын жүрүшү: 1.Ишенимдүү аңгемелешүү.

Тарбиячы: Балдар, кимиңердин үйүңөрдө кой, эчки, жылкы, уй бар? Үйүндө барлар кол көтөргүлөчү, жоктор кол көтөргүлө. Азыр балдар силер сыяктуу эле ушул короодо жашаган жаныбарлардын баарынын баласы бар, алардын да силердикиндей аттары бар.

2. Сүрөт менен иштөө. Азыр мен силерге үй жаныбарларынын бирден сүрөтүн көргөзөм, силер билген аттарын атайсыңар, билбей калсаңар мен айтып берем, көңүлдөнүп угуп тургула.

(Бирден балдары менен тартылган үй жандыктарын көргөзө баштайм, балдар билгенин атайт, билбесе мен айтам).

Төөнүкү-тайлак, жылкыныкы-кулун, уйдуку — музоо, койдуку — козу, эчкиники-улак. Азаматсыңар, силер көпчүлүгүн билет экенсиңер, эми мен силерге ушулардын жаз өзгөчөлүгү боюнча бөлүнүшү же аталышын айтып берейин. М: Силерди 6 жашка чейин бала, андан кийин жаш бала, андан кийин өспүрүм, анан-жигит же бойго жеткен кыз, анан киши дешет, ошол сыяктуу үй жаныбарлары да жашына жараша бөлүнүп айтылат.

1. Жылкыны жашына жараша бөлүү кулун, жабагы же тай, кунан, бышты.
2. Уйдун жашына жараша бөлүү — музоо, торпок, ноопас, кунаажын, уй же өгүз .
3. Койдун жашына жараша бөлүү козу, токту же борук, кой.
4. Эчкини жашына жараша бөлүү — улак, чебич, серке, теке, эчки.
5. Төөнү жашына жараша бөлүү - тайлак, бото, инген, каймал, нар, буура.

3. Көңүлдүү баракчалар менен иштөө : Эмне өзгөрдү ?

-Балдарга жаз мезгили же күз мезгили чагылдырылган жайлоодогу адашкан сүрөттөр.

М: уйду ээрчип кой жүрөт, жылкыны ээрчип музоо жүрөт ж.б. Сүрөттү доскага бир-эки минут илип көргөзүп туруп «Эмне өзгөргөн?» - деген суроо менен балдардын көрүү, эске тутуу жөндөмдүүлүгү менен иштөө.

4.Үн менен иштөө. Оюнчуктардан колуна кармап туруп, балдарга көргөзбөстөн үнүн чыгарат, кайсы жаныбардын үнү же кимдин үнү? — деген суроо берилет. М: мөө-мөө -уйдуку, бээ-бэ-э -улактыкы, маа-маа -козунуку ж.б.

5.Уйкаш маанидеги ыр окулат, аягын балдар өзү улайт.

М: Ойноймун деп кылбай буй,
Оолак жүр, сүзүп коёт ..... (уй) .

Жайытта куунап куруп той,
Жайылып жүрдү бир топ.....(кой)

Туулгандан жүром жөө,
Деп баспай койду ..... (төө)

Эгер балдар сөздүн уйкашын табуудан кыйналса оюнчуктардан же сүрөттөрүн көргөзүү менен сабак жыйынтыкталат.

**Апрель айы .** *Жыйырма алтынчы сабак.*

Тема: Сөз менен иштоо . «Бөжөк менен тааныштыруу» .

Максаты: Балдардын сөз байлыгын өстүрүү, жаңы сөздөрдүн маанисин түшүндүрүү. М: токой, токойчо, токойчу — деген сөздөрдүн айырмачылыгын түшүндүрүү менен сөздү көркөмдөп сүйлөй билүүгө тарбиялоо.

Сабактын жабдылышы: Колдо багылган тирүү бөжөк.

Сабактын жүрүшү : Тарбиячы : Балдар, азыр мен силерге бир эң сонун жаныбар көрсөтөйүн, тааныгылачы, ал адамдар менен да, токойдо да, талаада да жашаган жандык. Токой-деген кандай болчу эле? (Балдардын жообу) . Токой — деген карагай, кайың, бак-дарактар, мөмө-жемиштер, бадалдар жыш жайгашкан жерди токой дейт, ал эми айтылган бак-дарактар сейрек болсо аны «токойчо» - дейт, ошол токойду азыркы мезгилдегидей отун кылып сындырып — талкалап жаткандардан сакташ үчүн кайтарган адамдарды «токойчу» - дейт. Азыр балдар ошол токойдон кармап келген бөжөктү карагылачы,

мага жакын келип ар бириң кармап көргүлөчү, жүнү кандай экен — жумшак, үлпүлдөк, көзү чоң, алаң көз, кулагы узун, шалпаң кулак, буттары узун, ичке, жөн турбай секирип турат экен ээ балдар. Коендун кичинекей баласын --бөжөк деп айтабыз. Балдар эркелетип көргүлөчү. М: апаңар силерди кантип эркелетет... (Балдардын жообу).

Туура, бөжөктү да апасы «кичинекейим, бөжөктайым» деп эркелетет болуш керек.

Балдар, бөжөк кайсы тамакты жакшы корчү эле, ким билет? (Сабизди, капустаны, бедени). Алдын- ала майдалап туурап, даярдап койгон боюнча бөжөктүн астына табакка салып берип, жеп жатканына байкоо жүргүзөт).

Балдар чарчап кеттиңер окшойт, келгиле коёндун кыймыл-аракетин туурап көрөлүчү : коён секирет, коён кантип тамак жейт, кантип суу ичет ж.б.

2.Сабактын жыйынтыктоочу бөлүгүндө балдар менен кыскача бөжөк жөнүндө сүйлөм түзүүнү сунуштаймын, ага «токой, токойчу» деген сөздөрдү катыштыргыла — деп тапшырма берилет, балдар кыйналса өзүм мисал келтирем.

М: Мен досторум менен токойдон коён көрдүм. Менин таякем токойчу болуп иштейт, ал мага кичинекей бөжөк таап келди. Балдар тарбиячынын багытын андан-ары улантуу менен сабак аяктайт.

*Жыйырма жетинчи сабак.*

Тема: Мал канча жашайт. Аңгеме айтып берүү.

Максаты: Өтүлгөн теманы бышыктоо максатында үй жаныбарлары тууралуу дагы тереңирээк баяндама берүү, үй жаныбарлары канча жыл жашай тургандыгын түшүндүрүү менен элибиздин илгерки улукман же акылман адамдардын сөздөрү менен тааныштыруу, айтылган сөздүн маанисин чечмелөө аркылуу элибиздин улуттук чыгармалары менен тааныштыруу.

Методикалык ыкмалары: Эркин аңгемелешүү, күтүлбөгөн адамдарды (сюрприз) киргизүү, көркөм ыр окуу.

Сабактын жүрүшү: Тарбиячы : Балдар бүгүн бизге конокко бир чоң ата келе жатыптыр, конок келген жакшыбы же жаманбы? (Жаман-жакшы оюну).

(Эшик чертилип, сакал-мурут тагынган жардамчы тарбиячы — абышка кирет).

-Атсалоом, алейкум балдар, амансыңарбы, эжеңер чакырганынан эле келип калдым, кана менден эмне билгиңер келет?

Тарбиячы: Чоң ата, келиңиз төргө отуруңуз, биздин балдар сизден көп нерсени уксак — дейт, кана эмесе эмне айтып бересиз?

-Аа, балдар, мен да илгери чоң атаман уккандарымды айтып берейин, жакшылап угуп тургула, чоң атам минтип айтчу эле, бул төрт түлүк малдын да колдоочусу болот, алар да көп жылдап жашайт дечү эле.

Төрт түлүк мал дегенге: төө, жылкы, уй, кой, эчки кирет, балдарым. Ата-бабалардын айтуусуна караганда булардын колдоочулары болгон, аны мындайча айтышкан:

Ойсул ата — жаныбар,
Жандан артык кереги.
Ала бата, ак тикен,
Тилин сайбай жегени.
«Чөк» дегенде «Бөк» болгон
Ойсул Ата-төө дегени.

Ийри моюн шылк кулак,
Үстүнө жүгү турбаган.
Шаландап койсо жаныбар,
Өкүрүп, моңкүп туйлаган.
Зеңги Баба (Уй).

Шыбыр Ата — жаныбар,
«Башта» десе баштаган.
Кой кайтарган балдарды,
Кокуйлатып таштаган. (Шыбыр Ата-эчки)

Желден бүткөн жаныбар,

Жылкы малдын асылы.
Күлүк чыкса кокустан,
Саяпкердин насиби..
Камбар — Ата. (Жылкы).

Чолпон Ата жаныбар,
Жандан артык кереги.
Керте тиштеп жегени.
Жүнү менен кыргыздын,
Үйүн бүтөп бергени.
Чолпон Ата (Кой).

Көрдүнөрбү балдар, биздин колдоочубуз Кыдыр Ата сыяктуу жаныбарлардын да колдоочусу болот экен. Колдоочу — деген сөз ар нерсени кырсыктан сактоочуну айтат, ошол үчүн адамдар алыска чыгаарда Кыдыр Ата колдосун деп бата беришет. Эми балдар жаратылышта жашаган жаныбарлар деле биз сыяктуу эле жашка жашашат экен.

М: Уй — 39 жашка чейин жашайт экен, 20 жашына чейин сүт берип, тукумдай турган убагы, андан кийин карып калат.

Жылкы — 45 жашка чейин жашайт, 8 жаштан 25 жашка чейин күчү толуп турган убагы.

Кой, эчки — 12 жыл жашайт, 2 жаштан 8 жашка чейин эт, төл, жүн берип турган убагы болот. Кордүнөрбү балдарым мал жаныбарлардын өздөрүнө тиешелүү жашы болот. Түшүндүнөрбү менин жомогума, кана балдар эң көп же эң аз кимиси жашайт экен? (Балдардын жообу).

Тарбиячы : Балдар эң көп жылкы, ал эми эң аз кой, эчки жашайт экен ээ!

Чоң ата : Азыр балдар, мен ушул айтылган жаныбарлардын кыймылын коргөзөм, силер тапкылачы ким экенин. (Кыймыл менен таппай калса үнүн туурайт, балдар кошо туурашат). Оюн «Пантомимо» менен сабак жыйынтыкталат.

*Жыйырма ссгизинчи сабак .*

Тема: Экскурсия сабак. Мөмөлүү бак-дарактар.

Максаты: Балдарга табият тартуулаган жаратылыштын көөздүгүн, сулуулугун, байлыгын түшүндүрүү менен бак-дарактардан мөмөлүү бак-даракты айырмалай билүүгө, алардын турмушта кандай пайдасы бар экендиги тууралуу айтып берүү менен бала бакчанын айланасындагы мөмө жемиш бактарынын аттары менен таанышытыруу.

Методикалык ыкмасы: Бала бакчанын айланасында өсүп жаткан мөмө жемиш бактарына кыска саякат жүргүзүү, андан кийин бакчада жок мөмө жемиштерди сүрөт аркылуу иштөө, суроо-жооп жана кыскача баяндама.

Сабактын жүрүшү: Балдар бала бакчанын айланасындагы бак-дарактардын арасында турат. Тарбиячы: Балдар азыр биз бала бакчанын айланасындагы бак-дарактарга дагы бир жолу көңүлүбүздү бурабыз. Силер бул бакчанын ичинде күнүгө эле ойноп жүрөсүңөр. Бактардын аталыштарын да жакшы билесиңер, азыр мага ушул бак дарактардын ичинен мөмөлүү бак дарактарды таап бергилечи, «мөмөлүү» деген бул бактын өзүндө өсүп чоңойгон жегиликтүү жер жемиштер болуп саналат. М: карагат, малина, алма, өрүк ж.б. Кана эмесе, кеттик. Чуркап жөнөйбүз . Ким биринчи мөмө багын тапса атын атап кыйкырат. Баарыбыз ар кай жакка чачылып издеп жөнөйбүз.

Оюн: «Жашынмак». Мөмө жемишти тапкан балдар ошонун далдоосуна жашынып калат, тарбиячы калган балдар менен издеп табат. Оюн бүткөн соң жалпы балдар группага келишет, ким кайсы мөмө жемишти тапкандарын айтып беришет. (Балдардын жообуна алымча-кошумча жетектөөчү суроолор берилип турат).

М: Ким туура тапты?, ким туура эмес жашынды? ж.б. Андан соң бала бакчада кайсы мөмө жемиштер өсөөрү тууралуу аңгемелешүү жүрөт. М: Бала бакчанын айланасында көп жылдык малина, карагат, абрикос, четиндин ашы, өрүк өсөт — деп түшүндүрөм. Мындан сырткары балдар биздин Нарын өрөөнүндө алма бак, чычырканак, ит мурун, бөрү карагаттар өсөт. (Сүрөттөрүн көргөзөм).

Мөмөлүү бак дарактардын мөмөсү бышып жетилген кезде терип алып варенье жасап коюп, кыштын күнү чайга салып ичебиз, вареньенин дарылык касиети да абдан жакшы. Азыр мен силерге

бир жаман балдар жөнүндө аңгеме айтып берейин, жакшылап угуп тургула.

-Илгери бир акылман карыя булактуу ээн талаада жашап жүрүп, алма бактын жаш көчөтүн таап келип отургузат. Күнүгө сугарат, түбүн жумшартат, бак бат эле дүркүрөп өсүп чыгат. Бир күнү бир жалкоо бала карыяга келип оройдойт. Сиздин эмне башка жумушуңуз жокпу? Эмне эле мунун түбүндө темселеп, убара тартып жүрөсүз? Карыя сабырдуулук менен жооп айтат : Аа балам, ар бир адамдын милдети болот, көзү өткөн соң артында бак калат, баланчанын багы — деп аты өчпөйт, мөмөсүн жеген адам ырахматын айтышат. Көп жыл өткөн соң бул жерде аябагандай шагы ийилген алма бак түшүмүн бере баштайт. Баягы тентек бала чоңоюп , эс акыл кирип калган болот. Бир күнү машинасы менен келип токтосо, шагы ийилген алманы көрөт, жеп көрүп таттуулугуна, ширелүүлүгүнө ыраазы болот, ошондо баягы карыянын сөзү эсине түшөт, ырахматын айтып кечирим сурагысы келет, бирок ал абышканын көзү өтүп кеткен болот, ошондо бала туура эмес сүйлөгөнүн түшүнөт.

Көрдүңөрбү балдар, азыр деле тентек, акылы жок балдар бак дарактарды сындырып, бала бакчанын айланасындагы гүлдөрдү үзүп ыргытышып жатышат, бул такыр туура эмес, силер андай болбогула -- деп сабагымды жыйынтыктаймын.

*Жыйырма тогузунчу сабак.*

Тема: Көркөм ыр окуу. Билбестиктин билгени. М.Жангазиев.

Максаты: Балдарга көркөм ыр окуу менен алардын табиятка болгон түшүнүгүн кеңейтүү, тамаша ыр аркылуу балдарга билим берүү, ар нерсенин өз орду бар экендиги тууралуу түшүндүрүү менен, алардын ой-жүгүртүүсүн, элестөөсүн калыптандыруу.

Сабактын жабдылышы: Китеп «Балаты» Мектеп —87 ж. 28-бет, көңүлдүү баракчалар, же болбосо адашып тартылган сүрөттөр.

Сабактын жүрүшү: Тарбиячы: Балдар, азыр мен силерге жазуучу М.Жангазиев атаңардын силер үчүн жазган

«Билбестиктик билгени» деген ырын, көркөм окуп берейин., сөздүн маанисин жакшылап угуп түшүнүп тургула.

Даяр тамак, даяр чай,
Билбестиктин жегени.
Бир топ суроо сурасам,
Күлүп мындай дегени:

-Кант кар менен түшөт, - дейт,
Көйнөк өзү бүтөт — дейт.
Вагону көп паровоз,
Көл, деңизде сүзөт - дейт.

Анделекти бышырса,
Алма болуп калат — дейт.
Дарбыз менен коонду,
Жерден казып алат — дейт.

Бак башына капуста,
Кат-кат болуп өсөт — дейт
Асмандагы алтын күн,
Кеч киргенде өчөт — дейт.
Уй, кой, эчки заводдон,
Мөөрөп, маарап чыгат — дейт.
Ширеңкени, чыракты,
Күйгөн оттон кылат — дейт .

Ушул экен досторум,
Билбестиктин билгени.
Абдан эле уят го,
Али билбей жүргөнү.

Ыр бир сыйра көркөм окулуп бүткөндөн кийин, кайра бир сыйра ырдын ар бир сабын талкуулоо менен экинчи сыйра окулат. Үчүнчү жолу ырдын мааниси боюнча тартылган көңүлдүү баракчаларды доскага илүү менен кайсы жери туура эмес тартылгандыгы тууралуу анализ беребиз. Балдарга суроо-жооп иретинде алма, алмурут кайда өсөт? Дарбыз, коон кайда өсөт? Помидор, бадыраң кайда өсөт? — деген суроолор менен

балдардын кругозорун кеңейтем. Жакшы түшүнө албаса даяр тартылган сүрөттөрдү көргөзүү менен түшүндүрүү иштерин жүргүзөм.

ТРИЗ жана РТВ элементтери боюнча ар бир жер-жемиштин жытын искөө, даамын татуу, жеп көрүү манералары менен кыялдануу, элестетүү жолу «Ах, ширин экен! Ах, жыттуу экен! –– деген дидактикалык оюн менен сабак жыйынтыкталат.

**Май айы** .*Отузунчу сабак.*

Тема: Сыйкырлуу жаратылыш. Жаратылыш сабагы ИЗО сабагы менен комплекстүү .

Максаты: Балдарды жаратылыштын ар түркүн экендиги, анын калдыктарынан кооз буюм-теримдерди жасаса боло тургандыгы тууралуу кеңири түшүнүк берүү менен балдарды жаратылыш материалдарын пайдалана билүүгө көнүктүрүү, алардын кол өнөрчүлүгүн арттыруу менен чеберчиликке, устачылыкка үйрөтүү.

Сабактын жабдылышы : тобурчактар, жалбырактар, жангактын чагылган кабыгы, чийлер, дарбыздын уругу, пласстилин, клепка ж.б.

Сабактын жүрүшү: Тарбиячы: Балдар, карагылачы, биздин тентек балдар жаратылыш бурчун аябай чачып, аралаштырып салыптыр, келгиле иретке келтирип алалы, баарын өз-өзүнчө бөлүп чыккыла, эмнелер бар экен? (Балдардын жообу).

Туура тобурчак, жаңгактын кабыгы, дарбыздын данеги, өрүктүн данеги, жалбырактар. Баарын иреттеп алдык окшойт, бүгүн биз силер менен ушул жаратылыш материалдарынан эң бир кооз нерселерди жасап көрбөйлүбү. Аны үйүңөргө алып барып чоң ата, чоң энеңерге «мен» жасадым — деп берсеңер аябай сүйүнөт. ИЗО же конструирование сабагы боюнча жасалуучу же тартылып алынган сүрөттөрдү көргөзүү менен эмне жасаса боло тургандыгы тууралуу аңгемелешет. М: Жаңгактын тең бөлүкчөсүн пласстилинге жабыштыруу менен таш бака жасаса болот, жалбырактан көпөлөк жасаса болот. Дарбыздын данегинен ар түрдүү гүлдүн силуэтин түзсө болот ж.б.

Тобурчактан корзина жасаса болот. Кана, балдар ким кайсы жерге отургусу келсе, ошол жакка отуруп, ишке киришебиз. Балдар иштеп жатканда магнитофондон музыка акырын жаңырып турат. Кыдырып басып балдарга жекече жардам көргөзүп турам, иш менен алагды кылып, колунан келбеген жөндөмү жок балдарга эң жок дегенде тобурчакка тоголок баш, узун бут жасап робот жасасаң болот — деп кеңеш берем.

Балдар чарчап кетпес үчүн музыканы чоңойтуп коюп, ритмикалык гимнастика жасап музыканын ыргагына жараша балдар эркин бий бийлешет.

Жумуштарын жасап бүткөндөргө жекече анализ берилип, оюн ойной берүүсүн сунуш кылуу менен сабак жыйынтыкталат.

*Отуз биринчи сабак.*

Тема: Жомоктор дүйнөсүнө саякат.

Максаты: Балдарга айтылган жомоктун мазмунун түшүнүүгө, жомоктун каармандарын билүүгө, аларга туура көз караш менен баа бере билүүгө, берилген суроого так, толук жооп бере билүүгө, ролдогу каармандардын оң жана терс жактарын түшүнө билүүгө үйрөтүү. Жомок жанры боюнча балдардын эске тутуу жөндөмдүүлүгүн бышыктоо.

Сабактын жабдылышы: Жомок боюнча сүрөттөр, юла, ширма, куурчактар, сандыкча, жомоктогу, каармандардын атрибуттары.

Сабактын жүрүшү:

1. Ишенимдүү сүйлөшүүлөр.

-Балдар бүгүн силер мага аябай өзгөчө көрүнүп турасыңар, көңүлүңөр жайдары, кабагыңар ачык, жакшынакай кийинип алыпсыңар, бизди курчап турган айлана-чөйрөбүз да кооз болуп калыптыр, бакчаларыбызда байчечекей гүл ачыптыр. Эми балдар келгиле бүгүн биз мына бул оюнчук юла менен сабагыбызды өтөлү. Стол үстүндө көп суроолор жатат, юла тегеренип кайсы суроого туш келсе ошого жооп кайтаралы.

Баарыбыз тегерете отуралы. Оюнду баштайбыз.

(Юля айланат, туш келген суроолор окулуп жооп бериле баштайт).

1-суроо: Кайсы жомокто абышка-кемпир жумуртканы сындыра албай калчу эле?
Жообу: Чаар токо.
2-суроо: Кайсы жомокто карышкырдын кардын ким жарчу эле?
Жообу: Карышкыр менен жети улак. Эчки мүйүзү менен сүзүп жарат.
3суроо: Сандыкчанын . ичиндеги кийимдер кайсы жомокко керектүү?
Жообу: Кызыл топучан кыз. «Маша жана аюу» жомогу үчүн. «Узун мурун Буратино» үчүн.
Ар бир жаныбарлардын атрибуттары же маскасы — Мунара жомогу үчүн ж.б.
4-суроо: Сүрөттө кайсы жомоктор тартылган? (Беш, алты сүрөт көргөзүлөт).
Жообу: «Кар кыз», «Ханыша бака», «Аюу менен чиркей», «Түлкү менен кене», «Чыпалак бала», «Май токоч» ж.б.
5-суроо: «Ырыс алды ынтымак» деген жомокту инсценировкалоо. (Каалаган балдар өздөрү чыгып жомоктун мааниси боюнча чакан оюн-сценка көргөзүшөт, алып баруучу тарбиячы өзү болот).
6-суроо: Манжа куурчактар менен ширманын артында ойноо. (Балдар өздөрү жакшы билген жомокторунан тийиштүү манжа куурчактарды тандап алып, ошону менен ролду аткарышат).
Жакшы аткарган балдарга өзгөчө мактоо менен балдардын ар бири өз алдынча жомоктогу каармандын ролун аткарууга багыттоо менен сабак жыйынтыкталат.

*Отуз экинчи сабак.*

Тема: Талааларда эмне өсөт?

Максаты: Балдарды айыл жериндеги дыйкандардын мандай тери менен, эмгек менен жаралган дан эгиндери менен тааныштыруу, алардын күндөлүк жашоодогу орду тууралуу кеңири түшүнүктү берүү менен балдардын эмгекке болгон сүйүүсүн тарбиялоо.
Сабактын жабдылышы: Сүрөттөр, тандалып алынган элдик оозеки чыгармалар, табышмактар, ырлар, дан эгиндери салынган идиштер.

Сабактын жүрүшү: Тарбиячы : Балдар карагылачы, азыр биздин чоң аталарыбыздын, агаларыбыздын, айыл жеринде жашаган туугандарыбыздын баарынын колдору бошобой, жанталашып жер айдап, дан эгиндеринин үрөндөрүн талаага сээп айдап жаткан учуру. Азыр трактор менен жерди айдап, тырмап, үрөн себишет да, жайлата ага жер семирткич чачып, сугарып багышат, күзүндө бышканда комбайн менен чаап алып ун кылышат, малга жем кылышат. Азыр мына бул идиштерге салынган дан азыктарын карап көргүлөчү, булардан эмне жасалаарын билесиңерби? (Балдардын жообу).

1. Буудай. Буудайдан ун жасалат, ундан ар түрдүү нандар, булочкалар, печеньелер, торттор, кесмелер, ар түркүн макарондор жасалат.
2. Арпа. Арпаны тегирменге тартылгандан кийин талкан пайда болуп, андан жарма жасалат, ал эми өзү болсо малга жем катары да колдонулат.
3. Таруу. Тарууну тазалап кыргыздар бозо кайнатышат, ботко жасашат.
4. Жүгөрү. Мындан да тегирменге салынгандан кийин ар түрдүү дан азыктарын даярдашат, унунан кукурузный палочка жасалат, ар түркүн макарондор даярдалат, бозо да кайнатса болот ж.б.
5. Күрүч. Мындан силер күндө эле жеп жаткан ботко (каша) даярдалат. Конокторго сыйлуу тамак катары палоо (күрүч) басылат, ар түркүн тамактар жасалат.

Көрдүңөрбү балдар дан эгиндеринин бизге кандай пайдасы бар экендигин, нан болбосо күнүгө эт жесеңер да курсагыңар тоймок эмес, ошондуктан нандын көп болгону абдан жакшы, нанды сыйлаш керек, тебелебеш керек, ыргытпаш керек. Эгиндер жакшы өсүп, жаан-чачын аз болуп, убагында сугарылып, багылып турса түшүмү мол болот. Ошон үчүн азыр мен силерге бир жакшы ыр окуп берейин , угуп тургула !

Күн, суу,
Эгер булар болбосо,
Өмүр кантип гүл ачмак.
Кудурсти түгөнгүс,
Күнгө, сууга ырахмат!

Ачкан адам ушу экен,
Жашообуздун башатын.
Баарыбызга бак берген,
Баба дыйкан жашасын !

Кандай жакшы жазылган ыр, келгиле балдар ушул ырды жаттап алалы, кайра кайталап окуймун; балдар эстерине тутуп калгычакты 2-3-ыйра окулат.

Физминутка. Пантомимо: Жаан жаап жатат, кол чатырды жайдык, корголодук, күн тийди, суу болдук, эгиндер ыргалды, баш көтөрдүк.

Азыр мен табышмак айтам, ойлонуп туруп тапкыла, мен бул сөздү сабактын башталышынан бери бир нече жолу кайталап айттым, эсиңерде калды болуу керек.

Табышмак : Аргымактай жулунган,
Ак буудайды сугунган.
Тазаланган кызыл дан,
Барасында чубурган. (комбайн).

Кана балдар, бул эмне жөнүндө айтылды, ким табат? Балдар таппай калса табышмактын ар бир сабын жөнөкөйлөштүрүп түшүндүрүү менен, жандырмагын табууга багыт берүү менен сабак жыйынтыкталат.

*Отуз үчүнчү сабак.*

Тема: Оюн-викторина. «Ким көп билет?» Жыйынтыктоочу сабак .

Максаты: Балдарга «Ким көп билет?» оюн-викторина аркылуу жыл бою өтүлгөн теманы кайталоо менен алардын алган билимин текшерүү, бизди курчап турган жаратылыштын ар түркүн кубулуштарын терең байкоого, жашоо тиричилигибизге тийгизген пайдасы жөнүндө, аларга аяр мамиле жасоого, боорукерликке тарбиялоо.

Сабактын жабдылышы: Ар түрдүү сүрөттөр, жыл мезгилдери чагылдырылган сюжеттүү сүрөт-плакаттар, баракчалар, өтүлгөн темалар боюнча колдонулган материалдар.

Сабактын жүрүшү: Жыйынтыктоочу сабак оюн түрүндө өтүлөт. Балдар эки командага бөлүнөт, оюн мелдеш түрүндө өтүлөт, жеңген командага сыйлык үчүн оюнчуктар берилет,

сыйлык үчүн ата-энелери спонсор болушат, алар да оюнга катышат.
Ишенимдүү сүйлөшүүлөр жүргүзүлөт. Балдар жаратылышты коргоо — деген сөздү кандайча түшүнөсүңөр, кантип коргошубуз керек? (Балдардын жообу).
-Туура, айланабыздагы бак-дарактарды сындырбоо, гүлдөрдү үзбөө, мөмө-жемиштерди сындырбай акырын терип алуу, айлана-чөйрөнү таза кармоо, кереги жок таштандыларды көрүнгөн жерге таштабаш керек.
Дидактикалык оюн «Жаман-жакшы».
Эки командага өздөрүнө каалаган аттарын коюшат.
1-суроо: Жыл мезгилдерин атагыла жана алар тууралуу билген ырларыңардан айтып бергиле ?
Жооп: Жаз, жай, күз, кыш.
А.Токтомушев. Мезгил ыры. (Тарбиячы көркөм окуйт, балдар маанисине жараша жыл мезгилин табышат).

Бака чардап, күн жылып,
Муз жарылып, кар эрип.
Жайнап түркүн гүл ачып,
Жер кулпунган бой керип.... (Жаз)
Асман ыйлап жаш агып,
Жамгыр төккөн себелеп.
Эгин кылка баш алып,
Жемиш бышкан мөмөлөп. .... (Жай)

Бош калып гозо чанагы,
Терилип кебез, ак буудай.
Аңызда калып сабагы,
Кампага түшкөн ак буудай... (Күз)

Жалбырак куурап, гүл соолуп,
Ой-тоону күмүш кар баскан.
Өзөндө сууга муз тоңуп,
Төрт мезгил туру алмашкан.... (Кыш)

2-суроо. Өзүбүздүн бала бакчанын айланасында өскөн бак-дарактардын аттарын атагыла ?

Жооп: Ак кайың, күмүш терек, кара бак, четин, мырза терек, сирень, тал , мөмөлүү бактар, карагат, малина өрүк.

3-суроо: Кыштоочу жана жылуу жактарга учуп кетүүчү канаттуу куштар кайсылар?

Жооп: 1. Жылуу жакка учуп кетүүчүлөр: чабалекей, кара чыйырчык, күкүк, үпүп, торгой, булбул, каркыра, каз-өрдөктөр ж.б.

2. Кыштоочу канаттуулар : Чөкө таан, тоңкулдак, карга, таранчы, ала карга, көгүчкөн, бактиек, сагызган ж.б.

4-суроо: Жаратылышты сүрөт аркылуу чагылдыруу. (Балдарга эки командага тең барак таратылат, 2-3 мин ичинде өздөрү каалаган сүрөтүн тартышат, ойлорун айтышат, ким эмне тартты).

Жооп: М: суу, жаан, тоо, көл, гүл, бак ж.б.

5-суроо: Бактарда эмне өсөт, огороддо эмне өсөт?

Жооп: 1. Бактарда: алма, алмурут, жүзүм, өрүк, кара өрүк, чие, алча ж.б.

2.Огороддо: помидор, ашкабак, бадырац, калемпир, картошка, сабиз, пияз.

6-суроо: Эки команда тең жаратылышка байланышкан ырларды ырдап бергиле.

Жооп: М: «Карагат», «Бүлдүркөн», «Ай чыкты карачы», «Көк жылгаяк» ж.б.

7-суроо: Дидактикалык оюн: Бул кайсы бактыкы? (Балдар тегерете турушат, залдын көрүнүктүү жеринде бактардын түрү жалбырактары менен тартылган сүрөттөр илинген, мурунтан терилип келген жалбырактар чачылат, балдар бир өнчөйүн терип алып, кайсы бакка тиешелүү болсо, ошол сүрөттүн жанына чуркап барып туруп калат. Бат тапкан команда жеңүүчү болот).

Суроолорго толук жооп берилгенден кийин, ким көп желекче чогултса, ошол команда жеңүүчү болот, балдардын баарына оюнчук-приздер берилет. Ошентип сабак жыйынтыкталат.

# ПАЙДАЛАНГАН АДАБИЯТТАР:


1. Анаркулов. «Кыргыз эл оюндары» . Бишкек «Кыргызстан» 1991 ж.

2. Кыргыздар. Түзгөн К.Жусупов. «Санжыра, тарых, мурас, салт». Бишкек. «Кыргызстан» 1991 ж. 1-2 том.

3. С.М.Абрамзон. «Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи». Фрунзе «Кыргызстан» 1990г.
4. Токторбаев Саты. «Өспүрүмдөр оюндары». Бишкек 1991ж.

5. Л.В.Былеева, В.И.Григорьев. «Игры народов СССР» Москва. «Физкультура и спорт». 1985 г.

6. Балаты. Хрестоматия. Фрунзе «Мектеп» 1989 ж.

7. «Байчечекей» журналдары. Керектүү сандарынын баары. 1992 – 1993 ж. 1997 ж. № 1 - № 12.

8. Наристе. (Бөбөктөр үчүн хрестоматия). Мектеп басмасы. Фрунзе — 1989 ж.

9. Койчуманов Жумаш Ыбырай уулу. Элдик педагогиканын берметтери. (Кыргыз макал-ылакаптары педагогикалык аспекте). Бишкек — 1998 ж.

## МАЗМУНУ


Бейшебаева Жанымгүл ........................................ 4

Бала бакчаларда балдарды окутууда жана тарбиялоодо улуттук педагогикалык оюндарды колдонуу ........................................ 5

Балдардын эске тутуу жөндөмдүүлүгүн өстүрүүчү оюндар ........................................ 7

3 жаштан 7 жашка чейинки балдарга «Ыйман» сабагын окутуунун болжолдуу программасы ........................................ 14

4 жаштагы балдар үчүн «Жаратылыш» (экология) сабагын окутуунун болжолдуу программасы ........................................ 25

5 жаштагы балдар үчүн «Жаратылыш» (экология) сабагын окутуунун болжолдуу программасы ........................................ 76

Форматы 60x84 1/16 Көлөмү 11,43 б.т.
Офсеттик кагазга басылды.
Нускасы 100 даана.

«Абыкеев А.Э.» жеке менчик басмасы
Бишкек шаары, Абдумомунов көч., 193,
Тел. 62-20-48